Скыр Л.
Т'-13

ЖЕҢИШ ТАГАЕВ

# Бир жылда эки жаз келбейт



◊ Поэзия ◊



**Жеңиш менен Зууракан**

*Ээси болуп бул жашоонун экөөбүз,*
*Эгиздердей өмүр сүрүп келебиз.*
*Этегинен кармап ыйык күндөрдүн,*
*Энчибизди уул-кыздарга беребиз.*

17

*Жеңиш ТАГАЕВ*

# БИР ЖЫЛДА ЭКИ ЖАЗ КЕЛБЕЙТ

• *Ырлар*

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 49553

Жалал-Абад – 2012

Тагаев Жеңиш.

БИР ЖЫЛДА ЭКИ ЖАЗ КЕЛБЕЙТ
Ырлар – Ж.: 2012 - 280 б.

Автордун тун жыйнагына өмүрдүн маңызы, жаратылыш, трууган жер, Мекен, аруу тилек, махабат жагдайын баяндаган ырлар топтолду. Лирикалык каармандын ички миң түркүн толгонууларын баяндоодогу нагыз чынчылдык – бул китептин артыкчылыгы деп койсок болот. Китеп жаштарга, адабият сүйүүчүлөргө жана жалпы эле көркөм табити өскүлөң окурмандарга арналат.

© Тагаев Ж., 2012-ж.

## ПОЭЗИЯ ААЛАМЫНА ТАШТАЛГАН КАДАМ

Жеңиш Тагаев аттуу автор кыргыз адабиятына эми гана аралашып олтурат. Албетте, пайгамбар жашы курактан өтүп калган адамдан чү дегенде эле поэзиядагы ири ачылышты күтүүгө болбосо деле керек. Бирок анын ырларындагы чынчылдык, табигыйлык, нукура элдик ыкма жана ийгиликтүү чыккан табылгалар автордун ыр жаратуу жаатында такай алектенбегени менен өмүр бою көкүрөгүнө көркөм ой түнөтүп, жан дүйнөсүндөгү көрөңгөнү сактап калууга гана жетишпестен, аны тынымсыз өркүндөтүп, байытып келгенин далилдейт. Айталы,

Иштеп тапкан байлыгың жардай көчүп,
Ич дүйнөңдү сыздаткан дарт курусун.
Ийне жуткан итке окшоп жүгүрүнгөн,
Ийилбеген пайдасыз салт курусун,- деген сыяктуу

ырлары анын турмуштук тажрыйбага ээ болуп, баштан жакшы-жаманды көп өткөрүп, каныгып калган адамдын чыгарган жыйынтыгын таасын чагылдырат. Ал эми:

Көргөндүн көзү сүйүнөр,
Көркөмүң сонун Ала-Бел.
Көрүнөт укмуш төрт мезгил,
Кучактап тоолуу теребел,- деген сыяктуу

ырлар автордун табият көрүнүшүн, пейзажды, көз көрүп турган нерсени көркөм баяндоого дарамети эбак эле жетип, такшалып калганын айгинелейт.

Сүйүүнү ырдабаган акын болбойт, бул темага Жеңиш Тагаев да кеңири кайрылат. Натыйжада анын калеминен:

Жамалың толгон ай беле,
Жандууда сендей бар беле.
Жактырып сүйгөн адамга,
Жашырган сырың бар беле...

* * *

Балкытып дене жибиткен,
Балапан жытың бар эле.
Укканда жанды ээриткен,
Сөздөрүң сенин бал эле...

* * *


Сүйүнткөн күндө сөздөрүң кана, Сезимге селдей акпайбы кайра.

Санаага салдың суроксыз соттоп,
Сендейди сүйгөн мендейге чала... – деген сыяктуу көңүлгө таасын орноп кала турган канаттуу саптар жаралган. Айтор анын ырларын толук окуп чыккан адам автор тынымсыз изденүүдө жүргөнүн, канаттуу ырларды жаратсам деген изги тилеги бар экендигин баамдабай койбойт.

Кыргызда "Жазганы жаза кетпеген" (Байдылда) бир гана Чыңгыз Айтматов бар, калган бардыгыбыздын көркөм табылгаларыбызда алашемдик менен кемчилик учурабай койбойт. Анын сыңарындай Ж. Тагаевдин жыйнагында да уйкаштыгы аксаган, айтайын деген ою аягына чейин жетпей калган, жеткире иштелбеген ырлар учурайт. Мунусун автор өзү да мойнуна алып:

Алыкулдай жакшы акын боло албадым,
Асыл ойду Барпыдай айта албадым.
Аккан суута кошулган жылгалардан,
Агын издеп булактай ага албадым,- деп жазган жайы бар. Бирок андай алашемдиктердин бардыгын лирикалык каармандын элеттик кыргызчылыгы, нукуралык, жупунулук, таасын чыккан табылгалар көшөгөлөп турат. Канткен менен бул жыйнак автордун алгачкы канат сермеши, поэзиянын асманында кимдин жылдызы кандай жанарын ким билет? Балким Жеңиш Тагаевдин кийинки жыйнактарында ошондой бийиктик байкалып калар, минтип үмүт артууга анын көпчүлүк ырлары толук негиз берет. Айтор калган сөз окурмандар, сиздердики, окуңуздар, талдаңыздар, баалаңыздар. Ал эми авторго кааларыбыз, поэзия ааламына таштаган кадамыңыз шыдыр болсун!

**Самидин СТАМБЕКОВ,**
*акын, Кыргыз Улуттук Жазуучулар союзунун башкармалыгынын мүчөсү.*



*Араңарга, туугандар,*
*Жеңиш келди...*

## ТУУЛГАН ЖЕРИМЕ

Ыйык жердин ыйыктыгы колдосун,
Ынтымактуу элим дайым бар болсун.
Ырыскысын чачкан ар бир бүлөгө,
Ырыскылуу Ачым – үйү мундуздун.

Көктү тиктеп теңириме кол созуп,
Мал киндиктүү жашыл төрүм жайкалат.
Улуу тоолор курчап куттуу жеримди,
Түптүү элди бейиш төргө чакырат.

Жер ооматы, эл ооматы бир келген,
Жараткандын мээриминен төгүлгөн.
Ыйык атты көзгө сүртүп жашайлы,
Мундуз үчүн Ачы кымбат өмүрдөн.

## ИЧКИ СЫР

Кызыгын самап дүйнөнүн,
Каймагын калпып сөздөрдүн.
Калкыма жазар ырым көп,
Кудайга жетсе тилегим.

Актыгын самап дүйнөнүн,
Ачуусун жутуп сөздөрдүн.
Айтууга элге ырым бар,
Аллага жетсе тилегим.

Окуган жандар сагынар,
Омоктуу ырлар табылар.
Оргуштап аккан суулардай,
Ойлорду жууп тазартар.

Жазылган ырдын түзүгүн,
Жактырсаң сага берейин.
Жакпаган ырды дубалап,
Жолотпой алып жүрөйүн.

Айтылган ырдын түзүгүн,
Алам де сага берейин.
Адашкан ырды дубалап,
Азабын өзүм көрөйүн.

## АПАКЕМ ЖАНА БИЗ

Айга колум жетсе да,
Алтынды тоодой үйсөм да.
Айланып кайра келмекмин,
Апакем бар айылыма.

Күнгө колум жетсе да,
Күмүштү тоодой үйсөм да.
Кайрылып кайра келмекмин,
Күн апам бар айылыма.

Жүгүрсөм жандап жүгүргөн,
Жакшы сөз айтып бир күлгөн.
Жолдошум болмок жанымда,
Жылдыздай уул, кыз ээрчиткен.

Сүйүнсөм кошо сүйүнгөн,
Сүйүнүч кетпей жүзүнөн.
Сүйүктүүм болмок жанымда,
Сүймөнчүк уул, кыз ээрчиткен.

Апакем бар – биз барбыз,
Алтындай күндө жашайбыз.
Ашыккан ушул заманда,
Алтынды айга чачабыз.

Күн апам бар – биз барбыз,
Күнүгө күлүп жашайбыз.
Күүлөнгөн ушул заманда,
Күмүштү күнгө чачабыз.

## БАЛА ЧАК

Сүт эмген сүйкүм бала чак,
Сүйкүмүү жанды жыргатат.
Суратпай келчи бир ирет,
Сүйүнсүн жүрөк жалындап.

Толкуну күчтүү бала чак,
Толкусаң көңүл кубанат.
Тартынбай келчи бир ирет,
Талпынсын жүрөк жалындап.

Ай өпкөн сулуу бала чак,
Ажарың жанды жыргатат.
Айттырбай келчи бир ирет,
Ачылсын жүрөк жалындап.

Жылдыздар көктү саймалап,
Жарыгын жерге таратат.
Жанашып келчи жаныма,
Жылдызың жанып бала чак.

## БАКТЫЛУУ ҮЙҮМ БАЗАРБЫ

Кылыгы кымбат жаштык кез,
Көрүнбөй менден кеттиби.
Кол куушуруп карылык,
Кут конгон үйгө кирдиби.

Санаага үйүп сагыныч,
Сүйүүлөр узап кеттиби.
Сүйүнүп тапкан балдардын,
Сүйүүсү күүнү черттиби.

Бактылуу үйүм базарбы,
Бапырайт уул, кыз – балдары.
Биринен бири жакшы деп,
Белимчи болуп жашаймбы.

## КУДАЙЫМДЫН БЕРГЕНИ

Таалайымдан таңы атты,
Тунуктугун карачы.
Табылбаган эч жерден,
Таттуу өмүр жаратты.

Кубанычтын таңы атты,
Көркөмдүгүн карачы.
Көрүнбөгөн эч жерден,
Кызык өмүр жаратты.

Көрктүү ушул дүйнөнү,
Кудайымдын бергени.
Кучак жайып жашоого,
Көбөйтөйүн күлкүнү.

Асыл жанга акылды,
Алла берет турбайбы.
Арттырайын үмүттү,
Арбытып ой чабытты.

Кубанып өмүр сүрөйүн,
Көңүлдүн баркын билейин.
Өркөнү өскөн заманда,
Өмүрдү сыйлап өтөйүн.

Сүйүнүчтүн таңы атты,
Сулуулугун карачы.
Суктаналы баарыбыз,
Сонун жашоо жаратып.

## ӨЗҮМӨ

Көңүл кушун учуруп көкөлөйүн,
Кулдук уруп калкыма чөгөлөйүн.
Кайраты күч ырларды жаратсам да,
Кичирип бараткандай көрүнөмүн.

Алыска алгыр куштай көкөлөйүн,
Алдында калың элдин чөгөлөйүн.
Алсам да алдууларды ырым менен,
Арыктап бараткандай көрүнөмүн.

Обого бүркүт болуп көкөлөйүн,
Олжолуу эл алдында чөгөлөйүн.
Ойлонбой жетсем дагы көздөгөнгө,
Ооруга алдыргандай көрүнөмүн.

Кыйгаган тагдырлардын татаалдыгы,
Көрбөгөн көз оорума айландыбы.
Калкыма бир кайрылып өтөйүнчү,
Кусалык менден башка жанда барбы.

## БИЛДИРҮҮ

Токою жок, адыры көп жерденмин,
Адырлардай аппак аруу тилегим.
Шамал өпкөн, аптап өпкөн жүзүмдөн,
Билгиземин токчулуктун белгисин.

Билгендерге мал киндиктүү жерим бар,
Билбегенге кенендиктин баары тар.
Жылдыздардай санагына жетпеген,
Ачымда азыр жылдыздай көп байлар бар.

Адырымды аралаймын күнүгө,
Алып кубат аптабынан өмүргө.
Ажысы көп, байлары көп Ачыдан,
Акын чыкпай калабы деп күйүнбө.

Адырларды жазбай тиктейт көздөрүм,
Алып кубат шор суусунан ичемин.
Ажал жетип чын дүйнөгө кеткенче,
Ачым билгин акының мен экенин.

* * *

Чаңкаганга булакмын,
Чарчаганга кубатмын.
Чыйрыкканга дабамын,
Чыр чыгарса суракмын.

Билбегенге билгизем,
Билим сүтүн эмизем.
Баалап билимдүүлөрдү,
Баркын бийик көтөрөм.

Сокурлардын көзүмүн,
Сакоолордун сөзүмүн.
Саяпкери күлүктүн,
Сынчысымын жүрөктүн.

## КУРУСУН

Иштеп тапкан байлыгың жардай көчүп,
Ич дүйнөңдү сыздаткан дарт курусун.
Ийне жуткан итке окшоп жүгүрүнгөн,
Ийилбеген пайдасыз салт курусун.

Кызыгы жок укканга сөз курусун,
Көрө албаган жашооңду дос курусун.
Кызыл кымкап жамынып кырда жүргөн,
Кыйкырсаң да келбеген жаш курусун.

Барды барктап байлыгын бекем сактап,
Билинбеген башкага бай курусун.
Багын ачпай ойлордун соймоңдогон,
Баарын жуткан ооздогу тил курусун.

## БАЛАЛЫКТЫН БУЛАГЫ

Бактылуу бир бүтүндүктү сактайын,
Бириндебей жакшылыкка ыктайын.
Балалыктын булагынан суу ичип,
Бул дүйнөдө бала бойдон калайын.

Канат кагып бийиктерге учайын,
Кыялаган кыялдарды табайын.
Колдого алып кырчын курак жаштыкты,
Кызыктырган көктөм ырды жазайын.

Түбөлүктүү жашообуздун жарчысы,
Түбү түптүү тоолор бийик карачы.
Таза бойдон, тунук бойдон жашамак,
Тандай билген тоону кыргыз баласы.

Көзүм барда көрүп өтүү милдетим,
Кучагында келген күндүн көркөмүн.
Кытыгылап сезимдерди ойготкон,
Кыялдарым тоого учурат үмүтүн.

## СҮЙҮНҮҮ

Көбөйтүп күндө даңкымды,
Көтөрүп элге баркымды.
Ооматты бердиң ырыма,
Оозанбай жаман жагымды.

Багыма турам ташкындай,
Бааланып сөзгө ар кандай.
Чын өмүр бердиң ырыма,
Чырымды жаман чыгарбай.

Сайратсаң булбул багымда,
Сыйына баттым чынында.
Сүйлөсөм сөзүм түгөнбөйт,
Сүйүнүп берген ырына.

## КҮЙҮП-ЖАНДЫМ

Кумурскадай мээнеткеч боло албадым,
Канаттуудай көкөлөп уча албадым.
Караан болуп жөн гана адамдарга,
Кучагына ырлардын толо албадым.

Алыкулдай жакшы акын боло албадым,
Асыл ойду Барпыдай айта албадым.
Аккан суугa кошулган жылгалардан,
Агын издеп булактай ага албадым.

Сынчылардын сынына толо албадым,
Сыйкырына туруштук бере албадым.
Сурап алар адамы жок акындай,
Сурак берип күнүгө күйүп-жандым.

## ТАРТЫЛУУ

Өмүрдүн көрө билген асылдыгын,
Өзгөргөн табитиме жол ачамын.
Өлчөөгө албай такыр билгенимди,
Өзгөгө жарык чачып уланамын.

Жашоонун тандай билген жакшы жагын,
Жаңырган табитиңе жол ачамын.
Жаңылбай айтыш үчүн билгенимди,
Журтума жарык чачып уланамын.

Кызыктырган кыйланы кызык жагым,
Кытыгылап сезимди ыр жазамын.
Карылыктын казанында кайнабай,
Кырчын курак кырк жашка тартыламын.

## ЫРЫМА

Капкагын ырдын ачайын,
Калтырбай баарын айтайын.
Күүлөнүп келген маарага,
Күлүгүн ырдын жазайын.

Эшигин ырдын ачайын,
Эсепсиз ырлар табайын.
Эртелеп келген маарага,
Эл сүйгөн ырды жазайын.

Тунук ой, таза сезимим,
Толтурчу көңүл бөксөсүн.
Талыкшып денем баратат,
Табыбы болчу жүрөктүн.

Сүйүнткөн күлүк тилегим,
Сүйүнтчү күчүң көрөйүн.
Сыркоолоп жаным кыйналды,
Сүйүүңдүн сайчы үкөлүн.

Күн менен чыгып чыгыштан,
Күнүнө нурун мен тартсам.
Кудайы болчу оюмдун,
Колдоого алып ар качан.

## АЛЫП КЕЛДИ

Араңарга туугандар Жеңиш келди,
Алтымыштын төрт кырын ашып келди.
Арзуу кылар ырларын силер үчүн,
Арыбаган тулпарга артып келди.

Жаныңарга туугандар Жеңиш келди,
Жети дубан жергесин басып келди.
Жаз жыттанган ырларын силер үчүн,
Желдей учкан тулпарга артып келди.

Кызыгына күндөрдүн батып келди,
Карегине көркөмүн артып келди.
Көлдөсүзгөн ак куудай жаңы ырларын,
Канатына кыялдын катып келди.

Күнгөйүндө жергемдин күнгө күйбөй,
Күн кеч тийген тескейге имерилбей.
Кымыз жыттуу ырларды алып келди,
Кыргыз үчүн ченемин кемиттирбей.

## ОРОШОН ОЙ

Орошон ойду айткым бар,
Отузга кайра кайткым бар.
Оюнга тойбой күүлөнүп,
Отузда жүз жыл жүргүм бар.

Кызыгын ойду айткым бар,
Кырк жашка кайра баргым бар.
Кылыгы кымбат куракта,
Кылымдап сайран курбум бар.

Жаштыктын доорун көргүм бар,
Жолунда жорго мингим бар.
Жолумду ачса теңирим,
Жайлоолоп жүз жыл жүргүм бар.

Суктанткан күнгө баргым бар,
Сагынтып жорго мингим бар.
Сүйүнтүп алган теңимди,
Сүйүнүп жүз жыл жүргүм бар.

## АЙЫЛЫМ

Айылым деп жашаймын,
Айылым деп ырдаймын.
Айылыма көп берерим,
Ашыкча мүлк жыйбаймын.

Айылымда көңүл ачамын,
Аралап ыр жазамын.
Ай чырайлуу жаштар көп,
Арттырам жашоо кумарын.

Айылым менин айылым,
Ардактап сүйгөн тарыхым.
Ай чырайлуу жаштар көп,
Абайлап Алла сактагын.

Көрктөнгөн менин айылым,
Көзгө сүртөр тарыхым.
Күн чырайлуу жаштар көп,
Кырсыктан кудай сактасын.

Кылымга жаша айылым,
Кылымга тийсин жарыгың.
Күнүгө жашоо улантып,
Күнүгө кайра жашаргын.

## БИЛБЕЙ КАЛДЫМ

Билген жанга мүрөк суудай керекмин,
Билбегенге жөнөкөй бир пендемин.
Жарык менден улам барат алыстап,
Жоготкондой карегимде өз күчүн.

Алдын ала келген өңдүү бүтүмгө,
Алкоо сөздөр аз айтылып бул күндө.
Арбактарга куран окуу көбөйдү,
Атка минген алтымыштын үстүндө.

Куру сөзгө кайнабады казаным,
Кудайладым, бийиктикти самадым.
Колдон келген табылгамды тартуулап,
Карыганда жаман акын аталдым.

«Билбейм азыр кандай ойдо катарым»,
Бечел сымал бечара ырды жазамын.
Бет алдымдан чыга калса Алыкул,
Бетке тарам эмнени деп капамын.

Шылдыр үнүн уксам дагы булактын,
Шыбагасын энчи кыла албадым.
Шашып өткөн желге тоспой жүзүмдү,
Шашылбаган кашаң акын аталдым.

## ЖАЗГА ТААЗИМ

Көтөрүп элдин маанайын,
Келдиңби көрктүү жаз айым.
Кең ааламды нурдантып,
Көңүлдүн кирин чайкагын.

Жоомарт мүнөз жаз айым,
Жайылып кенен кулачың.
Жарыгың чачып жергеме,
Жүрөктүн кирин чайкагын.

Улугу айдын жаз айым,
Умтулуп алга жашагын.
Убайга салбай тынчтыкты,
Улуттун кирин чайкагын.

Жылдызы көп жаз айым,
Жымыңдап көпкө жашагын.
Жаадырып жакшы тилекти,
Жаштыктын кирин чайкагын.

Бала мүнөз жаз айым,
Баарланып барктуу жашагын.
Боз чалган ойду тазартып,
Балалык кирди чайкагын.

## МУНДУЗ АЙЫЛЫМА

Келтирген оозго сөз даамын,
Көркөмдүү Мундуз айылым.
Койнуңда жүрөм эркелеп,
Көтөрүп көңүл ырларын.

Сүйүнткөн берип сөз даамын,
Сүйүктүү Мундуз айылым.
Саамайын күндө сылаймын,
Сулуулап көңүл ырларын.

Бааланган менин айылым,
Барымды сага арнаймын.
Байлыгы күчтүү байлардай,
Бактылуу күндө жашадым.

Маңдайга бүткөн байлыгым,
Муңайтпас Мундуз айылым.
Мончоктой ырын аябай,
Миңдин бири балаңмын.

Таалайлуу Мундуз айылым,
Тартылат көзгө карааның.
Толкуган элдин багы бол,
Толкундай толкуп ылайым.

Көрктөнгөн Мундуз айылым,
Көркүңдү мактап ырдаймын.
Күнүмө бергин сулуусун,
Күнүгө күлкү чачайын.

Ыр жандуу элдин багы бар,
Ырыскы чачкан таңым бар.
Ынтымак жүрсүн аралап,
Ырымда Мундуз дайым бол.

Тийбесин көзү көздүүнүн,
Таалайлуу жашоо өткөргүн.
Түбөлүгүң түз болсун,
Тамыры сенде элиңдин.

## ТИЛЕК

Айлыма кайгы түшпөсүн,
Айланып чоочун кирбесин.
Ай маңдай назик сулууну,
Азгырып уурдап кетпесин.

Көчөмө кайгы түшпөсүн,
Кызыгып чоочун кирбесин.
Күн өпкөн назик сулууну,
Коркутуп уурдап кетпесин.

Багыма кайгы түшпөсүн,
Билинбей чоочун кирбесин.
Балапан жыттуу сулууну,
Билдирбей уурдап кетпесин.

Жаралган жакшы тилекти,
Жараткан Алла берсе дейм.
Жактырып уулум сулууну,
Жанашып үйгө кирсе дейм.

Бактыма жанган тилекти,
Багынтып Алла берсе дейм.
Булбулдай сайрап багымда,
Балдарым ойноп жүрсө дейм.

## ЭЛЕСИ ЖАЗДЫН КӨРҮНӨТ

Жүзүндө кардын күлүңдөп,
Жашоонун шаңын белгилеп.
Жандырып жаштык кезимди,
Элеси жаздын көрүнөт.

Дарактар шуудур үн салып,
Тамчылар жерге куланып.
Жаз келишин теребел,
Күтөт күндө сагынып,

Бала кыял жаз айы,
Колуңдан бекем кармайын.
Кайрылып келчи өзүмө,
Жүрөктүн черин жазайын.

## КИМ СУЛУУ?

Күн чыкса күн нурунан күнүм сулуу,
Ай чыкса ай нурунан түнүм сулуу.
Эненин ак сүтүнөн кана соруп,
Бешикте уктап жаткан бала сулуу.

Кар жааса адыр сулуу, тоолор сулуу,
Жаз келсе гүлгө оронгон бактар сулуу.
Токтобойт өмүр улап агып жаткан,
Сай-сайда агымы күч суулар сулуу.

Тиктешип тил табышкан көздөр сулуу,
Жүрөктөн орун алган ырлар сулуу.
Уланган узун, кыска өмүрлөргө,
Кылымдан сайран курган жашоо сулуу.

## КЕЛ ДҮЙНӨ

Кел-кел дүйнө, кел дүйнө,
Кемибей колго тол дүйнө.
Кейишке койбой пендеңди,
Күнүгө күлкү бер дүйнө.

Сак-сак дүйнө, сак дүйнө,
Сагынган мүдөөм бол дүйнө.
Санаага түртүп сыздатпай,
Сүйүүмө күндө тол дүйнө.

Кең-кең дүйнө, кең дүйнө,
Көркүнө күндүн тең дүйнө.
Колдоого алар кут болуп,
Көзүмө күндө тол дүйнө.

Бар-бар дүйнө, бар дүйнө,
Баарына бирдей бол дүйнө.
Бааланган тойго айланган,
Баркыма күндө тол дүйнө.

## КҮН КӨРҮНСӨ

Көрүнгөндө күн көктөн,
Күлүмсүрөп тоо күлөт.
Канатын кагып бийикке,
Көкөлөп учуп куш жүрөт.

Көрүнгөндө күн көктөн,
Бетегелүү бел күлөт.
Булбулдар сайрап токойдо,
Булактан аккан суу күлөт.

Көрүнгөндө күн көктөн,
Мал киндиктүү төр күлөт.
Манас айткан жер-жерде,
Манасчы менен эл күлөт.

Көрүнгөндө күн көктөн,
Кызыкка толгон шаар күлөт.
Кымбатка турган жашоодо,
Кудайым берген жар күлөт.

Көрүнгөндө күн көктөн,
Кары күлөт, жаш күлөт.
Каалаган ойго жеткирген,
Көрүнбөс көзгө жан күлөт.

## АЛЛАНЫН ҮЙҮНДӨ

Айылдын орто жеринде,
Алланын аппак үйүндө.
Ааламга жеткен ойлору,
Аталар жүрөт ичинде.

Сүйүнүч толуп дилинде,
Сүйүнүп келген күндөргө.
Салам айтат жаш балдар,
Сулуулук толуп жүзүнө.

Артына кайтпас учурду,
Адаштырып койбойлу.
Актыгын самап жашоонун,
Алладай аппак бололу.

## ЫРЫСКЫЛУУ ЭЛДЕНБИЗ

Балапан байлап куш кылган,
Боорунда тоонун таптаган.
Боорукер кыргыз элденбиз,
Булутту башка жазданган.

Кырына тоонун үй салган,
Карышкыр ичик жамынган.
Күн өпкөн тоолук элденбиз,
Кымызга суусун кандырган.

Кысталышта сөз тапкан,
Кыйчалышта көз тапкан.
Кудайым сүйгөн элденбиз,
Кылымга даңгыр жол салган.

Тоо таянган кыргызым,
Толсун көктө жылдызың.
Тоодой өмүр улагын,
Тоодой толкуп ырыскың.

## ЭСКЕРҮҮ

Оюнга такыр тойбогон,
Балдарды көрсөм ойногон.
Ойногум келип менин да,
Балалык кезди ойлоном.

Балдарды көрсөм жүгүргөн,
Артынан карап сүйүнөм.
Жүгүргүм келип менин да,
Жүгүрүк ойго берилем.

Балалыктын асманын,
Кара булут баспасын.
Канатын каккан кыялым,
Айлансын бала ааламын.

Бала – жүрөк тумарым,
Бала – өмүр кумарым.
Картайган кезде какшанбай,
Бала бойдон калайын.

## ИЧКИ СЫР

Коломтодо күйгөн отту өчүрбөй,
Кырк эки жыл өмүр сүрдүк күлүңдөй.
Көчмөн болуп тириликтин айынан,
Көч улабай бирге болдук бөлүнбөй.

Тапканымды көп дебедиң сүйүнүп,
Тапканымды аз дебедиң күйүнүп.
Таттуу даамды тартуу кылып өзүмө,
Тириликти түптөп турдуң күнүмдүк.

Тез-тез төрөп бала болду эрмегиң,
Тирилик деп алыстарды көрбөдүң.
Түгөнбөгөн түйшүктөрдөн арылбай,
Түгөнбөгөн бакыттарга кезиктиң.

Үч келиниң кызмат кылып алдыңда,
Үйдү бөлөп кубанычка, шаттыкка.
Үйгө батпай неберелер шоктонот,
Үзүлбөгөн үмүттү улап алдыга.

Сени күнгө келип турат теңегим,
Сүйүнбөйсүң, кайра жаман көрөсүң.
Сулуулантып суудай чайкайт жүзүмдү,
Сөзгө чоркок, акылга бай мүнөзүң.

## ЖАРАТКАНГА КАЙРЫЛУУ

Аллага үнүм жетсе дейм,
Жаштыгым кайра келсе дейм.
Шарынан суунун кыялкеч,
Сүйүүмдү кайрып берсе дейм.

Кудайга үнүм жетсе дейм,
Кымбатым кайра келсе дейм.
Сыйкырдуу булак көзүнөн,
Жүзүңдү кайра көрсөм дейм.

## ЖАН ДҮЙНӨ

Сүйүүлөр сүйүүлөрдү кумарлантат,
Өмүрлөр өмүрлөргө уланышат.
Оту өчпөй алоолонгон коломтодо,
Жалындар жалындарга туташышат.

Көңүлдөр көңүлдөрдү көтөрүшөт,
Күлкүлөр күлкүлөрдүн күүсүн чертет.
Жаштыктын жан дүйнөсү безеленип,
Кумарлуу селкисине имерилет.

## ӨЗГӨРӨЛҮ

Саясатты таштайлы,
Саякаттан баштайлы.
Сезимде калар өзгөрбөй,
Сулуусун жердин атайлы.

Саясаттан качалы,
Сергитип башты жазалы.
Суусунду чиркин кандырган,
Сүйүнүп чайдан уурттайлы.

Саясат "жебей" нан жейли,
Сууну да суудай ичели.
Суктанбай башка өлкөгө,
Сулуулайлы жергемди.

Келгиле достор ырдайлы,
Көтөрүп маанай жыргайлы.
Көбөйбөсүн ичкилик,
Куйгула кымыз уурттайлы.

Тойлордо ойноп күлөлү,
Тартуулап жакшы тилекти.
Тазарсын ички дүйнөбүз,
Толкундап актык ичели.

## ДОСТОРУМА ИШЕНЕМ

Жандап жүргөн жакшылыкка кол сунам,
Жакшылардын катарынан жай алам.
Жалган айтпай чындык үчүн жашоодо,
Жарык берген бийиктерге кол сунам.

Үзүлбөгөн үмүттөрдөн үмүттү,
Үзбөй такыр бийиктетем үмүттү.
Үзөңгүлөш достор менен катарлаш,
Үзөңгү тээп бастырамын күлүктү.

Күлкүнү да, күйүттү да көтөрөм,
Көзүм көргөн көрүнүшкө баш ийем.
Кыйын жолдо кыйынчылык кыйнаса,
Колдоп алар досторума ишенем.

## ТӨӨ-АШУУ

Көрсөм да бийик жүз ашуу,
Көркөмдүүсү Төө-Ашуу.
Кылычын колго кармаган,
Күчүндө суук ызгаары.

Ашсам да бийик жүз ашуу,
Айбаттуусу Төө-Ашуу.
Акылга сыйбас укмуштар,
Ак булуттай чыр ашуу.

Ашуудан өтсөң бир ирет,
Коркунуч каптап миң ирет.
Ажалга азыр барчуудай,
Оозуна келме келтирет.

Төө-Ашуу төрдүн сулуусу,
Төө-Ашуу ашуу улуусу.
Кылымдар күбө өзүңө,
Айтылар сөздүн тунугу.

## СЫЙКЫР КҮЧ

Жетимиш жашка жетсем да,
Жетилбей койду канатым.
Жазайым десем жакшы ырды,
Жетпей койду талантым.

Жазбайм деп канча качсам да,
Жамгырдай жашты төксөм да.
Жанымдай кетпей сыйкыр күч,
Жетелейт кайра ырларга.

Жараткан берчи жардамды,
Жазмайдан жаным кыйналды.
Жалгыз Жеңиш эмес ко,
Жакшы ырдын күрөө тамыры.

## ЖЫЛКЫЧЫНЫН ҮЙҮНДӨ

Караңгылык кеткен эбак алыстап,
Таң чакырган короз үнү басылган.
Жолдо келет жалгыз атчан бастырып,
Укуругун колго бекем кармаган.

Өчүп-жанган жылдыздар да көктөгү,
Өмүр чотун бүтүргөндөй бүгүнкү.
Агыш тарткан таң нуруна багынып,
Жылкычыга баш ийгендей көрүндү.

Жайдын жыты магдыратып денени,
Токчулукту тооруп улам өзүнө.
Бүгүн жайлоо бейиш болуп көрүндү,
Бүгүн жайлоо кыз баладай тим эле.

Дүбүртүнөн келген жаңы күндөрдүн,
Аалам демин тыңшагандай боломун.
Кечээгиден кызык болуп бүгүнүм,
Кучагына тартыламын жашоонун.

Кана угуп жылкычынын жомогун,
Кыт-кыт күлүп кымызынан ичели.
Күн нур чачып сүртүп жерге боёгун,
Кызык жашоо бийлеп турду жергемди.

## КЭЭДЕ

Ташты эриткен Жеңиштин ысык деми,
Жылкы берем десең да келбейби эми.
Ай алмашып арадан жылдар өтсө,
Карыганда кереги кимге дейби.

Тоону бузган Жеңиштин тоодой деми,
Тоого керек болгондо келбейби эми.
Ташыркаган туягы жүрө албайт деп,
Тоолуктарым кереги кимге дейби.

Сүйүүгө бек Жеңиштин сүйүү деми,
Сүйүү көлүн көргөнү келбейби эми.
Сүйүшкөндөр ыйык жерди ээлеп алып,
Сыртын салып сүйлөбөй кеткин дейби.

## АТТИҢ АРМАН

Эки келбес бул өмүрдүн,
Этегинен кармaнам.
Ээлик кылуу милдетим деп,
Энчисине айланам.

Бириндеген, бирикпеген,
Бүтүндүктү сезбеген.
Булуттанган жаман ойлор,
Бууланып тез кетсе экен.

Кеткен өмүр, кеткен жаштык,
Кайтып келээр болсочу.
Кайран жаштык кучагыма,
Кайра толор болсочу.

Учар элем алыстарга,
Учар элем башкача.
Угар элем ата үнүн,
Угуу сезим канганча,
Уулум колдон тартканча.

## КЫЗЫК

Канда айланып, канды айланткан,
Кантип чыгам бул дарттан.
Көөдөндө оору толуп-ташкан,
Келди мага кай жактан.

Жаман адам жолун таппайт,
Жолоочудай үн катпайт.
Жалгыздыкты жанга баткан,
Жайып канат кучактайт.

Келдим кайдан, барам кайда,
Кол бердимби шайтанга.
Куру ойлор, куру санаа,
Колтуктайт кай тарапка.

Имерилем кайра-кайра,
Ийри буттуу адамга.
Ийилбеген оор жан элем,
Имерчи өзүң тарапка.

...Канда айланып, канды айланткан,
Кантип чыгам бул дарттан.
Көөдөндө шаң толуп ташкан,
Келди мага кай жактан?

## ТОЙЛОР БОЛСУН

Тыңсынып өтөр-кетер адамдарга,
Тагдырлаш түгөйүңдү жамандаба.
Тартуулап бербейт сага жакшы жарын,
Тууруңду тилиң менен талкалаба.

Ак куулар айдың көлгө коно берсин,
Айылымда аппак тойлор боло берсин.
Ак тилек аткан таңдын кучагында,
Ак үйдө ымыркайлар толо берсин.

## ТИЛИМДИ АЛ

Оорутпаган көңүлүмдү эч качан,
Ойдун ээси болгонуңа кубанам.
Оор жүктү алып таштап мойнумдан,
Оомат издейт сага деген убадам.

Жамгыр болуп төгүлөйүн көгүңдөн,
Жакшы жашап өтүш үчүн дүйнөдөн.
Жакшылыкка жоруп келген күндөрдү,
Жалгыз сени бейишим деп түшүнөм.

Көрүнбөйбүз эми элдин көзүнө,
Көңүл тойбой турса дагы күлкүгө.
Кудайлаган күнү-түнү бирөө бар,
Кеттик анда бактылуунун үйүнө.

## ЫР МЕНЕН

Ай, жылдар күбө миңдеген
Абалтан элим жердеген
Акактай тунук айылым
Ачылсын багың ыр менен

Сүйүүлөр күбө миндеген
Сүйүнүп элим жердеген
Сулуулар жүргөн айылым
Сүйүнсүн багың ыр менен

Толкундап тарых барагын,
Толтуруп, көңүл ачамын.
Тартылат көзгө заматта,
Тоолордой бийик айылым.

Аңтарып тарых барагын,
Ачканда көңүл ачамын.
Алдыма келет заматта,
Адыры тегиз айылым

Жазылар күндө жакшы ырлар,
Жардамга келсе жакшылар.
Жазылы, жарпы айылымдын,
Жашоосу күндө жакшырар.

## ДӨҢДӨГҮ ТОЛГОНУУ

Анчалык бийик эмес дөңсөө жерде,
Отурам көз жиберип бийиктерге.
Алыста тизилишкен тоо үстүнөн,
Булуттар көчүн улайт чексиздерге.

Айланам шаңдуу кыймыл кемибеген,
Желеде кулун туйлайт кишенеген.
Топурап чуркап турат жеткинчектер,
Алдына ат ордуна чыбык минген.

Карасам айыл ичи шаңдуу базар,
Дирилдейт соккон желге жалбырактар.
Жай алып дарактардын бутагында,
Чырылдап сайрап жатат боз чымчыктар.

Чакасын чагылдырып күн нуруна,
Апакем басып барат суу тарапка.
Аз-аздан иңир тартып айыл ичи,
Көктө күн баш багууда уясынан.

...Анчалык бийик эмес дөңсөө жерде,
Отурам көз жиберип бийиктерге.
Токтобой үйдөн-үйгө чуркап жүргөн,
Сукташып чарчоо билбес тириликке.

## ИЧКИ СЫР

Тоолорду эртели-кеч тиктей берем,
Багытын адаштырбай карегимден.
Мен үчүн бир сындырым нанын каткан,
Ак жүзүн көргүм келип апакемдин.

Удургуйт асмандагы булуттардай,
Сырлары тоо тарапка жүрөгүмдүн.
Мандайы кубанычтын жүзүн чайган,
Колдорун кыскым келет апакемдин.

Сагыныч көздөрүмдүн жашы болуп,
Төгүлөт жакасына көйнөгүмдүн.
Колумдан тарткылашып чурулдашкан,
Эсиме түшкөн кезде инилерим.

## ТАЗА БОЛСО

Таза болсо ыйманың,
Тазарып көңүл жашарат.
Билинбей үйдө бар-жогуң,
Бешенең турат жаркырап.

Таза болсо тапканың,
Чачылган дүнүйөң жыйналат.
Чындыктын жанып чырагы.
Токчулук төрдөн жай алат.

Тунук болсо көңүлүң,
Узун болот өмүрүң.
Уурдалбай тапкан дүнүйөң,
Жылуу болот түнөгүң.

## ЖАЗЫМ БОЛУП КӨРҮНЧҮ

Жабыркатпай жүрөктү,
Жаркыратпай дүйнөмдү.
Жашоомо нур таратып,
Жазым болуп көрүнчү.

Кыйнабачы өзүмдү,
Көтөрөйүн көңүлү.
Каралдым ай, каралдым,
Кайра өзүңө барайын.

Арманымды айталбай,
Агарган таңдай ачылбай.
Арбалып жаман ойлорго,
Ачуу күндө каламбы ай.

Көңүлүм улап башынан,
Кетирбей ооздон сөз даамын.
Кызыл жүздү саргайтып,
Келдиби мени таштагың.

Мөмөлүү дарак багым бар,
Муңайбас ачык жарым бар.
Миңдеген элдин ичинде.
Мен үчүн атар таңым бар.

## КЫЙЫН

Карылыкка жетүү оңой,
Кадыр-баркка жетүү кыйын.
Кырды кырдай басуу оңой,
Көздөгөнгө жетүү кыйын.

Барды боолап чачыш оңой,
Байлыкты көп табыш кыйын.
Бекер үйдө жатыш оңой,
Булак көзүн ачыш кыйын.

Тоого эптеп чыгыш оңой,
Тоодон ылдый түшүш кыйын.
Тоого тоодой кубат болбой,
Тоолук болуп жашаш кыйын.

Жаман ырга күбө болбой,
Жакшы ырга жетиш кыйын.
Жаман жолдо чаңга тойбой,
Жакшы жолду табыш кыйын.

## ЖЕҢИШ КҮН

Ур адамдар добулбасты,
Үнү бийик чыксын бүгүн.
Уксун аалам, уксун дүйнө,
Кыргыздардын жеңишин.

Черт комузду колуңдагы,
Жеңиш күнүн баяндап.
Күйсүн бүгүн жүрөктөрдө,
Жеңиш оту жалындап.

Жаз ырларды, жаз акындар,
Жазгыла ырдын жакшысын.
Араласын сезимдерди,
Тапкыла сөз таттуусун.

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 49553

## ТИЛЕК

Тирүү жанда тилек бар,
Түптүү элди кубантар.
Тирүүлүктүн жомогун,
Тирүүлөргө улантар.

Жакшы жанда тилек бар,
Жалпы журтту кубантар.
Жакшылардын жомогун,
Жакшыларга угузаар.

Көрөгөн жандын көзү бар,
Көрүнгөн жанды кубантар.
Жакшылардын жомогун,
Жакшыларга угузар.

Көрөгөн жандын көзү бар,
Көрүнгөн жанды кубантар.
Карайлаган көңүлүн,
Күлкү менен кубаттар.

Жалганчыдан дос күтпө,
Жаман жерде түнөбө.
Жамбашыңа сыз өтүп,
Жалдырайсың өлгүчө.

Кызыгы жандын ушунда,
Кыл аркан түшүп мойнуңа.
Калбагын жаман ойлордо,
Кыл табыптын алдыңда.

Сыртыңды салба бирөөгө,
Сый-урмат көрөөр күнүңдө.
Сүйүүлөр миңге жетсе да,
Сүйө турган жан бирөө.

## КУБАНУУ

Берилүүм күчөп миң кызга,
Багындым барып бир кызга.
Багымды сынап жүрөмүн,
Бактылуу ушул турмушта.

Жан үрөп сулуу миң кызга,
Жанаштым барып бир кызга.
Жашоодо жүрөм кубанып,
Жеткенге сырдуу сулууга.

## КАРЫЛЫКТЫН КАДЫРЫ

Карылыктын кадырына жетким бар,
Карылыктын кадыр күүсүн чертким бар.
Карылыктын аккан мүрөк суусунан,
Кадырланып кумар жазып ичким бар.

Келди мага алтымыштын төрт жазы,
Көңүлүмө күлкү өткөрдү, таратты.
Курчтук топтоп келген сыйлуу меймандын,
Көрктүү болсун, ачык болсун маанайы.

## КЕРЕК

Кашаң атка кайраттуу камчы керек,
Күлүк атты күнүнгө тапташ керек.
Кыйын ишпи чындыкты бетке айтууга,
Кыргыздарга кыргыздын салты керек.

Адал ишке жетүүгө акыл керек,
Арак ичпей актыкты сезиш керек.
Азап ишпи чындыкты бетке айтып,
Алты кыргыз бөлүнбөй жашаш керек.

Чымын канат ойлорду бáркташ керек,
Чыдамы жок адамдай кайтпаш керек.
Чыр чыргабай чындыкты бетке айтса,
Чогуу болуп намысты сакташ керек.

Кыргыздарды кыргыздар атпаш керек,
Кыйын күнгө калтырып качпаш керек.
Кудай берген кылымдаш болгон бизге,
Кымыз жыттуу жерлерди сатпаш керек.

Көсөм Манас айтканын билиш керек,
Кыйкырынбай кырдаалды байкаш керек.
Кырылганың, өлгөнүң кызыктырбайт,
Кыйындарга кыргыздай койчу керек.

Санаа тартпай адалча жашаш керек,
Саясатты күн-түндөп айтпаш керек.
Сууда өткөргөн өмүрүн балыктарды,
Суу жетпеген чөлдөргө бакпаш керек.

## ТООДОГУ ОЙ

Күлүктүн тартпай тизгинин,
Күүлөнтүм көпкө жүгүрттүм.
Күмүш сап камчы колумда,
Көркөмүн тиктейм жергемдин.

Миң ойлор келип бир башка,
Миң түркүн түшүп талашка.
Минген аттын үстүндө,
Магдырап жүрдүм узакка.

Оюмдан ырлар төгүлдү,
Ой-тоого капыс бөлүндү.
Ортого салбай ортомчу,
Оболоп көктө көп жүрдү.

Арча өскөн бийик тоолордо,
Адашпай түшүп оң жолго.
Амандык тилейм элиме,
Алдырбай жаман жолдорго.

Токтолбой күлүк жүгүрөт,
Тер чачып улам күүлөнөт.
Таарынтпай мени заманам,
Тоо ичинде сүйүнтөт.

## АЯБА

Карыган кезде кайрылдың,
Кечирип кой, ырларым.
Калжыңдабай эс ал деп,
Каарыңа мени албагын.

Жумшарган кезде кайрылдың,
Жанымда болчу ырларым.

Жаагыңды жанбай эс ал деп,
Жактырбай менден качпагын.

Карылык келсе сүйүнбөйм,
Карыдым деп күйүкпөйм.
Карысам да өзүңдү,
Колдоого алам, бөлүнбөйм.

Досуң болуп жүрбөдүм,
Достуктун суусун ичпедим.
Дайрадай агып сай-сайда,
Дайрадай өмүр сүрбөдүм.

Аркалап бирге баспадым,
Агалык сөзүм айтпадым.
Адырдын терип гүлдөрүн,
Алдында канат какпадым.

Карыган кезде качпадым,
Колума калем кармадым.
Кудайым берчи өзүмө,
Күүсүнөн Көк-Арт дайранын.

Улгайган кезде качпадым,
Ууртума күлкү жараттым.
Аяба менден кудайым,
Арстанбап тоонун кайратын.

## КАРЫЛЫК

Карылык ай, карылык,
Качсам да сенден таарынып.
Узатып колду булгабай,
Тососуң кайра сагынып.

Карылык ай, карылык,
Барасың кайда шаштырып.
Күн-түнү кетпей жанымдан,
Жадабас болдуң жабышып.

Карылык ай, карылык,
Каныма кирдиң агылып.
Ыргыттың чалма бутума,
Басар жолум тарытып.

Карылык ай, карылык,
Көзүмдү алдың тунартып.
Калтыраттың денемди,
Кемпирден башка жаткыртып.

## КЫЗЫК ДҮЙНӨ

Эссизге эсеп ачтырба,
Эсебин табат заматта.
Элине тийет зыяны,
Эгемен ушул заманда.

Түпсүзгө дүйнө карматпа,
Түбүнө жетет заматта.
Таркатып сулуу жерлерди,
Тагдырга салат тамаша.

Кызык дүйнө бул дүйнө,
Каалаганың бар дүйнө.
Кеми такыр толбогон,
Кыргыздарга зар дүйнө.

Кызык дүйнө, бул дүйнө,
Кыйындарга кең дүйнө.
Караган колун бирөөнүн
Кыргыздарга кел дүйнө.

Кызык экен бул дүйнө,
Кызыктарга бай дүйнө.
Көрүнбөй эле жашачы,
Кыргызым өз үйүңдө.

## КЕЧ КҮЗДӨ

Жалбырактар түшүп жатат,
Сабагынан үзүлүп.
Суук шамалдын кучагында,
Жашоосунан түңүлүп.

Булбул куштар учуп кеткен,
Бутагында сайраган.
Укпайт эми бул карт дарак,
Шаңдуу үндү кайрадан.

Дайыма элпек сылап өтчү,
Бүгүн жел да башкача.
Запкысына алган өңдүү,
Коркутат жаш балача.

Тоготпостон эч нерсени,
Турат дарак бутактуу.
Кеч күздөгү запкыны эмес,
Жыргалды ойлоп жаздагы.

## БЕРЕШЕНДИК

Ынтымактын төркү үйүнөн көрүнгөн,
Ырга толсун ырыскылуу дүнүйөм.
Ышкы отуна алоолонгон кыялдар,
Ыдырабай орун алсын жүрөктөн.

Акылдуулар жаралуучу жерде кең,
Араңарда жүргөнүмө сүйүнөм.
Ашуу ашып айлык сапар жол кезип,
Азга жетип, көптү өткөрүп көңүлдөн.

Катуу кетпе, кимге менин убалым,
Кол куушуруп кулдук уруп турамын,
Көзүм барда жакшы сөзүң угузчу,
Көзүм жокто көңүл коштоп турарсың.

Жетсе ажал жетелебейм колуңдан,
Жакшы ырларды тартып албайм оюңдан.
Жамандыкты алып кетем коркпогун,
Жакшы күндүн баарын сага калтырам.

## ЖОРОЛОРУМА

Жайнаган сан миң адам арасында,
Жогума, барыма да кайыл болуп.
Жүрөмүн эс алууда көл жээгинде,
Жашоомо жоролорум кубат болуп.

Оорума карабадым ойлондурган,
Көлүмдөн оң көзүмө кубат алам.
Ортодо ачуу, таттуу сөз өтсө да,
Ойлонбой жакшылыкка жоруп салам.

Жактырып бирге каккан өмүр чотун,
Жашоодо кан тамырым жоролорум.
Жетпеген максатына өмүр бою,
Жээги тар суусуз калган чөл болбосун.

Жүгүрткөн саяпкерим силерсиңер,
Дилиме сөз берметин төгөсүңөр.
Оорумдан ойдон ылдам тездик менен,
Оорутпай көлдө алып жүрөсүңөр.

Жашоо менден адашып өтүп кетсе,
Жоролорго жан тарткан ырлар калар.
Жайыты кең жайлоонун көркүн ачып,
Жыпар жыттуу жайлоодо жылгам турар.

Аалам көркүн батырган карегине,
Алла берген маңдайда көзүм өчсө.
Адашпаган жолунан тулпар өңдүү,
Араңарда айтылып жүрөрмүн ээ.

Күнүм чыкса күнүгө күлүңдөймүн,
Күлкүңөрдөн көөнөрбөс ыр издеймин.
Каардуу сөз оозумдан чыгып кетсе,
Кубанамын бар үчүн кечирерим.

Ойлор учат, алыска ойлор учат,
Орду толбос арман көп атаганат.
Оздуктабай ырларды жазайынчы,
Ооматтуу бул ааламга жайып канат.

## ЗАР БОЛБО

Колуңдан келип турганда,
Калкың үчүн ташкында.
Коркутам деп элиңди,
Кудаанын калба каарына.

Акылың ташып турганда,
Айлакер болбо калкыңа.
Ак нан кирип түшүңө,
Алланын калба каарына.

Кадырың ташып турганда,
Карөзгөй болбо калкыңа.
Катык нанга зар болуп,
Калбагын журттун артында.

## ТООЛОРГО КАЙРЫЛУУ

Сабырдын түбү – сары алтын,
Санааны алыс таштайын.
Сугарып элдин аңызын,
Сабырдуу ырлар жазайын.

Санжыралуу тарыхта,
Сайратып булбул багында.
Суктанткан өткөн кеткенди,
Сулуулук болсун ырымда.

Жакшы жүрсө жанында,
Жеткендей тоодой мураска.
Жазууга жакшы ырларды,
Жазмайдын түштүм жолуна.

Ышкыга тойбой ач карын,
Ыр издеп эрте аттандым.
Ырыс бар жерде күлкү бар,
Ырлардын эңсейм ак жаанын.

Тагдырдын чыкпай тилинен,
Таалайлуу ырды изденем.
Толтурчу көңүл бөксөсүн,
Тоолорум тоодой күч менен.

## КУДАЙ БАР

Бул дүйнө бизге кең дүйнө,
Баарыбызга тең дүйнө.
Баш ийип бекем турабыз,
Бир берген Кудай өмүрдө.

Ааламды кармап колуна,
Ааламды калчап ар жанга.
Акылга сыйбас чындыкты,
Айланткан аалам отунда.

Кудай бар пендем ааламда,
Кош көңүл болсо ааламга.
Кыргыз деп бизди ким айтат,
Кылымды көргөн тарыхта.

Өткөрбө күндү бекерге,
Өзүңө болот ашкере.
Өлсөң да кудай үчүн өл,
Өлбөс жан жок эч жерде.

Жакшыга да бир кудай,
Жаманга да бир кудай.
Жакшы үчүн бул аалам,
Жашарып турат жабыкпай.

Акыл калчап ойлонгун,
Акылы кемден болбогун.
Аткарган иштин баарысын,
Алла үчүн деп ойлонгун.

Берет кудай бир күнү,
Болжогон бардык нерсени.
Бир башты уруп миң башка,
Булгантпасаң тилекти.

## БАР БОЛГУЛА

Токтогулдай ырчыларым,
Толубайдай сынчыларым.
Тоолорумдун көркүсүңөр,
Түптүү элге жарчыларым.

Бүтүндүктү бүлүндүрбөй,
Башка улутту бөлүндүрбөй.
Бата берип турасыңар,
Багына элдин ай, күнүндөй.

Тоодон чыгып тоого баткан,
Теңиримдин күнүсүңөр.
Тоодон ылдый өргө аккан,
Тунук суудай жүзүңөр.

Аксакалдар бар болгула,
Ааламга кең кан болгула.
Ала-Тоонун даңкы чыксын,
Алла сүйгөн бай болгула.

## ЖОРОБАЙ ДОСКО

Боз ат минип Арстанбаптын жолунда,
Бараткаида пансионат тарапка.
Ичтен сызып тиктейм жалгыз жийдени,
Өткөн сайын дем алууга жайында.

Жол боюнда жийде булак, жаш дарак,
Турса керек жыпар жыты буркурап.
Жандап өткөн жолоочулар ичинен,
Сени издеп, мени издеп жалдырап.

Өтсө күндөр өткөнүнө кейибейм,
Күлүмсүрөп көңүлүмдө сени издейм.
Кылыктанган кыялдарды жоготпой,
Кирпигиңдин ирмеминен көрсөм дейм.

Калды канча сырлар ырга жазылбай,
Калды канча ырлар ырда ырдалбай.
Ызаланбай өткөнүнө жаштыктын,
Эстей жүргүн өткөн күндү Жоробай.

## ТИЛЕК

Ой-кырымдай жашайынчы,
Ойго ооздук салбайынчы.
Ой-кырымдай кыялданып,
Ооматтуу ыр жазайынчы.

Ой-кырымдай үмүттөнөм,
Ой-кырымдай самай билем.
Ойго толбос балалыктын,
Отун үйлөп ысыйт денем.

Ой-кырымдай күлөйүнчү,
Ой-кырымдай сүйлөйүнчү.
Ой-кырымдай келген күндү,
Оомат тилеп сүйөйүнчү.

## ЭССИЗГЕ

Кылым сүрүп жашаган,
Кыргыз болсо өз атаң.
Кыйындыктан качпаган,
Кыргыз болсо өз апаң.
Кыйналасың эмнеге,
Кыргыз болуп жашаштан.

Ачуу сөздү айтпаган,
Акыл айтып жылмайган.
Атаң, апаң барында,
Атаңы «папа» дебестен,
Апаны «мама» дебестен,
Акылга кел суранам.

Таза кандуу кыргыздын,
Таза кандуу уулусуң.
Таза туткан турмушун,
Таза кыргыз кызысың.
Теңирим уруп кетпесин,
Туу туткун кыргыз намысын.

## БАРКТАЙЛЫ

Алтын жолду салалы,
Алтын доорго баралы.
Алла бизди колдосун,
Алтынды кызыл кырдайлы,,
Алтындай ырды ырдайлы.

Күмүш жолду салалы,
Күмүш доорго баралы.
Кудай бизди колдосун,
Күмүштү кызыл кырдайлы,
Күмүштөй ырды ырдайлы.

Жашообуздун кубаты,
Жаштык сонун турбайлы.
Жараткан бизди колдосун,
Жаштык жолун улайлы,
Жалындайлы, жыргайлы.

Сүйүү сонун турбайбы,
Сүйүү улап жашайлы.
Сүйүнтчү бизди кудайым,
Сүйүүнү сүйүп даңктайлы,
Сулуулукту сактайлы.

## ТЕҢИРИМЕ

Жылдыздар көктө жайнасын,
Жазыксыз жашым акпасын.
Жанашып өзүң келгенче,
Жакшы ырлар болсун сырдашым.

Көгүмдү булут баспасын,
Көзүмдөн жашым акпасын.
Кайрылып өзүң келгенче,
Күлкүлөр болсун сырдашым.

Сыймыгым сыйлар кубатым,
Сагынтар күндө жыргалым.
Сүйүнтүп өзүң келгенче,
Сүрөтүң болсун сырдашым.

Алла берген багыма,
Аярым сенсиң чынында.
Айланып мага келгенче,
Аман бол барган жагыңда.

Жараткан берген багыма,
Жыргалым сенсиң чынында.
Жылмайып мага келгенче,
Жакшы жүр барган жагыңда.

Түшүрбөй көңүл көтөргөн,
Түнкүсүн чыккан ой элең.
Теңирим бизге буйрусун,
Тирүүлөр көрөр бейиштен.

## СУРАНУУ

Адашкан жолдон ыр курап,
Арманым айтсам ким угат?
Айттырбай келген карылык,
Акылдан алды жан кыйнап.

Арбалып ойго ар кандай,
Айталбай сырды байма-бай.
Алтымыш жаштан өткөндө,
Айтууга келдим шашылбай.

Көздөрдүн кайтып курчтугу,
Көрө албай калган тунукту.
Колунан кармап көздүүнүн,
Кашайгыр атка кономбу.

Акылдан алып карылык,
Айтылар ойду тарытып.
Арбыта албай жолдорду,
Алсырайт буттар чалынып.

Канаттуу ойду бүгүнкү,
Калкыма айтпай кетемби.
Көркөмү сонун жер кезбей,
Күлүктү минбей өтөмбү.

Сөзгө сараң ойго бай,
Сүйүнүч топтоп укмуштай.
Сүйүнтчү мени карылык,
Сүйүнүп сага тарынбай.

## АЛА-БЕЛ

1

Ашуусу бийик Ала-Бел,
Ашканга өтө татаал бел.
Аптаптуу күндө өтсөң да,
Ачырбайт көздү соккон жел.

Башынан калпак түшпөгөн,
Булутка жүзүн сүртүнгөн.
Байчечек өскөн түрлөнүп,
Бактылуу Ала-Белим сен.

Кышында жолдо баратсаң,
Кыямат ушул тарапта.

Кабылсаң кокус күрткүгө,
Каласың катуу азапка.

Төбөмдө көктү караймын,
Толкундап көпту самаймын.
Таалайлуу Ала-Бел сага,
Тарткандай жүзүн кудайым.

Тартылат көзгө элесиң,
Түшүмө дайым киресиң.
Таарынбайм сага эч качан,
Таарынтпас Ала-Белимсиң.

2

Көргөндүн көзү сүйүнөр,
Көркөмүң сонун Ала-Бел.
Көрүнөт укмуш төрт мезгил,
Кучактап тоолуу теребел.

Жүргүнчү көзү сүйүнөр,
Жамалың сонун Ала-Бел.
Жарашып турат төрт мезгил,
Жактырып тоолуу теребел.

Укмуштуу сөздүн улугу,
Учурда сага бурулду.
Уулантпай жанды түтөккө,
Узаткын кыз-уулуңду.

Көркүңдү кудай колдосун,
Көзү тийген оңбосун.
Кылымдар жашап Ала-Бел,
Кубанткан элиң, жолдошуң.

Жүзүңдү кудай колдосун,
Жамандын иши оңбосун.
Жыл сүрүп жаша Ала-Бел,
Жарашкан элиң, жолдошуң.

Жашоодо канча күн болсо,
Жашоодо канча түн болсо –
Жашай бер көрктүү Ала-Бел,
Жандырып достук ортодо.

## ЭРГҮҮ

Сагынып балам келет деп,
Сары май катып белендеп.
Суу чачып барар жолума,
Жүргөндүр апам элеңдеп.

Алыстан балам келет деп,
Айранын катып белендеп.
Ак чачып барар жолума,
Жүргөндүр апам элеңдеп.

Сулуусун сөздүн айтсам деп,
Сүйүнсүн балам бүгүн деп.
Сүйүнүч жашын агызып,
Жүргөндүр апам элеңдеп.

Барайын бүгүн барайын,
Сары май даамын татайын.
Сүйүнүп күткөн апамдын,
Сагынган черин жазайын.

Барайын бүгүн барайын,
Айрандын даамын татайын.
Ак саамай сулуу апамдын,
Апакай жүзүн сылайын.

Барайын бүгүн барайын,
Багымды ачсын кудайым.
Бүлө болор сүйкүм апама,
Бирөөнүн кызын табайын.

Колуңа куш кондурам,
Койнуңа кут кондурам.
Ойлоно бербе апаке,
Оюңду бүгүн болтурам.

## СЫЙКЫР КҮЧ

Жүгүрсөм кошо жүгүргөн,
Жүгүргөн сайын сүйүнгөн.
Чаң жуктурбай тилиме,
Тоо суусунан ичирген.
Деңизинде ырлардын,
Жетелеп мени бир жүргөн.

Жөтөлсөм кошо жөтөлгөн,
Оорумду бирге көтөргөн.
Көкүрөктө дартымды,
Кетиришке кам көргөн.
Жетелейт мени сыйкыр күч,
Кубантып күндө ыр менен.

Багымды жөлөп багына,
Багынтып барктуу тагдырга.
Баалуулукту миңдеген,
Байкатпай алып сынаган.
Бейиштин нурун таратып,
Чакырат ырлар сыйына.

## ЖАЗ ДЕМИ

Тилинен бал тамызып,
Дилинен сыр агызып.
Жадыраган жаз келди,
Жагымдуу жамгыр жаагызып.

Талаага гүлдү жайнатып,
Таңдантып көптү каратып.
Сүйүктүү жазым келдиңби,
Тартуулап элге гүлазык.

Көргөндүн көзүн сүйүнткөн,
Кумарын жандын эриткен.
Күткөнмүн жазым келет деп,
Келдиңби күчтүү дем менен.

Көтөргүн элдин маанайын,
Көрктөнсүн күндө жаз айым.
Ырыңды ырдап жүрөлү,
Бактылуу жашоо жараткын.

## КИМ УГАТ?

Шор мээнет шорун кууратткан,
Шолоктоп күндө ыйлаткан.
Шордуунун үнүн ким угат,
Шаштырса кысым туш-туштан.

Мээнетке белден байланган,
Муңканып күндө ыйлаткан.
Муңдуунун үнүн ким угат,
Муунтса кысым туш-туштан.

Буркурап күндө ыйлаган,
Буулугуп ыйы тынбаган.
Бактысыз үнүн ким угат,
Багынтса кысым туш-туштан.

## ЖАЗ КЕЛДИ

Алыстан кабар уккан бейм,
Ашыгып учуп чыккан бейм.
Арзуусу артып көлүмө,
Асмандап ак куу учкан бейм.

Куш канатын каккан бейм,
Көзүнө курчтук жанган бейм.
Кызыгып көрктүү айылыма,
Көкөлөп канат каккан бейм.

Жакшыдан кабар уккан бейм,
Жактырып канат каккан бейм.
Жарашык берип жаз айы,
Жергеме гүлүн чачкан бейм.

Жылдыздар кабар айткан бейм,
Жымыңдап колдон тарткан бейм.
Жаннаттан келген жаз айым,
Жергеме жытын чачкан бейм.

Кудайым жолун ачкан бейм,
Кубанып канат каккан бейм.
Кыргыздын Ала-Тоосуна,
Кут чачып жазым келген бейм.

## АРМАН

Түгөнгүс сырларга бай,
Дайрадай агылбадым.
Жээгинде жүгүрүнүп,
Сырларым ачалбадым.

Эңсеткен өткөн күндү,
Өмүрлөр келбейби эми.
Эстеткен сени, мени,
Тилекти бербейби эми.

Жаштыктын сүйүү жазы,
Кайрылып келбейби эми.
Оту өчкөн сол көзүмдү,
Жараткан бербейби эми.

Өмүрү ырларга бай,
Жыргал күн алыс калды.
Өзөгүн отко таптап,
Арман ыр ырдалдыбы.

Жашоодо арманым ай,
Жаштыкты баалабадым.
Түгөнгүс сырларга бай,
Дайрадай агылбадым.

## КҮНДӨРҮМӨ

Алтын нур чачкан күндөрүм,
Акактай болсун тилегиң.
Ажалга түртүп турсаң да,
Абалтан сени сүйөмүн.

Жарыгын чачкан күндөрүм,
Жандырсын жарпын тилектин.
Жолотпой түртүп турсаң да,
Жактырып сени сүйөмүн.

Сүйүүсүн чачкан күндөрүм,
Сыймыктуу болсун тилегиң.
Сүйлөшпөй түртүп турсаң да,
Сагынып сени сүйөмүн.

## БАЙКУШКА

Жашоо кымбат, өмүр арзан,
Жоругуңа таң калам.
Жегенге эмне тырышасың,
Жогуңду эңсейт тар заман.

Өлүм такыр тойбогон соң,
Өмүр досуң болбогон соң.
Өзгөнү эмне урушасың,
Өзүңө өзүң ээ болбосоң.

Тактыкты өтө калыс карап,
Таразалап тартып алат.
Тарынычың кочуш акча,
Тырандасаң айтып салат.

Бузуп үйдү салса болот,
Бир ойду эки айтса болот.
Битин сыккан байкушум ай,
Барың сенин качан толот?

## СЫРДАШУУ

Кыйналбай кырды аштыңбы,
Кызыккан жарды таптыңбы.
Колунан кармап сулуунун,
Кумарлуу сөзүң айттыңбы.

Арыбай ашуу аштыңбы,
Ашыккан жарды таптыңбы.
Айланып сулуу жанында,
Ашыглык сөзүн айттыңбы.

Бийиктин баркын билдиңби,
Бийикке канат серптиңби.
Баш ийип сыйлуу сулууга,
Бааланып барктуу келдиңби.

Сүйүнтүп сырың айттыңбы,
Сүйүүнүн даамын таттыңбы.
Сыйына балкып сулуунун,
Сыйланып барктуу келдиңби.

## ЖАР ЭКЕН

Арыкта аккан суу десем,
Агыны күчтүү сай экен.
Айтканынан кайтпаган,
Асыл ойлуу жар экен.

Токтоп калган суу десем,
Толкуну күч көл экен.
Табылбаган эч жерден,
Туура сөздүү жар экен.

Адыры жапыс жер десем,
Аркарлар жүрөр тоо экен.
Ат жалында от жагып,
Азык табар жар экен.

## КУДАЙ ДЕЙМ

Көркүн ачып ааламдын,
Көрүнөт көзгө жылдыздар.
Көрүнбөгөн эч кимге,
Кудайдын билген сыры бар.

Аягы жок ойлордон,
Акыл жетпей толгоном.
Аалам сыры эмнеде,
Аңдай албай шорлоном.

Жардам сурап теңирден,
Жайым таппай элирем.
Жанат көктө жылдыздар,
Жарыгына ширелем.

Жүгүрөмүн көрүнөм,
Жайып кулач күүлөнөм.
Жетпей акыл ааламга,
Жеңилгенде Кудай деймм.

Сүйүндүрөм, сүйүнөм ,
Сүйүү улап бүрдөнөм.
Сырдуу ырды жаратсам
Сүйүнгөндө Кудай дейм.

## ЖАЗ КЕЛГЕНДЕ

Келгин куштар келди мына,
Келди биздин айылга,
Тал-теректер бүчүр жарып,
Жаздын аруу таңында.

Турчу курбум, турчу эрте,
Жаздын жытын жыттайлы.
Сайрап жаткан булбул үнүн,
Келчи курбум тыңшайлы.

Тарталычы каректерге,
Сулуулукту бир келген.
Тосолучу аппак таңды,
Апапакай таң менен..

## КАЙЫЛМЫН

От көрсөм алоолонуп күйүп жаткан,
Ыргытып өткүм келет чырпыгымды.
Бийикке көтөрүлгөн жалынынан,
Жаңылбай окуш үчүн ырларымды.

Жай алып жакшылардын катарынан,
Кайылмын күнүм жетсе өз чегине.
Толгонуум, тунук сүйүүм көзүн ачкан,
Жүрөгүм жашаса элдин жүрөгүндө.

## ЖАҢЫЛЫК

Келтирген оозго келмени,
Кычыраган кыш келди.
Карааны жаздын көрүнбөйт,
Келгин куштар не келди?

Жараткан оозго келмени,
Жаадырып карын кыш келди.
Жадыраган жаз кана,
Жазгы куштар не келди?

## ЫР БОЛУП ТӨГҮЛӨЙҮН

Жомоктогу уккан кулак жыргалды,
Жаратканым жашоомо бир жаратчы.
Жек көрүндү жалгыздыктан кутулуп
Жүз үйрүбөс кучактайын жыргалды.

Жалган дүйнө кучагында тайманбай,
Жаагын жанган болбосторго алданбай.
Жазга айланган ырларымды кучактап,
Жамгыр болуп төгүлөйүн укмуштай.

Көрүнүшү мага эмне кымбатпы,
Күндөр өтүп, ай, жылдарга алмашты.
Канча көздөр карап бизди турушат,
Келсе экен деп күлкү өмүргө чырайлуу.

## КАЙДА

Кыздар кайда, биз кайда,
Кылыктуу бала кез кайда.
Күлдүргөн сырдуу дүйнөнү,
Көбүгүн чачкан сөз кайда.

Кызык кез кайда биз кайда,
Кызарган кызыл өң кайда.
Корозду туурап кыйкырган,
Кокуй күн бала кез кайда.

Белдешкен белдүү кез кайда,
Билинбей кетти каякка.
Бой салып бассаң жарашкан,
Байбичем келин кез кайда?

## АКЫЛ КАЛЧА

Акылдуу чыкса баласы,
Аргымак минип атасы,
Айылына тың чыгар.
Акылсыз чыкса баласы,
Атанын кетип аргасы,
Айла таппай жанчылар.
Табышкер болсо баласы,

Тыңданып күндө атасы,
Тапканына жай салар.
Тозоку болсо баласы,
Тынчы кетип атасы,
Тапканы күндө чачылар.

Олжолуу болсо баласы,
Ооматка тунуп атасы,
Ортодо болор тапканы.
Орунсуз болсо баласы,
От болуп жанып атасы,
Ойрон болор тапканы.

## УК

Жакшыга да, жаманга да,
Жай таппаган жардыга да.
Жан аябай жер таптаган,
Жумушу көп дыйканга да –
Жаратканым өмүр берди
Жашагын деп баарына.
Жумуру баш желкедеги,
Жүрбөсүн деп жөн гана.

Сөзүмдү уккун, эске туткун,
Сүйүнтөт бул жашоодо бар экениң.
Сүйлөш үчүн, сүйүш үчүн,
Сыйлашар күн келерин.
Сөөмөй кезеп буйрук бербе,
Сөөмөй көрсөң жүгүрбөгүн.
Сыймык менен өмүр ула,
Сук өмүргө берилбегин.

Булуттар арасынан издебегин,
Буйруксуз бак келбесин билип жүргүн.
Байлар да, кембагал да бул дүйнөдө,
Буйруксуз топтой албайт жалгыз күкүм.
Башкача сезим келсе,
Буйруксуз жетем дебе.
Бурулбай өткөн күнгө,
Буйрутма берем дебе.

## АЧЫМА

Жактырып сүйбөс жан барбы,
Жараткан берген жыргалды.
Жайлоонун калды таңында,
Жаштыктын укмуш сырлары.

Кубанып сүйбөс жан барбы,
Кудайым берген жыргалды.
Күндөрдүн калды таңында,
Күлкүнүн укмуш сырлары.

Ырдалып бүтпөс ырга бай,
Ырлары терең сырга бай.
Ышкыга салган адамды,
Ышкын жыттуу Ачым бар.

Жыргалга терең батайын,
Жактырып көңүл ачайын.
Жашара бер күнүгө,
Жаштыгым сага арнайын.

Сырларга терең батайын,
Суктанып көңүл ачайын.
Сүйүнө бер күнүгө,
Сүйүүмдү сага арнайын.

## АЛЫСТА

Кырча тиштеп албагын,
Кыйналган кезде тилиңди.
Кыйкырыкты салбагын,
Колдоого алып жиниңди.

Сүйлөсөң сөөмөй кезебе,
Сыздатпа жанын башканын.
Санаага көп берилбе,
Салмагын бил баркыңдын.

Жаакташып айтышпа,
Жакшы болсун тилегиң.
Жамандыктан алыста.
Жарак болот өмүрүң.

## БИЛДИРҮҮ

Муздак шамал бетке соксо,
Ичиркентип денеми.
Эки колдоп көз басабыз,
Аяп жылуу жүрөктү.

Буттарды алга шилтей албай,
Буйдалабыз заматта.
Ээлеп алган сыйкыр күчтүн,
Этегинен кармана.

Тилектердин, үмүттөрдөн,
Кайрат топтоп демдене.
Канжар болуп сайылууга,
Кам көрөбүз күрөшкө.

Муздак шамал бетке соккон,
Беттешүүгө келдиңби.
Бул жашоодо билбедиңби,
Бели бекем экенимди.

## БЕК КАРМА

Док төлөткөн адамыңдай таарынып,
Душман сезип келбедиң го кайрылып.
Дүйнө кезип издейсиңби өзүмдү,
Дүйнөдөгү адамдарга жалынып.

Коркуткандай көңүлүмдү басынтып,
Кордук көргөн бечарадай жашынып.
Куру сөздүн этегинен кармайсың,
Колтугуңа суу жүгүрсө алданып.

Буйрутманы алган өңдүү жалынып,
Буйрук күтүп турасың ээ жабыгып.
Бүтүндүктү бүлүндүрүп байкоосуз,
Белгисиз бир жолдо калба адашып.

Тирүү өлүк аталбачы садага,
Талайыңдын табылгасын бек карма.
Таарынычтар жылдыздардай көбөйдү,
Табылбаган кайрылбаган заманда.

## ЧЫМЧЫКТАРЫМ

Аралап айыл ичин,
Арнагам бүт өмүрүм.
Чырылдайт чымчыктарым,
Чөптөргө салып үйүн.

Кичине күмүштөйүм,
Көрүнүп сүйүнтөрүм.
Намаздын болор маалын,
Чырылдап билгизерим.

Шоктонгон неберемдин,
Артынан жүгүрөрүм.
Убал деп чачылганды,
Чокулап терип жээрим.

## КОР БОЛБО

Ууртап ашка тойбодуң,
Уурданып бай болбодуң.
Укканың ушак сөз болуп,
Улуулукту кордодуң.
Убайын көрбөй жашоонун,
Убара тартып кор болдуң.

Айтса акылды укпадың,
Акмактарга ыктадың.
Аркалап ачуу тамакты,
Ашыгып күндө уурттадың.
Акырында шорлодуң,
Адаштың таппай жолдоруң.

Кыркка чыкпай чал болдуң,
Кырчын жашка зар болдуң.
Көтөрбөй элдин оор жүгүн,
Кыйындык каптап шал болдуң.
Көрүнбөйт көзгө балдарың,
Колуктуң кетип дал болдуң.

## КӨЛ ЖЭЭГИНДЕ

Жээгинде көлдүн басамын,
Жактырып көңүл ачамын.
Жарпымды жазат соккон жел,
Желдентип көлдүн шамалын.

Толкундай толкуп ойлодум,
Толкундай жээкте толомун.
Тартылат денем көлүмө,
Таңуулап бардык болжолун.

Кыялга батып баладай,
Кызыктуу ойдон чыга албай.
Кыдырдым көпкө көл жээгин,
Кумарым такыр таркабай.

## КӨП БОЛСУН

Кыз-жигиттер жанашып,
Күлүшсө катар басышып.
Куштар учуп асманда,
Карашат канат кагышып.

Жакшылык күндү самашат,
Жашоого жоодур карашат.
Жанашып баскан түгөйлөр,
Жылдыздай көктө жанышат.

Сулуусун күндүн самашат,
Суктанып жоодур карашат.
Сүйүүгө мас түгөйлөр,
Сүйүүсүн көккө таратат.

Багына күлкү орносун,
Билимдүү жаштар көп болсун.
Бактылуу ушул жашоодо,
Басышар жолу көп болсун.

## КЫЯЛДАНУУ

Бааланып баалуу сырларга,
Багыттап ойду жыргалга,
Багында турам жашоонун,
Булбулдар сайрайт шагыңда.

Умтулуп баалуу сырларга,
Узатып ойду жыргалга.
Узатам колду жашоонун,
Утурлап келер жазына.

Көркөмү көзгө башкача,
Көрүүгө күндү таптаза.
Кыялга батам өзүмчө,
Кыдыртып ойду ааламга.

Сүйкүмү көзгө башкача,
Сүйүүгө күндү таптаза.
Сырларга батам өзүмчө,
Сыздырып ойду ааламга.

Багыма ырыс, кут консун,
Бактылуу жандар көп болсун.
Багыңда булбул сайраган,
Бейиштүү күндөр жар болсун.

## АК БУЛУТУМ

Ак булутум көктөгү,
Алыстатпай жүрүштү.
Айланчы мен тарапка,
Карайын ак жүзүңдү.

Ак булутум билерсиң,
Чакыруумдун себебин.
Эрмектешип туралы,
Тоолор болсо түнөгүн.

Ак булутум жашынба,
Көз жетпеген алыска.
Саламдашып туралы,
Тоолорго күн баткыча.

## АКЧАЛУУ

Акчалуум, ай Акчалуум,
Ажыга бай айылым.
Акыл калчап иш чечкен,
Асыл ойлуу балдарым.

Акчалуум, ай Акчалуум,
Аркалар элди турагым.
Ай мүчөсү келишкен,
Айдай сулуу кыздарың.

Акчалуум, ай Акчалуум,
Алла берген турагым.
Айдаган малы эсепсиз,
Ашына берсин байларың.

Акчалуум, ай Акчалуум,
Ай ааламга мактарым.
Ажынын сулуу кызынан,
Ачылып багым уландым.

Акчалуум, ай Акчалуум,
Айтылбаган сырларым.
Алдыңда турам ыр курап,
Алууга элдин батасын.

## КӨРКСҮЗ

Гүл болбосо жаз көрксүз,
Айы болбой түн көрксүз.
Асманга булут карайлап,
Жаабаса жамгыр жер көрксүз.

Мөңгүсү жок тоо көрксүз,
Канаты жок куш көрксүз.
Түшүнбөгөн түпсүзгө,
Түртүп айткан сөз көрксүз.

Тиш болбосо ээк көрксүз,
Эт болбосо сөөк көрксүз.
Тобунан калган бөлүнүп,
Таалайсызга бак көрксүз.

Булбулу жок бак көрксүз,
Баласы жок үй көрксүз.

Сөз берметин чубурткан,
Мейманы жок төр көрксүз.

Кийбеген сулуу бөз көрксүз,
Жазында жааган жаз көрксүз.
Көбөйткөн күндө эсебин,
Маркумдар жаткан жай көрксүз.

## ГҮЛБАРА

Көрбөгөм мындай табыпты,
Көрсөткөн көзгө жарыкты.
Кочкор-Аталык Гүлбара,
Көз оорум сенден айыкты.

Багыма менин жаралган,
Булбулумсуң Гүлбарам.
Болбосоң кокус жашоомдо,
Билинбей өчмөк күйгөн шам.

Көрбөгөн көзгө жан ачуу,
Көрүнбөйт ага жаралуу.
Кыймылсыз өлүк бул дүйнө,
Кызыгы жок караңгы.

Жашоомду бөлөп күлкүгө,
Жарыкты бердиң көзүмө.
Жаныма келчи Гүлбара,
Жазымды берем өзүңө.

Оңолуп ишим чынында,
Оң көзүм жанды багыма.
Ооруну алып таштадың,
Он беш жыл өттү заматта.

Тутантып отту жагайын,
Турмуштун даамын татайын.
Теңирим Сизди колдосун,
Тун кызым деп атайын.

## БАСЫНБАЙЛЫ

Жарашкан жаштык келбесе,
Жараткан кайра бербесе.
Жашыган менен не пайда,
Жаратып кайгы жүрөккө.

Сүйүнткөн жаштык келбесе,
Сүйүнтүп кудай бербесе.
Сыздаган менен не пайда,
Суу бүркүп жанган жүрөккө.

Кубанткан жаштык келбесе,
Кудайым кайра бербесе.
Кайгырган менен не пайда,
Кайрылбас кыска өмүргө.

Бааланып келген күндөргө,
Бааланып келген түндөргө.
Бактылуу өмүр сүрөлү,
Басынбай өтөр мезгилге.

## БАТА БЕРҮҮ

Багына балкып сүйүнө,
Балалуу жүрсө көчөдө.
Билгизбей тиктеп өтөмүн,
Баткандай укмуш бейишке.

Кайгыны билбей сүйүнө,
Кош бойлуу жүрсө көчөдө.
Кызыгып турам жылмайып,
Киргендей кудай үйүнө.

Куш сымал кош канаттуу,
Кыялдар учат карачы.
Көздөрүм тиктейт көчөдө,
Кыздарды укмуш сымбаттуу.

Бирине эмес миңине,
Бакытка толуп өзүмчө.
Батамды берип отурам,
Бир келген ушул өмүрдө.

## АЛЛАГА КӨП БЕРЕРИМ

Аллага аппак тилегим,
Алла деп жашап жүрөмүн.
Ачка калсам кейибейм,
Аллада азыгы денемдин.

Алла үчүн күлөмүн,
Аллага көп берерим.
Аткарып жашоо милдетин,
Алла үчүн өлөмүн.

Аллага айтпай чындыкты,
Акча үчүн жашап калдыкпы.
Азабын тартып жүрбөйүн,
Аллага жүр баралы.

## КУДАЙ БАР

Өзөгүн өрттөп көп элдин,
Өлдү деп ороп көмгөнүң.
Тирүү чыгып калды го,
Түгөнгүр кимди көмгөнсүң?

Алайтып көзүн көп элдин,
Айыбын ачып бирөөнүн.
Аллага болдуң күнөкөр,
Айласыз кимди көмгөнсүң?

Атылган октун баарысын,
Ак үйдөн деп атадың.
Алды, артынан тийгенин,
Ааламга кабар кылбадың.

Өлгөн жандын баарысын,
Өлдү деп октон санадың.
Бирөө тирүү калыптыр,
Билдирбей кимди жайгардың?

Өзөгүн өрттөп күнүгө,
Өрттөнүп жүргөн бейитте.
Энелерге миң таазим,
Эсептүү бул дүйнөдө.

Жүрөгүн өрттөп күнүгө,
Жалдырап жүргөн бейитте.
Жубайларга миң таазим,
Жазыксыз бул дүйнөдө.

Кудайга койдум силерди,
Кудайсыздар билбейби.
Кутурган иттей байкабай,
Куралын көмүп ийдиби...

## УЧКУЛ ОЙ

Ыр болуп дүйнө төгүлөт,
Ырыстуу элге бөлүнөт.
Ыйманы таза жергемде,
Ынтымак жүрөт күлүндөп.

Жайылган малы жер кенен,
Жылгадан агат суу белен.
Жараткан берген жайлоого,
Жарашып жүрөт эл деген.

Аманат жанды этектеп,
Арбалып ойго чал жүрөт.
Акылга калчап дүйнөнү,
Ай өткөн жүзгө жетсем деп.

Күлкүнү күндө өпкүлөп,
Күлүк ой топтоп жаш жүрөт.
Карылык кирбей түшүнө,
Кызыгын күндүн этектеп.

## БАР БОЛ

Атасынын баласы,
Асылдыгын карачы.
Энесинин баласы,
Эркелигин карачы.

Этек-жеңи дирилдеп,
Ээлеп үйдү жүгүрөт.
Экиден кийин бешти айтып,
Эсепчидей сүйүнөт.

Кубанышсын баарысы,
Карысы менен жаштары.
Кол кармашып үчөөбүз,
Күн, Айга чейин баралы.

Балам болсун багыма,
Баш ийбеген баарына.
Эркелетип жүрөйүн,
Энесинин жанында.

Кошо чыкса көчөгө,
Күч келтирип сөөлөткө.
Көз көргөнүн алам дейт,
Кызыкканы машина.

Бала, бала, балам ай,
Басканың сенин укмуштай.
Багыбызга аман бол,
Барктаналы Күн, Айдай.

## АЧУУЛАНГАНДА

Эгемен жергемде,
Эрке өскөн баламын.
Эр жетип чоңойсом,
Элимди багамын.

Канаттуу кыргыздын,
Канатын калкалайм.
Касташкан душмандын,
Колун бүт талкалайм.

Кыргызча ырдатып,
Бир тилге өзгөртөм.
Баатыр эл кыргыздын,
Баарына билдирем.

Эмгекчилди жактаймын,
Эмгегин элге даңктаймын.
Эл душманы ууруну,
Эскиртпей асып таштаймын.

Суусун соргон жүрөктүн,
Сотторду жоюп иймекмин.

Элден чыккан душманды,
Эл сотуна бермекмин.

Болсун деп мисал башкага,
Булуттай Ак үй алдында.
Аттырып эле салмакмын,
Айыптуу түшсө колума.

Барамын сага Ак үйүм,
Булуттанбай жол күткүн.
Бешиктен белим бошогон,
Бузукту тиктейт көздөрүм.

## САКТА КУДАЙ

Уу ичсе да өлбөгөн,
Уят сөздү сүйлөгөн.
Уйкуну коштоп күн-түнү,
Улууга таазим этпеген,
Жайсыздан сакта кудайым.

Ач карышкыр өңдөнгөн,
Алганын кайра бербеген.
Алагүү болуп чак түштө,
Ата-энеге кекенген,
Жамандан сакта кудайым.

Жетилген курак маалында,
Жол жорго минбей жайкала.
Жайлоонун көрбөй ак таңын,
Жан баккан жайсыз абакта,
Жандардан сакта кудайым.

Күн тийбеген жерлерде,
Күлүктү таптап күнүгө.
Күүлөнүп чабар адамды,
Күтүшкөн түнкү сейилде,
Жиндерден сакта кудайым.

Чыңыртып сабап аялын,
Чыр каптап күндө балдарын.
Чырагын жакпай жашоонун,
Чыгарган чырдан кусалык,
Жиндиден сакта кудайым.

* * *

Мергендин көзү кийикте,
Кийиктин көзү бийикте.
Бооруна кысып экөөнү,
Беймарал турат бул дүйнө.

Жүрөт кийик оттогон,
Үмүт үзбөй жашоодон.
Жакындайт улам мергенчи,
Мылтыгын кармап октогон.

Көңүлсүз болуп туш тарап,
Кетерде кийик ыраактап.
Тарс деген укмуш үн чыкты,
Тоо ичи калды тунжурап.

Мергендин көзү кийикте,
Кийиктин көзү мергенде.
Мергенге күлсө бул дүйнө,
Кийикти тиктейт о дүйнө.

## КУУРАДЫМ

Жашоонун тездеген басыгы,
Жаштыкты кай жерге таштады?
Жарашкан кечээги кубат жок,
Жактырбай өзүмдү качтыбы?

Сүйүнүп келбеди жаныма,
Сезимге бербеди табылга.
Сайраган булбул да көрүнбөйт,
Сездирбей учтубу алыска?

Акылга баш ийип турамын,
Ачууну, таттууну ылгадым.
Ашуусун ашкыча жаштыктын
Аздан да, көптөн да куурадым.

## ЖЕТИ -ӨГҮЗ

Капчыгай ичин ээлеген.
Келген элди сүйүнткөн.
Көркөмү сонун Жети-Өгүз
Көргөнүмө сүйүнөм.

Бейишин жердин ээлеген,
Барган элди сүйүнткөн.
Бактылуу жерим Жети-Өгүз
Бактылуумун сен менен

Сырымды сага ачайын,
Сүйүнүп ыр жазайын.
Сыймыгым менин Жети-Өгүз,
Сезимдин чертчи кылдарын.

Бактылуу күндө жашагын,
Баргандын алып батасын.
Булбулдар сайрап багыңда,
Балдарга толсун кучагың.

Алланын көзү түз болсун,
Ак калпак элим көп болсун.
Агылган суулар жылгандан,
Асылым Көлгө куюлсун.

Кудаанын көзү түз болсун,
Койнуңда элдер көп болсун.
Күркүрөп аккан дарыя,
Кымбатым Көлгө куюлсун.

Көркөмү сонун Жети-Өгүз
Көңүлдүү ойноп жүрөбүз.
Койнуңдан алып жылуулук,
Көркүңдү көзгө сүртөбүз.

Ай чырайлуу Жети-Өгүз
Аралап ойноп жүрөбүз.
Ачылган укмуш көркүңдү,
Айтарга жетпейт сөзүбүз.

Сүйүүгө бай Жети-Өгүз,
Сүйүнүп ойноп жүрөбүз.
Сурма көз сулуу кыздардын,
Сынына толуп көзүбүз.

## ӨЗҮҢ БАРДА

Өзүң барда байлыгым бар, багым бар,
Өзүң барда өзөк жалгар баарым бар.
Өзүмө-өзүм ээ эмесмин жашоодо,
Өргө тартсам, ылдыйласам өзүң бар.

Өзүң барда Ала-Тоом бар, үйүм бар,
Өсүп-өнгөн келечектүү элим бар.
Өлгөндү да жылкы союп узаткан,
Өзгөлөрдү таң калтырган салтым бар.

Өзүң барда жайыт толо малым бар,
Өзүү барда булак эмген көлүм бар.
Өнөр улап доор аянын угузган,
Өзүң барда колумда үч кыл комуз бар.

Өзүң барда үйдө толо күлкү бар,
Өзүң барда тилектер бар, үмүт бар.
Өлчөөсүнө баш ийбеген теңирдин,
Өзүң барда узак өмүр жашым бар.

## УНУТТУКПУ

Туура жолдо уйку көрбөй козголгон,
Төкмөлүккө Барпы акындай үн кошкон.
Тайирбекти эскербейбиз целиктен,
Тамчы суудай кумга сиңип жок болгон.

Убагында кыргызымдын куту эле,
Учкан куштай алгыр эле курч эле.
Уят кылбай төкмө акындар ичинде,
Утуп чыгып намыс алып турчу эле.

Күлүктөрдөн күлүктүгү бар эле,
Күүлөнгөндө көктө көпкө жүрчү эле.
Кулак уккан, көз көргөндүн барысын,
Кыйналбастан ырга айлантып төкчү эле.

Унуттукпу Барпы сүйгөн адамды,
Унуттукпу байлыгы жок жардыны.
Унуттукпу кудай сүйгөн адамды,
Унуттукпу Тайирбектей акынды.

## ОЛУЯЛАР ЧЫККАН ЖЕР

Олуя, ойчул адамдар,
Орундуу сөзүн айткандар.
Он эки канат үй куруп,
Ой-тоонун сырын ачкандар,

Кылымдын тыңшап дүбүртүн,
Кабарлап бизге күнү-түн.
Көгүлтүр көлдүн жээгинде,
Көлдүктөр сезет көл күчүн.

Тоолордо тоонун түнөгү,
Тоолордун көлүм жүрөгү.
Толкуткан көлдүк элимди,
Таалайлуу көлдүн эртеңи.

Айтууга сөздү ой кенен,
Акылдуу жанга жер кенен.
Алланын берген көлүнө,
Айтылар жомок миңдеген.

Ай өтсө айда арыбас,
Айтылса сөздөр талыбас.
Алыкул ыры көлүндөй,
Ачылат күндөй карыбас.

## ЫСЫК-КӨЛҮМӨ

Сүйүнтүп өзүмдү өзүм,
Сыр төгүп жүргөн кезим.
Сүйүүндү аябастан,
Суратпай берчи Көлүм

Ызаттап өзүмдү өзүм,
Ышкыда жүргөн кезим.
Ырыңды аябастан,
Ынанып берчи Көлүм.

Мен сенден ырлар улап,
Мен сенден тапсам булак.
Мойнума алар элем,
Мээнетти келген чубап.

Канаттуу ойду талдап,
Кыйналдым ырлар курап.
Колуңду берчи Алыкул,
Кетейин сага ыктап.

Көлүңө көнө албадым,
Кызык ыр жазалбадым.
Кыйналам ушул күндө,
Калтаарып кызууланып.

Көлүңдүн көркүн карап,
Көңүлүм жабыркаnат.
Кубантаар өзүң жоксуң,
Кыйындык калды арбап.

Көгүлтүр көл жээгине,
Кайрылып келбейби эми.
Көсөмүм Алыкулду,
Кудайым бербейби эми...

Көлдөй терең билгенге,
Көлдөй сулуу таң эле.
Кудайым алып кеттиби,
Керек деп бейиш көлүнө.

## МУНДУЗ ЖАШТАРЫ

Куудай көрктүү турбайбы,
Күндө мактап ырдайлы.
Күлүктү минген аш, тойдо,
Кайраттуу Мундуз балдары.

Айдай көрктүү турбайбы,
Айда мактап ырдайлы.
Аргымак минген аш, тойдо,
Айбаттуу Мундуз жаштары.

Шар аккан суудай турбайбы,
Шаштырган тоодо уларды.
Шамалдай күлүк ат минген,
Шамдагай Мундуз жаштары.

Агарып аткан ак таңдай,
Ааламга нурун чачкандай.

Ачылат Мундуз кыздары,
Ак куулар көлдө тургандай.

Кызарып күнүм баткандай,
Кылымга нурун чачкандай.
Көрктөнөт Мундуз кыздары,
Көлүмдө сүзгөн ак куудай.

## ПУСУРМАНКУЛ АЖЫГА

Жалган сөз эмне билбеген,
Журтуна калыс сүйлөгөн.
Жатка айтып бүт куранды,
Жеткирген кыраат үн менен.
Жүрчү эле бизде бир адам,
Жылдызы жанып жүзүнөн.

Оозунан келме түшпөгөн,
Орундуу сөздү сүйлөгөн.
Он жолу барып ажыга,
Он жолу элин сүйүнткөн.
Ооматтуу кыргыз элине,
От эле чыны бир күйгөн.

Көз артпай алтын, акчага,
Кызыкпай дүйнө даңкына.
Кыргыздын атын биринчи,
Калтырган араб калкына.
Кыйлага жүрөр айтылып,
Кыйын жан эле чынында.

Арка, Анжиян элине,
Агылган тунук суу эле.
Алтымышынчы жылдардын,
Агарып аткан таңы эле.
Ачкычын ачкан ааламдын,
Аллага жакын жан эле.

Жашты да сиз деп сүйлөгөн,
Жашырбай оюн билдирген.
Жыйында айтса маселе,
Жандуунун баары сүйүнгөн.
Башкача эле бул адам,
Билинбей өттү дүйнөдөн.

Табалбай сансыз эл калды,
Тунжурап тегиз жер калды.
Тартылган жаа огундай,
Түбөлүк бизден узады.
Топураган калың эл,
Муфтийге жаназа окутту,
Түбөлүк жерге жайгарды.

Армандуу дүйнө арман ай,
Айтылар сөздөр ар кандай.
Ажылардын пири эле,
Ажырадык байкабай.
Алты кыз, алты баласы,
Арманда жүрөт толалбай.

Сегиз жаннат төрүнөн,
Сүйүнүп орун алса экен.
Сурма көз сулуу Бопонду,
Суу жээгинен тапса экен.
Нурданган сулуу жаннатта,
Нурданышып жүрсө экен.

## ЖАРАЛУУ

Ыр төгүлөт сүйүнүчтөн,
Ыр төгүлөт үмүттөн.
Ынтымактын кудайы үйдө,
Ыңаалаткан бала үнүнөн.

Төгүлөт ыр булуттардан,
Шамалдардан шаштырган.
Төгүлөт ыр жүрөктөрдөн,
Тынчтык үчүн кагылган.

Ыр төгүлөт сенден, менден,
Ыр төгүлөт күкүмдөн.
Жараткандын мээриминен,
Жарашыктуу өмүрдөн.

## ЧАЛ КУРАК

Аттиң ай, аттиң, аттиң ай,
Азапка салдың аябай.
Ашуусу бийик тоолордон,
Алсырап турам аша албай.

Отко күйгөн көсөөдөй,
От болуп кайра жаналбай.
Олжолоп берер дүйнөмдү,
Отурам сага бералбай.

Аттиң ай, аттиң, аттиң ай,
Алыстап кеттиң кайрылбай.
Алсыраттым денемди,
Арзуумду сага айталбай.

Чыгарып сөздүн ызгарын,
Чалсың деп жанды кашайттың.
Чекемден терди агызып,
Чочутуп көңүл караттың.

Чалсың деп чанып кетпегин,
Чакырсаң жылып жетемин.
Чочуткан жинден эрте кайт,
Чочубай чакыр берeним.

Кудайым берген чал курак,
Колумдан бекем карманат.
Кайрылып келчи береним,
Колдоюн сени ыр курап.

Жараткан берген чал курак,
Жактырып колдон карманат.
Жанашып келчи береним,
Жазайын сага ыр курап.

## КӨК-БЕЛ

Жеткенде сулуу Көк-Белге,
Жайылып өскөн өзүнчө.
Кубаныч каптайт жүрөктү,
Келгендей башка дүйнөгө.

Сүйкүмдүү көзгө Көк-Белим,
Сүйүнүп сенден кетейин.
Жамалы тунук көңүлдөн,
Жоомарттын жүзүн көрөйүн.

Көркөмдүү көзгө Көк-Белим,
Кубанып сенден кетейин.
Толкуган тунук көлүңдөн,
Токтогул жүзүн көрөйүн.

Курчалаган бийик тоо менен,
Көркөмү жердин көл менен.
Уланткан өмүр жээгинде,
Урматка ээ эл экен.

Бир күнүм шашып миң күнгө,
Буйдалып жүргөн кезимде.
Сый көрөр пендең болоюн,
Суу тамызчы тилиме.

Күчтүү болсо колдоосу,
Кыялдар көктө ойнойбу.
Сулуулап келген күндөрдү,
Сүйүнтүп элиң тойлойбу.

Кудайдын берген белеги,
Көл көңүлү тереңби.
Таңшыган таланттууларга,
Токтогул жери кенен би.

Ысытма чыгар денеме,
Ыдырап турган кезимде.
Көлүмдү тиктеп өтөйүн,
Курчтугуң берчи көзүмө.

## ТУНУК СУУДАЙ АГАЛЫ

Сай бойлоп келдим үйүңө,
Суу толтуруп чөйчөккө.
Сагынган черди таратып,
Сүйлөшүп бирге ичүүгө.

Жан дүйнөмдү эритип,
Жаныма келчи сүйүнтүп.
Жанашып суудан ичели,
Жактырсын көргөн сүйүнүп.

Сырдашып көңүл ачалы,
Сүйүнтсүн бизди суу даамы.
Сулуулук берген жээктерге,
Суулардай тунук агалы.

Токтобой сайда суу аксын,
Толкундар толкуп кубансын.
Тоо мүнөз менин сүйүүмө,
Тоо мүнөз сүйүүң жарашсын.

Агалы суудай агалы,
Ачылсын аалам ажары,
Ак булут болсо ак сүйүүм,
Ак булут болуп жаралчы.

## ОЙ

Сынаган жомок сөз күчүн,
Ойлорум үмүттөрүмсүң.
Оболоп көктө күн көрөр,
Кыялдар мүнүшкөрүмсүң.

Чубаткан сөздүн кербенин,
Сезимдер тилектеримсиң.
Жай кылган жалын күндөрдү,
Көңүлдөр бейиш төрүмсүң.

## КУТ ТАРАТСЫН

Кут таратып, шык таратып,
Келген күнгө сүйүнөм.
Кулу болуп, досу болуп,
Кучагында күн көрөм.

Жетсе да алым жетпесе,
Жаратканга жалбарам.
Жашоо улап өмүр чубап,
Жакшылыкка кол сунам.

Келген күндүн кучагында,
Күйүп күнгө таңында.
Көп иштерди жаратамын,
Күлгүн жаштык барында.

Бейпил түндүн кучагында,
Батам уйку жыргалга.
Барга бардай көтөрүлбөй,
Бардын жетип баркына.

Жазган ырым шык таратсын,
Жандуу ырга айлансын,
Жаркыраган бул турмушта.
Жалпыга кут таратсын.

## СУЛУУЛУК

Сулуук кыздын көзүндө,
Сулуук бала тилинде.
Сөз көчүн улап жашаган,
Сулуулук жылуу сөздөрдө.

Сулуулук Ысык-Көлүмдө,
Сулуулук айдын жүзүндө.
Сапарда жүрсөн сагынткан,
Сулуулук туулган жеринде.

Сулуулук эне мээрими,
Сулуулук Ай жүрөгү.
Сулуулук келечегибиз,
Сулуулук жаштар тилеги.

## КЫЯЛДАНУУ

Ээ бербей эрке кыялдар,
Эрчитип алга баратат.
Жаралган түркүн сонундар.
Таң калтырып караТат.

Көз кырым салып алыска,
Суктанып карап турамын.
Салынып турат алдымда,
Килем сындуу тулаңың.

Шылдырап аккан көк кашка,
Сууңдан кана ичейин.
Суусунум канып мен анда.,
Эс ала түшөт көңүлүм.

Кызыгып сага көз артып,
Жашоодо жакшы ойдомун.
Асман менен сырдашып.
Көкөлөйт бийик тоолорум.

## КАБЫЛДЫМ

Дүбүртүнөн келген күн-түндүн,
Доор үнүн угамбы деп тилендим.
Дайыны жок сөз берметин табалбай,
Дүйнө кезип каларымды билбедим.

Шоокумунан шамалдын шоокумунан,
Шуулдаган шамалдын үнүн угам.
Шашкан биздин күндөрдүн дайнын таппай,
Шашкалактап ырларым сага ыктайм.

Арбыса да асыл ойго чабытым,
Ачалбадым жакшы ырлардын алышын,
Арыла албай жек көрүндү санаадан,
Алсыздыктын аралына кабылдым.

## ЧАБАЛЕКЕЙ

Чыдамы күчтүү баарынан,
Чырылдап күлкү тынбаган.
Чабалекейлер учушат,
Чарчоону билбей үй салган.

Быйыл да биздин айылда,
Бөлөнүп күлкү, бакытка.
Бооруна үйдүн үй салып,
Балдарды бөлөп шаттыкка.

Чырылдап тез-тез учушат,
Чымынды көктөн тутушат,
Чарчоону билбей айылда,
Чырайлуу үй салышат.

## ЖОЛ БИРӨӨ

Элим сансыз кан бирөө,
Эсеп сансыз сан бирөө.
Эсеби жок сүйүүдөн.
Ээсин тапкан жар бирөө.

Өмүрлөр көп жан бирөө,
Өмүрлөр көп дарт бирөө.
Өлчөөгө алган жашоону,
Өкүндүргөн шарт бирөө.

Күлкүлөр көп ооз бирөө,
Күчтүүлөр көп бак бирөө.
Көлдө-чөлдө, абада,
Күн күзөткөн жол бирөө.

Ойлор сансыз баш бирөө,
Ордо бузган кас бирөө.
Обологон бийикке,
От тиктеткен көз бирөө.

## ЖАКШЫЛЫККА УМТУЛУУ

Байлык эмне душманбы,
Байлыгы көптөр төш какты.
Бүгүнкү күнгө жарашкан,
Бийик үйдү кең салды.

Акча эмне душманбы,
Акчалуулар төш какты.
Ажары күнгө жарашкан,
Алтын үйдү ким салды?

Баары кудай пендеси,
Оозунда бар келмеси.
Отуруп үйдө суранса,
Олжону кудай береби.

Байлыкты душман көрбөйлү,
Баалабай чачып ичпейли.
Көмүскө жерге топтобой,
Келечек үчүн берели.

Жакшы заман келгенде,
Жараткан өзү береби.
Жакыр жүрбөй баарыбыз,
Жакшы күнгө жетейли.

## ОЙЛОН

Белдүү менен белдешпе,
Белдүү тебет ээгиңе.
Бүлүнтүп тапкан дүйнөңдү,
Буйдалап салат бир күндө.

Ооматтуу менен ойношпо,
Ооматтуу ойнойт ободо.
Олжолоп тапкан дүйнөңдү,
Отургузат чаң жолго.

Алдуу менен алышпа,
Алдуу турат асманда.
Арбытпай тапкан дүйнөңдү,
Аңтарып салат заматта.

## ТЕҢИРДЕН СУРАНУУ

Чытырман токой ичине,
Чымчыктай учуп кирсем ээ.
Чыгарып сырды элиме,
Чындыкты сайрап берсем ээ.

Чочулоо түшүп башыма,
Чок басып жүргөн убакта.
Чаңында калбай дүбүрттүн,
Чоң акын болуш каякта?

Акылдашпай башкага,
Адашып жүргөн убакта.
Ат үстүндө ыр курап,
Атактуу болуш каякта.

Өмүрдү сайып башкача,
Өнөрдүн түштүм жолуна.
Өлбөстүн суусун ичирип,
Өмүрлүү ыр бер багыма.

## НЕБЕРЕМЕ

Багыма менин бир келген,
Жанымда турсаң неберем.
Бактылуу сезип өзүмдү.
Жылдызга көктө теңелем.

Жашоомо жанып бир келген,
Жаркылдап турса неберем.
Жомокто ханды көргөндөй,
Жан тартып ага ийилем.

Өмүрдөн кымбат шириним,
Баш ийип сага берилдим.
Бүтүн сезип өзүмдү,
Бүгүнкү күнгө ээлендим.

Тоолордой бийик болоруң,
Тунук болсун ойлоруң.
Бактылуу күндө жашай бер.
Түгөнбөй жашоо жомогуң.

## СЫЙКЫР КҮЧ

Жүгүрсөм кошо жүгүргөн,
Жүгүргөн сайын сүйүнгөн.
Чаң жуктурбай тилиме,
Тоо суусунан ичирген.
Жетегинде ырлардын,
Атылган октой кулагым.

Жөтөлсөм кошо жөтөлгөн,
Оорумду бирге көтөргөн.
Көкүрөктө дартымды,
Кетиришке кам көргөн.
Жетелейт мени сыйкыр күч,
Кубантып күндө ыр менен.

Багымды жөлөп багыңа,
Багынтып барктуу тагдырга.
Баалуулукту миңдеген,
Байкатпай алып сынаган.
Бейиштин нурун таратып,
Чакырат ырлар сыйына.

## БОЛОБУ?

Колго түшкөн коёнду,
Коё берсем болобу.
Кычыраган чилдеде,
Кыш көңүлү ооруйбу.

Торго түшкөн коёнду,
Тартуу кылсам болобу.
Түгөнбөгөн сырга бай,
Түн көңүлү ооруйбу.

Сыйга келген коёнду,
Сыйга берсем болобу.
Сымап болуп көңүлүмө,
Суук сөздөр толобу.

Өзү келген коёнду,
Өзгөгө берсем болобу.
Өрттөй каптап суук сөздөр,
Өзөккө күл толобу.

## КОМУЗ

Келтирип күүгө толгосун,
Комузчу чертсе комузун.
Коргошундай жан ээрип,
Күүсүнө агып кошулдум.

Утурлап күүгө толгоосун,
Улуу жан чертсе комузун.
Уртума күлкү түнөтүп,
Угулган күүгө кошулдум.

Келтирген көзгө жыргалды,
Күүсүндө жашоо жыргалы.
Кымбатка турган өмүрдөн,
Кызыктар күүдө айтылды.

Кыргыз бар да комуз бар,
Кылымдар күүсү угулар.
Кудайым салган көз кырын,
Комуздун сыйкыр үнү бар.

Өрчүткөн жанда өмүр бар,
Өлчөгөн жанда өлүм бар.
Өлбөгөн жаны кыргыздын,
Өмүрү узун комуз бар.

## ЖАНЫП ӨТ

Сыйкырдуу сүйүнүчтөр көкүрөк тээп,
Турганда сезимиме үрөнүн сээп.
Тартуулап бергим келет силер үчүн,
Колдогу дүнүйөмдү мегиле деп.

Кокустан келсе кайгы жан кыйнаган,
Оолактап алыс кетпей коркунучтан.
Карматып гүлдестени колуңарга,
Тикенди алгым келет колуңардан.

Мейли мен болсом дагы болбосом да,
Силерден суранарым жалгыз гана –
Жашоого жарык берген күн нурундай,
Жарыгын чачып өткүн заманыңа.

## УШУЛ КҮЗ

Кыз келбетин каректерге,
Тартар мезгил ушул күз.
Сөз берметин сулууларга,
Айтар мезгил ушул күз.

Жакшы ырларды жүрөктөрдөн,
Жазар мезгил ушул күз.
Чагылгандай көктү жиреп,
Жанар мезгил ушул күз.

Сулуу таңдын нурун чачкан,
Көрөр мезгил ушул күз.
Сулууларды нурданышкан,
Өбөр мезгил ушул күз.

Тунук суусун булактардын,
Ичер мезгил ушул күз.
Жылуу үйгө кол кармашып,
Кирер мезгил ушул күз.

## АЙЫЛЫМ

Жийде жыттуу айылым жийде жыттуу,
Жаралгансың мага өтө аянычтуу.
Жакшы күндө өзүңө жандаш болуп,
Жашоо улап келемин сагынычтуу.

Артык көрүп борборду самабадым,
Айылым деп алдыңда күйүп-жандым.
Акыл айтып жанымда күйүп турган,
Аялым да өзүмдүн айылдашым.

Башка айылга бурбадым тилегимди,
Балдарды да айылда кудай берди.
Багы ачылган айылым өзүң үчүн,
Багын байлап арнаймын жүрөгүмдү.

Күнүм менен кошулуп күндө күлөр,
Колтугумда бир этек неберелер.
Кудай кошкон айылым жашай бергин,
Каткырышып көбөйсүн чеберелер.

## УМТУЛУУ

Ак буу болуп бууландым,
Ак булутка жетишке.
Агарган көктө булуттай,
Аппак өмүр сүрүүгө.

Тунуктук ачып кучагын,
Сергитип жанды башкача.
Өзүмдү көпкө билгизип,
Жазайын ырды жаңыча.

Ак булутту көктөгү,
Айдап шамал кеттиби.
Арзып жазган ырларым,
Армандуу жашын төкпөйбү.

Ак буу болуп буууланып,
Булутка оюм жетсе экен.
Көз кумарын кандырып,
Бийикте өмүр сүрсө экен.

Тилегеним күнү-түн,
Эмгегим берип үлүшүн –
Ачылып элге маанайым,
Акталса деймин үмүтүм.

## ДИЛИМДЕ

Дүрт эткен сүйүү учкуну,
Жалындап турган учуру.
Кечиктирбей оттук ал.
Чече билип учурду.

Дилимде сүйүү ырлары,
Жыты аңкыган убагы.
Кечиктирбей жыттап ал,
Табият берген жыргалды.

Дилимде сүйүү башкача,
Обон салып турганда.
Кечиктирбей тыңшап кал,
Жолдошу болуп жанында.

## ОРДО ОЮНУ

Унутка таштап койбойлу,
Улуттук ордо оюнду.
Кылымдан калган бул оюн,
Келгиле достор ойнойлу.

Талап кылган тактыкты,
Тартипти жана сактыкты.
Кыргыздын бул оюну,
Кызыктырмак кыйланы.

Жети дубан биригип,
Жыйналган эли сүйүнүп.
Ордо оюну башталды,
Оюнчу чыксын бөлүнүп.

Ордо оюну кызык ээ,
Ооматтуу жетет жеңишке.
Ойнобойт анча ортодо.
Ойлонбой келе бергиле.

## ЖАҢЫ ЖЫЛ

Келгиле, достор, келгиле,
Көңүл ачып кеткиле.
Аяз ата келиптир,
Апакай биздин мектепке.

Тынчтык ырын ырдайлы,
Тынч болсун элдин маанайы.
Урмат-сыйга бөлөнсүн,
Улуу-кичүү баарысы.

Келгиле, балдар, келгиле,
Күлкү толгон мектепке.
Көтөрүлсүн көңүлдөр,
Көңүлдүү өмүр сүргүлө.

Жаңы жылым келдиби,
Жалпыга салам бердиби.
Жашоонун шаңын көтөрүп,
Жаратчы күндө күлкүнү.

## УШАК

Айтканга ушак устабыз,
Ачылып көңүл угабыз.
Ак-караны ылгабай,
Айткан сөздү бузабыз.

Укканга ушак устабыз,
Уктабай түндөп угабыз.
Ууру алса да дүйнөнү,
Укмаксанга салабыз.

Ордо көптү билет деп,
Ордо айтканын этектеп.
Оромол ороп моюнга,
Отурабыз ушак жеп.

Ушак, ушак, ушак деп,
Ушак салат тузак деп.
Улутунуп коёбуз,
Ушакчы бир күн жылат деп.

## БИЛЕЙИН

Ак, караны тааныткан,
Акылды башта байыткан.
Ай-ааламды пир тутуп,
Алланын чыкпас жолунан.
Арзып сүйөр кимим бар,
Айтчы мага Жараткан.

Узун-кыска жол менен,
Угузуп оюн бир келген.
Укмуштуу бул ааламда,
Учуп кетпес түнөктөн.
Улук туткан кимим бар,
Угузчу Аллам ыр менен.

Семиз, арык сөздөрдүн,
Санап билген түрлөрүн.
Сыйкырдуу бул ааламда,
Сыздатпай сыйлар өмүрүн.
Сый көрөр айтчы кимим бар,
Сүйүнтчү Аллам билейин.

## КЫЗЫК

Ссуда сүзгөн балыктан,
Суу ичинде из калбайт.
Көктө учкан көп куштар,
Көк бетине из салбайт.

Асманда аба көрүнбөйт,
Абадан аба бөлүнбөйт.
Эртең эмне болорун,
Кудадан башка жан билбейт.

Булутта бут жок басканга,
Булаксыз суу жок акканга.
Бирикпейт ойлор ойлорго,
Бүтүндүн күчү жармында.

Булут колго кармалбайт,
Жылдыздар көктө жаралбайт.
Жолдорду жолго улаган,
Жүргүнчү жол тандабайт.

## ИШЕНҮҮ

Жаз жамгыры нөшөрлөнүп тынымсыз,
Жаап жатты жерди сабап, бой уруп.
Жарып өткөн кең асманды экиге,
Жалын чачкан чагылганга кошулуп.

Буйгоо таппай уруп ойду ар жерге,
Бойду таштап кошула албай нөшөргө.
Бир күнүмө болдум кечке убара,
Бошотпогон түйшүк түшүп күнүмө.

Күн күркүрөп кулак, мээни тундуруп,
Кеткен өңдүү жашообузду бүт жутуп.
Карайланат кыйын күндө калгандай,
Кызыктарды бир заматта унутуп.

Булуттардын көчүн улап тиктеймин,
Буулугат ой канча экенин билбеймин.
Башым жетпей кубулушка көрүнгөн,
Бардыгына Кудайымдын чын деймин.

## ТИЛЕК

Жаңы жылым келсе экен,
Жадырап колун берсе экен.
Жоомарт мүнөз элиме,
Жашоонун шаңын төксө экен.

Көңүлдүн кылын чертсе экен,
Күйүттү айдап кетсе экен.
Кары, жашты кубантып,
Кумарын элдин жазса экен.

## АСЫЛ ОЙ

Тутанбаган ушактардын жанында,
Тамыр улап таарынычтар күч алса.
Түбөлүктүү асыл ойду кармаган,
Таңы аппак асыл ойдун астында.

Мыйыгынан күлүп турса жамандык,
Моюндабай жакшылыкты жарты алып.
Минген атты жоргосунан жаңылтпай,
Мингим келет жакшыларга жандатып.

## БУЛУТТАР

Буулукканда булуттарды караймын,
Бул дүйнөдөн кетип улам чыдайын.
Барар менин жолдорумда тумандап,
Баскым келбейт тартып кайгы, азабын.

Тартса улам жерди көздөй кусалык,
Толкуйт дуйнөм төгүлгөндөй чайпалып.
Теңир берген Улуу тоолор койнунда,
Теңин таппай калгансыймын адашып.

Жолугууга келчи мага бир ирет,
Жолуң тосуп күтөйүнчү келет деп.
Жамгырыңды аябачы булуттар,
Жазгы жааның себелетчи нөшөрлөп.

Тазарайын келгин мага кайтадан,
Төкчү бүгүн жамгырыңды суранам.
Таалайына таттуу кыял эркелеп,
Тазаласын көздөрүмдү жашыган.

## ДОСТОРГО

Таң шооласы төгүлдү,
Тамылжып көзү көрүндү.
Тамырын жайган жашоого,
Таратып таттуу өмүрдү.

Көктөгү күнүм көрүндү,
Көркөмдүү нуру төгүлдү.
Кулачын жайган жашоого,
Кош-колдоп сунуп өмүрдү.

Кубанып көктү караймын,
Күнүмдөн көптү сураймын.
Кадырга жетер элиме,
Күлкүсүн чачсын ылайым.

Таңданып көптү караймын,
Таңымдан көптү сураймын.
Тамырлаш түптүү элиме,
Тынчтыгын берсин ылайым.

Таң атты таңды тосолу,
Таңда аткан таңдай бололу.
Толтуруп ички дүйнөнү,
Тосолу, достор, тосолу.

Күн чыкты күндү тосолу,
Көктөгү күндөй бололу.
Кемитпей ички дүйнөнү,
Күнүгө достор тосолу.

## МЕКТЕБИМЕ

Мектебим менин мектебим,
Мекени сенсиң жүрөктүн.
Миңдеген жылдар жашай бер,
Миң жылдап учсун тилегиң.

Жакшылык тилеп баарына,
Жадырап өмүр багына.
Жашоого тынчтык тилейсиң,
Жараткан кудай алдында.

Бала кыял мектебим,
Балдардай сенин күлгөнүң.
Балдардан башка дүйнөгө,
Бөлөнбөйт билем өмүрүң.

Балдар күлсө күлөсүң,
Балдар менен жүрөсүң.
Бааланып бала дүйнөгө,
Баладай кызык мүнөзүң.

## КАДЫРЫ БАРКТУУ ЭЖЕКЕ

Он алты мектеп жанында,
Ойлорго батып башкача.
Обдулам неберем менен,
Отуруп бирге окууга.

Бооруна кысып ар качан,
Балдарга баалуу сөз айткан.
Бактылуу бул эжеке,
Башкача бүгүн карасам.

Сөздөрүн айтып асылын,
Сөздөрдүн ачып тагдырын.
Сүйүнтөт сүйкүм балдарды,
Сөздөрдүн баалап байлыгын.

Билимди бирден баштаган,
Бактылуу балдар окуган.
Багытты туура белгилеп,
Башкарат эжей Зууракан.

Күн болуп нурдай төгүлөт,
Күлкүсү жанды эритет.
Кайраты күчтүү эжейдин,
Кадыры барктуу өңдөнөт.

## ЫРДАП ЖҮРӨЙҮН

Журт тагдырын ойлонуп,
Журтум үчүн толгонуп.
Жакшылардын катарын,
Жашоодо жүрөм толтуруп.

Ойлобой жашоо жалганын,
Оболоп учат кыялым.
Обдулуп өзүң тарапка,
От болуп күндө жанамын.

Жашодо журтум дайыма,
Жүрөйүн сенин жанында.
Жараткан өзүң сактагын,
Жаман жолго буйруба.

Жашоодо жанып өтөйүн,
Жанымды сага берейин.
Журтума тийип керегим,
Журтум деп ырдап жүрөйүн.

## КАР

Жакшы күндү ээлентип,
Жергеме ак тон кийгизип.
Жарашыктуу кыш келди,
Жаш балдарды сүйүнтүп.

Күлкүсүн чачкан кыш айы,
Күлүңдөп карайт карачы.
Күүлөнүп чана тебишет,
Кубанган жаш балдары.

Жамынган жергем аппак кар,
Жараткан берген жыргал ал.
Жактырат балдар ак карды,
Жүзүндө кардын жыргал бар.

Ойдо, тоодо жүгүргөн,
Оюн ойноп сүйүнгөн.
Ооматтуу кыргыз балдары,
Оonалайт кышта бир келген.

## УМТУЛУУ

Агын суулар таштан-ташка куланып,
Тоодон ылдый өзөндөргө агылат.
Колдон колго өткөн кеме жашындай,
Күн да тоодон тоого батып баратат.

Жанымдан көрүп укмуш сулуукту,
Жанымдан сезип жатам жылуулукту.
Мен дагы жакшы жолго аттанамын,
Камчылап койгулачы минген атты.

## ЭЛ СОНУН

Ала-Тоо сонун, мен сонун,
Жанымда жүргөн сен сонун.
Жактырып бизди караган,
Жүздөрү жарык эл сонун.

Ала-Тоо сонун, төр сонун,
Жайылып жүргөн мал сонун.
Жакага тоодон агылган,
Шаркырап аккан суу сонун.

Ала-Тоо сонун, ай сонун,
Очокто күйгөн от сонун.
Өлбөстүн күнүн өткөргөн,
Жолоочу жүргөн жол сонун.

Мөңгүсү калың тоо сонун,
Көк чийген бийик зоо сонун.
Жарашкан кокту-колотко,
Жарышып өскөн чөп сонун.

Жазылып күлгөн жар сонун,
Батасын берген чал сонун.
Колдоого алып башканы,
Байлыгын чачкан бай сонун.

Жоктон көрө бар сонун,
Тардан көрө кең сонун.
Бөлүнбөс түндүк, түштүккө,
Ынтымактуу эл сонун.

## ТҮЙШӨЛҮҮ

Кастарлап ырды тизбеген,
Карып калган өңдөнөм.
Көзүмдүн кетип курчтугу,
Кубатым кетиптүйшөлөм.

Сулуусун ырдын тизбеген,
Суук тартып калган өңдөнөм.
Сур булут кетпей оюмдан,
Сүзөктөп неге түйшөлөм.

Шурусун ырдын тизбеген,
Шор тартып калган өңдөнөм.
Шор мээнет кетпей оюмдан,
Шалдырап неге түйшөлөм.

Асылын ырдын тизбеген,
Акылдан кайткан өңдөнөм.
Айтууга жакшы сөз таппай,
Арбалып неге түйшөлөм.

## АКЫЛЫМ БАР, АКЧАМ ЖОК

Акыл жетет баарына,
Алым жетпей кыйналам.
Акчалуулар тоосунан,
Аша албай арбыйт убарам.

Көзүм жетет баарына,
Кубат жетпей кыйналам.
Көркүнө кат-кат акчанын,
Кызыгып арбыйт убарам.

Сомго сомдой жарашкан,
Сомчулдарга таң калам.
Сабынан калбай турмуштун,
Сом деп күчөйт убарам.

Сомго болгон убарам,
Созулса көпкө кыйналам.
Сом элестеп көзүмө,
Сүйүнүп кыйла чыйралам.

## КААЛОО

Эмгек кайнайт, эл жайнайт,
Талаа бүгүн шаңданат.
Көктө күнүм күлүмсүрөп,
Чекеден тер агызат.

Сулуу дүйнө, сулуу жашоо,
Кетпей элдин жанынан.
Кучактаса дыйкандарды,
Көзүм көрүп кубанам.

Сүйүнүчкө толсо дүйнө,
Кошо күлөт дыйканым.
Көңүлүнө шаттык берип,
Дыйкан ырды жазамын.

Дыйкан күлсө кошо күлөм,
Жыргалга тең батамын.
Дыйкан менен кошо жүрүп,
Дыйкан ырды жазамын.

## ТИЛЕК

Жадыраган жай айым,
Жактырып сени караймын.
Жетелеп келчи кызыңды,
Жүйөлүү сөзүм айтайын.

Кадырлаган жай айым,
Көңүлдүү сени караймын.
Көрсөтчү мага кызыңды,
Кубантып сөзүм айтайын.

Сүйүндүргөн жай айым,
Сүйүнүп сени караймын.
Сулууңду келчи жетелеп,
Сүйүнтүп сөзүм айтайын.

Жылдызы жанган жай айым,
Жаныңдан такыр чыкпайын.
Жанашып сулуу кызыңа,
Жомоктой жашоо баштайын.

## ТАЛДУУ-БУЛАК

Талдуу-Булак, тал булак,
Таңтантып көптү кaратат.
Тамырын кармап пенденин,
Тамырдан өмүр жаратат.

Талдуу-Булак, тал булак,
Түмөн элди чакырат.
Толкундап өткөн жолоочу,
Тоолордой сооп арттырат.

Талдуу-Булак, тал булак,
Талпынуум сага артылат.
Тазарсын көңүл өзүңдөн,
Тамчыңдан берчи тартуулап.

Жараткан мээрим чачкан бейм,
Жактырып көзүн ачкан бейм.
Жан тартып өткөн кеткенге,
Жаннатка жолду ачкан бейм.

Жүз чайып сыйкыр суусуна,
Жүздөнтүп жүздү жалпыга.
Жактырып бата беребиз,
Жараткан булак Аллага.

## КЕТКЕНИМ ЖОК

Ашынып байлыгыма көпкөнүм жок,
Адашып жаман жолго түшкөнүм жок.
Азгырган жаман ойдоң алыс болдум,
Алыстап айылымдан кеткеним жок.

Сапарда аттын башын бурганым жок,
Сапарлаш жанды жардан түрткөнүм жок.
Санаалаш курбулардын катарында,
Сагынган мээримимден кайтканым жок.

Тоолорум тоодой күчтө турду коштоп,
Табылгыс байлыгыма байлык топтоп.
Тобуман бөлүнбөдүм ошондо да,
Табылгам жалгыз сени турдум чоттоп.

## КЫЗЫЛ-СЕҢИРИМ

Жанымдай Кызыл-Сеңирим,
Жактырып сени өтөрмүн.
Жазылган сүйүү ырларын,
Жарчысы болсун күлкүңдүн.

Сүйүнткөн Кызыл Сеңирим,
Сүйүүсү сенсиң жүрөктүн.
Сыныңа толуп ырларым,
Сыймыгы болсун күлкүңдүн.

Таң менен кошо аттанган,
Тагдырга тактык арнаткан.
Таалайлуу элде бирөө бар,
Табылбайт андай оң, солдон.

Кызыл-Сеңир элинде,
Кызыл-Сеңир жеринде.
Кызыктырган бирөө бар,
Кылымга калар жүрөктө.

Кызыл-Сеңир ак куусу,
Кызыл-Сеңир таттуусу.
Кылыгы жандан башкача,
Кызыл-Сеңир жакшысы.

Жараткан берген табылга,
Жанында болсун дайыма.
Жазылган, жазар ырым бар,
Жазайын ырды дагы да.

## СУУСАМЫРДА

Жактырып сөздү сүйлөйсүң,
Жанашып үйгө кир дейсиң.
Жылмайган жүзүң нурданып,
Жалбарып кымыз ич дейсиң.

Сүйүнүп сөздү сүйлөйсүң,
Сүйүнтүп үйгө кир дейсиң.
Сезимде калар бир күндү,
Сездирбей кымыз ич дейсиң.

Көркөмдүү үйгө кирейин,
Көз менен төрүн көрөйүн.
Кымча бел сулуу келиндин,
Колунан кымыз ичейин.

Жарашып үйгө кирейин,
Жасалган төрүн көрөйүн.
Жайдары келин колунан,
Жактырып кымыз ичейин.

Сөз менен жүрөк эритсең,
Сүйүнтүп сүйүүң сездирсең.
Сезимге сыйбай сүйүнүч,
Селт дей түштү карт денем.

Кымызга жанды эритсең,
Кылыктуу сүйүү сездирсең.
Көңүлгө сыйбай сүйүнүч,
Кызыгып турду карт денем.

Суусамыр жайлоо кең экен,
Суктана турган жер экен.
Сыр сактап үйдүн ичинде,
Сүйүнүп турдум ичимден.

Көркөмдүү жайлоо кең экен,
Көркүнө өзү тең экен.
Куш болуп учуп тилегим,
Кызыгып турдум ичимден.

## БАСЫНБАЙЛЫ

Жарашкан жаштык келбесе,
Жараткан кайра бербесе.
Жашыган менен не пайда,
Жаратып кайгы жүрөккө.

Сүйүнткөн жаштык келбесе,
Сүйүнтүп кудай бербесе.
Сыздаган менен не пайда,
Суу бүркүп жанган жүрөккө.

Кубанткан жаштык келбесе,
Кудайым кайра бербесе.

Кайгырган менен не пайда,
Кайрылбас кыска өмүргө.

Бааланып келген күндөргө,
Бааланып келген түндөргө.
Бактылуу өмүр сүрөлү,
Басынбай өтөр мезгилге.

## БАТА БЕРҮҮ

Багына балкып сүйүнө,
Балалуу жүрсө көчөдө.
Билгизбей тиктеп өтөмүн,
Баткандай укмуш бейишке.

Кайгыны билбей сүйүнө,
Кош бойлуу жүрсө көчөдө.
Кызыгып турам жылмайып,
Киргендей кудай үйүнө.

Куш сымал кош канаттуу,
Кыялдар учат карачы.
Көздөрүм тиктейт көчөдө,
Кыздарды укмуш сымбаттуу.

Бирине эмес миңине,
Бакытка толуп өзүмчө.
Батамды берип отурам,
Бир келген ушул өмүрдө.

## ЖАШТЫКТЫ ЭСТӨӨ

Кызарган көрктү карасам,
Кызыгып ага жанашам.
Кайрылып күндө барсам дейм,
Картайып улам баратам.

Жашарган өңдү карасам,
Жактырып ага жанашам.
Жанында күндө болгум бар,
Жаш өтүп улам баратам.

Учуна ойдун жетсем дейм,
Узарып колум жүрсө дейм.
Узакка кеткен жаштыкты,
Уурданып барып көрсөм дейм.

Көркөмдүү сөздөр болбосо,
Көркүнө күлкү толбосо.
Кызыгын кантип жашырам,
Картайган сүйүү тойбосо.

Жүйөлүү сөздөн болбосо,
Жүзүнө күлкү толбосо.
Жыргалын кантип жашырам,
Жашы өткөн сүйүү тойбосо.

Кубанбай кантип жүрөйүн,
Кол берчи күндө күлөйүн.
Картайсам өзүм мейличи,
Картайбай жүрсүн жүрөгүм.

## СИЛЕР ҮЧҮН

Күндө окуган силер үчүн ырларым,
Күн кучактап күлүп жүрсүн ылайым.
Кыялдардын кушу болуп көкөлөп,
Колуңарда кор кылбасын турагың.

Орозонун ооматтуу бул күнүндө,
Оттук жагып ар бир өткөн күнүнө.
Оодарылбас шамалына душмандын,
Ооматтуу ыр жазам күндө силерге.

Айылымдын карылары, жаштары,
Акыл калчап жакшы жолдо баралы.
Айтса оюн Жеңиш бүгүн ыр менен,
Арбап ойду он мүнөткө угалы.

Алыстарга жетпей күндө чамабыз,
Ара жолдо кыйындыкты тартабыз.
Алла берген ыйык күндөн адашып,
Ансыз деле азайып баратабыз.

Айлуу түндө жазам ырды силерге,
Ай өптүрүп аппак ырдын дилине.
Ашыгышпай көңүл коюп уккула,
Айылдаштар өмүр деген жүрүштө.

## ТҮГӨЙ ТАП

Жарышып кирип каныңа,
Жаныңда жүрүп дайыма.
Жашооңду сенин билбеген,
Жалгыздык душман багыңа.

Короолош болуп дайыма,
Күнүгө жүрүп жаныңда.
Күлкүңдү сенин укпаган,
Кызганыч душман багыңа.

Билинбей сага дайыма,
Бөлүнбөй жүрүп жаныңда.
Баркыңды сенин сезбеген,
Байлыгың душман багыңа.

Тамаша сөздөн алыстап,
Тезинен издеп түгөй тап.
Тууруна кут көндүрүп,
Тагдырлаш болсун ар убак.

## ПИКЕТЧИЛЕР ДЕБЕҢИЗ

Уланып улам көчүбүз,
Сексен бирге жеттик биз.
Байыркы элдин байлыгын,
Сактайлы деп чечтик биз.
Толкуган элди кор кылбай,
Багалы деп келдик биз.
Убакыт тар болбосо,
Күндө улана бермекпиз.
Эки айга берсе мөөнөттү,
Миллионго жетмекпиз.
Талаадан түшүм жыйнабай,
Президент болуп өтмөкпүз.
Ак үйдүн келсек алдына,
Көбөйүп бизге жемеңиз.
Пикетчилер дебеңиз,
Биз пикетчи эмеспиз.

Байлык топтоп ар жактан,
Багышка элди аттанган.
Президенттике талапкер,
Баатырбыз келген айылдан.

Биз кыргыздын уулубуз,
Биз кыргыздын кызыбыз.
Бактылуу кыргыз элине,
Бакыттын курун чачабыз,
Бакытка жолду ачабыз.

## АЙТ МАЙРАМДА

Ак булуттар асманда,
Ай кучактап турганда.
Аргымак минип бел ашып,
Ашыгым келчи жаныма.

Көк булуттар асманда,
Күн кучактап турганда.
Күлүк минип бел ашып,
Кымбатым келчи жаныма.

Күлүк шамал күнүгө,
Көнүл улап желдене.
Күткөнүм ошол билип кой,
Келишиңди үйүмө.

Шоктонгон шамал күнүгө,
Шоокумун салып желденсе.
Шашылып келчи суранам,
Шамдан кийин үйүмө.

Орозонун түнүндө,
Оттук жагып сезимге.
Ойлонбостон келе бер,
Отурам күтүп үйүмдө.

Ачылып бүгүн өзгөчө,
Алдастап турган кезимде.
Айт майрамда күтөйүн,
Айттырбай келчи үйүмө.

## КАНЫМЫН КЫРГЫЗ УЛУТТУН

Көк ирим көлдөй тунукмун,
Көксөгөн ойдой улукмун.
Кылымга даңгыр жол салган,
Канымын кыргыз улуттун.

Журтумдун бир уулумун,
Жамгырдын тамчы суусумун.
Жараткан элим too ырдын,
Жөнөкөй бир кумумун.

Байлыгым көп жыйнаган,
Барымды сага гана айтам.
Биримди улап экиге,
Бийиктеп ырдан куралам.

## ТОЙ ЫРЫ

Тамырды туура кармаган,
Табына карап таптаган.
Таанытып кыргыз элине,
Таалайына жаралган.
Түптүү элдин туйгуну,
Жаныбек досту бай кылган,
Өзгөндүк сулуу Батмакан.

Алланын ишин аткарган,
Адалдыкты пир туткан.
Амал кылбай максатты,
Акыл айтып жашаган.
Айтылуу Ак-Баш элинде,
Айтылып жүрөр көп элге.
Жаныбек достун күлкүсү,
Акылы тунук Батмакан.

Куттук айтып баарыбыз,
Кубанып, күлүп турабыз.
Эки жаштын тоюнда,
Алкоону айтып санаксыз.
Көкүрөк күчүк уулуңдун,
Көкүрөк күчүк келиндин,
Көңүлүн улап ырдайбыз.

Ишке ашты бүгүн оюңар,
Куттуу болсун тоюңар.
Үйүңө толсун небере,
Жайнаган көрктүү гүл сымал.

Журт ичинде айтылар,
Жуп болсун элге таанымал.
Жибектей жумшак балдарды,
Жайгарып куттуу үйүңө,
Жаныбек досум багып ал.

Айылда алкоо айтылар,
Ай, күндөй болсун таанымал.
Келиним дебей кызым деп,
Булуттай үйгө киргизип,
Аяшым Батма багып ал.

Жылдызы жанган кудалар,
Кут болсун күйөө балаңар.
Жарыгы өчпөс күн болсун,
Эки элге нуру чачыраар.
Уул-кыздарга үй толсун,
Кызыңардан уланар.

## ӨЗҮМӨ-ӨЗҮМ

Үзүлбөгөн үмүт улайт оюңду,
Үшкүрүнүп айта бербе жогуңду.
Үлгү болор адамдар көп арада,
Үлүл сымал жашырбачы боюңду.

Улгайганда неге алысты чабыттайм,
Улуулугун келген күндүн баалабайм.
Урушарга жоо таппаган адамдай,
Уюткулуу жакшылыктан алыстайм.

Карыганда жол талашып жаштардан,
Кыйын күнгө неге өзүмдү таңуулайм.
Көк чай ичип үйдө жатсам болбойбу,
Күлүк минип ыр тойлорго ашыгам.

## ТЕҢИРИМДИН АЛДЫНДА

Атаганат алдуулардын алдында,
Арман күчөп алсызданып турганда.
Асманда айдан шоола болуп төгүлдүң,
Ачып жолду Алыкулдун айлына.

Бели бекем бактылуулар алдында,
Бармак тиштеп айла кетип турганда,
Булут жиреп кун нурунан төгүлдүң,
Барар жолго Барпы акындын айлына.

Көчүн улап мезгил алга шашылса,
Кулач жайып келген күндүн таңына.
Кадыр салып баргым келет токтобой,
Күлүк акын Токтогулдун айлына.

Ой чабытын алыстарга бурайын,
Ойлондурган асыл жанды табайын.
Оомат тилеп теңиримдин алдында,
Оргуп чыккан мүрөк суудан ууртайын.

## СЫЙМЫКТАНУУ

Улуулар баркын жоготпой,
Урунуп көзгө жомоктой.
Сулуулук сактап жашоодо,
Умтулам алга ойлонбой.

Баатырлар баркын жоготпой,
Баяндап элге жомоктой.
Баркына жетем жашоонун,
Бактылуу күндө ойлонбой.

Санжыра баркын жоготпой,
Сөз кошуп күндө жомоктой.
Сулуулук берип жашоого,
Сүйүнүп жашайм ойлонбой.

Кылымдап көчүн улаган,
Кыргызмын Кудай жараткан.
Көркүнө бүгүн жергемдин,
Кызыгып тиктейт бүт аалам.

## БҮТҮНДҮКТҮ САКТАЙЛЫ

Тартынбай айтам оюмду,
Теңирим аччы жолумду.
Таалайы тайкы бул бийлик,
Таарытып салды жолумду.

Кысынбай айтам оюмду,
Кудайым аччы жолумду.
Куру сөздүү бул бийлик,
Кууратып салды болгонду.

Айбыкпай айтам оюмду,
Аллам аччы жолумду.
Акчага тойбос бул бийлик,
Алганын такыр койбоду.

Ким берет бизге жардамды,
Кыргызым көзүң ачсаңчы.
Кыргызды кыргыз кыйнаса,
Коңшулар шылдың кылбайбы.

Кыргыз күлсө ким сүйөт,
Кыргыз өлсө ким көмөт?
Кагылайын бийлигим,
Көзүңдү аччы бул ирет.

Кыргызстан болгон соң,
Кыргыз атка конгон соң.
Кыйшаңдаба бийлигим,
Көз каранды болбостон.

Көтөрүп башты жашагын,
Кылымга калсын атагың.
Карматса доллар колуңа,
Калкыңды бөлүп сатпагын.

Батышты тиктеп ойлонгон,
Байкуштар көп толгонгон.
Бүркүттөй шаңшып учалбай,
Бийликти эңсейт оң, солдон.

Ажолук эмне жыргалбы,
Алдуулар баары аттанды.
Азгырылбай бийликке,
Акылдууну шайлайлы.

Биримдикти даңктайлы,
Бөлүнүп элден качпайлы.
Баш ийип бир максатка,
Бүтүндүктү сактайлы.

Манастын урпактарыбыз,
Манастай ажо шайлайбыз.
Манчыркаган дүйнөгө,
Мас бийликти айдайбыз.

Жаманды жаакка чабалы,
Жакшыга жандап баралы.
Жети дубан биригип,
Жакшынын атын атайлы.

## ТОЛГОНУУ

Билип туруп жүрөгүмдүн сыздарын,
Бала кезди неге эстеттиң ырларым.
Берерим көп аларым аз убакта,
Бүгүн мага келгениби суроктын.

Сезип туруп жаштык кайра келбесин,
Сүрөтүңдү неге мага көрсөттүң.
Сүйүү издеген күндөр түштү эсиме,
Сезимимден өчкөн кезде элесиң.

Учур мага нуз сүйүүмдү бербеди,
Уурдап кетип жаралаган жүрөктү.
Унутулган балалыктын тагдырын,
Уйку сүйүүм билбейм неге эстеди.

Шолоктодум ыйлагандан уялбай,
Шору каткан бир бечара адамдай.
Шуулдаган шамал согот бетиме,
Шум дүйнөдө калганыма карабай.

## КЕЛДИ КАЙРА

Ырларыма жамандыкты жолотпой,
Ыксыздарга ыдыратып тонотпой.
Ыймансыздын айтканынан алыстап,
Ыйык күндө сактап жүрөм жомоктой.

Эреркеймин күнүгө тыным албай,
Эне сүтүн эңсеген жаш баладай.
Эзилишип отурар күн көрүнбөйт,
Эркиң жетпей жатабы үйдөн чыкпай.

Жолугууга келбедиң атты таң да,
Жолдош болор адамым жок жанымда.
Жан дүйнөмөн жаралган жакшы ырларым,
Жан дүйнөмө капалуу келди кайра.

## БҮТҮНДҮКТҮ САКТАЙЫН

Суук сөздү айтпайын,
Суук сөздү укпайын.
Суктандырып көргөндү,
Сулуу бойдон калайын.

Тазалыкты сактайлы,
Тунуктукту даңктайлы.
Тамшандырып көргөндү,
Таза бойдон калалы.

Бириндетип чачпайын,
Биримдикти сактайын.
Бириктирип баарыңды,
Бүтүн бойдон калайын.

Тамгадан сөздү курраймын,
Табышмак ойду чубаймын.
Тамыры терең кетсин деп,
Теңирден жардам сураймын.

Үнүңө үнүм кошомун,
Үмүттүм үзбөйт окшодум.
Үйрөнүп чоң жол баскыча,
Үйүмө кетпейт окшоймун.

## АТА ОРДУНА АТАМЫН

Улуу көрсөм алып-учуп жүрөгүм,
Улууларды урмат-сыйга бөлөймүн.
Улуулардын айтканынан туямын,
Улуулугун, сулуулугун дүйнөнүн.

Карыларым кадырларым, сыйларым,
Катарында өмүр көчүн улаймын.
Куттук айтып келген күндүн таңына,
Кайтыш болгон ата ордуна атамын.

## ЫРЫМ МЕНЕН

Эсебин алып күндө ырларымдын,
Электен өткөрөмүн тың чыкмасын.
Ээлеген орду ыйык болсо дагы,
Энчиме калтырамын алсыздарын.

Күндөрдүн күчөп күндө күлүктүгү,
Күмүш сап камчы берип сүйүндүрдү.
Күлүктөн күлүк тандап күндө бирден,
Көңүлүм көксөгөнүн минип жүрдү.

Айлардын айда күчөп күлүктүгү,
Алтын сап камчы берип сүйүндүрдү.
Ашууга талыбаган күлүк тандап,
Акылым күндө бирден минип жүрдү.

Ашыккан алтын канат ырларымды,
Алыска алкап тилеп учурайын.
Ашуудан ашпай калган алсыздарды,
Ашыкпай азык берип дарылайын.

## ЖАШАРУУ

Жааган жамгыр себелеп,
Жашоого укмуш дем берет.
Жашарып бүт теребел,
Жаш баладай элирет.

Келген күнүм күлүндөп,
Күлкү өмүрдү келтирет.
Күүгө келип теребел,
Кыз баладай элирет.

Толгон айым көктөгү,
Толкундантып жүрөктү.
Түндүгүн элдин көтөрүп,
Тартуулайт чексиз тилекти.

* * *

Өкүнбөйм жетет мага,
Өмүрлөр кайтпайт артка.
Өчпөгөн жылдыздар көп,
Өчөштүк кылбайм ага.
Өнөрүм өзүмдөгү,
Өзгөгө берсе пайда –
Өлүмгө келип турган,
Өзүмдү бердим анда.

## СЫНОО

Төрөлүү көп,
Тирүүлөрдү сүйүнткөн.
Жер көтөрөт сүйүнүчтү,
Алп кучагын жайып кең.

Өлгөндөр көп,
Тирүүлөрдү күйүнткөн,
Жер көтөрөт оор кайгыны,
Алп кучагын жайып кең.

Келсе жашоо,
Күлкү өмүр уланат.
Кетсе жашоо,
Күлкүчүлөр кубарат.

Өнүп-өлүп, өлүп-өнүп,
Өмүр изи уланат.
Бир берилген ушул жашоо,
Баарыбызга аманат.

Төрөлүү бар, өлүм бар,
Пенделерим угуп ал.
Кудайымдын бул жашоодо,
Бизге берген сыноосу ал.

## ТУРБАЙБЫ

Кармаса колдон бир кайгы,
Карап турат миң кайгы.
Катуулугум болбосо,
Каптап кетмек турбайбы.

Учурашса бир кайгы,
Уурданып карайт миң кайгы.
Ууртумда күлкү болбосо,
Убайга салмак турбайбы.

Суроо берсе бир кайгы,
Сынап тиктейт миң кайгы.
Сөзүмдөн кокус жаңылсам,
Санаага салмак турбайбы.

## БИЛЕСИҢЕР

Күткөндөр баары мага кулак түрөт,
Көнүмүш жашоо улап күлүмсүрөп.
Кечээги мээрин төккөн улуу тойдун,
Күлкүсүн ырга айлантып угузса деп.

Жаныңдан кетпей алыс турган тиктеп,
Жашоонун ушул күндө сурагы көп.
Жүрөктү аяп жашап жүргөнүмдү,
Жүрөктөш жакыным да билсе экен.

Ишеним артып мага жүрөсүңөр,
Издерим, барарым да силерсиңер.
Издеймин жакшы ырларды силер үчүн,
Изденип жүргөнүмдү билесиңер.

## СҮЙҮНЧҮ

Тунук суу кайда ашыгат,
Токтобой кайда шашылат.
Тоту куш турат жанымда,
Тунуктук берчи тартуулап.

Чычкан суу неге шашылат,
Чамынып кайда ашыгат.
Чырагым турат жанымда,
Чын сүйүү берчи тартуулап.

Ырахмат сага Чычканым,
Ыр берип өмүр уладың.
Ызага мени урунтпай,
Ышкыма ышкы уладың.

Унутта калган багымды,
Улаган өмүр жыргалды.
Ууз сүйүүм мага жаркылдап,
Ууртума күлкү таратты.

Чырактай жагып багымды,
Чыгарып ичтен дардымды.
Чын эле элим сүйүнчү,
Чычканга келип таптымбы.

## ЭРЕРКӨӨ

Жагалмай учпай берилеп,
Көңүлгө кайгы келтирет.
Жалгыздык батып жаныма,
Эреркеп турдум эреркеп.

Сулуудан сулуу жандадым,
Чакырса басып барбадым.
Өзүңө калдым айланып,
Тузагың салчы ардагым.

Күн-түндөр өтсө билинбей,
Үмүтүм жанып күлүңдөй.
Тиктеймин өзүң тарапты,
Жагалмай учуп келчүдөй.

## АЛДЫРБАЙМ

Оорул журөм көбүрөк,
Ойду жаман келтирет.
Жашоого күлкү бере албай,
Кетемби деп эртелеп.

Ойлонтот онтоо күн, түнү,
Ооруга байлап өмүрдү.
Жыргалды келген унутуп,
Өлүмгө саям күлкүмдү.

Сүт уйкум менин көзүңдү ач,
Суранам жатпа жыланач.
Энелүү бактын даамын тат,
Аталуу тоону аркалап.

Ала жипти аттабайм,
Көзүмө чөп салдырбайм.
Чөгөлөбөйм бирөөгө,
Ооруга чыдайм, алдырбайм.

## АРСТАНБАП

Ыйык жерди көргөн барбы,
Ыйык суусун ичкен барбы.
Ынтымагы тоодой бийик,
Ырыстуу элди көргөн барбы?

Бийик тоого чыккан барбы,
Бийиктигин сезген барбы?
Булуттарга жүзүн сүртүп,
Булак суусун ичкен барбы?

Асман тирейт аскалары,
Арстанбапты көргөн барбы?
Агыны күч сууларынан,
Алып кубат ичкен барбы?

Суусу тунук Арстанбаптын,
Сулуу өмүр даамын таткын.
Суктанышсын өткөн, кеткен,
Сыймыгы элдин болгун дайым.

## АЛП ОЙЛОР

Өнүп чыккан гүл көрдүм,
Гүлдөй назик өмүрүм.
Тирүү үчүн жашоодо,
Сүйүнүчтө жүрөмүн.

Булактардан кошулган,
Тоо суусундай агылам.
Тоодой бийик мүнөзү,
Тоолуктарды сагынам.

Толкунунда жашоонун,
Толкуп жашап, ойлондум.
Атак үчүн жашабайм,
Алыста алпы ойлордун.

## «ААЛАМ ОРДО»

Оозума кирбей эч нерсе,
Ой топтолбой бир жерге.
Оолукма оору болгондой,
Онтобой ооруп өзүмчө.
От болуп жанып турамын,
Ордону көрүп сүйүнө.

Айтууга таппай эч нерсе,
Акылга кирбей бир жерде.
Айласыз оору болгондой,
Аргасыз ооруп өзүмчө.
Агызып жашты сүйүндүм,
«Аалам ордо» көрүнсө.

Сулуулук өтүп көзүмдөн,
Сыйкыр күчкө берилем.
Сезимди ээлеп кубаныч,
Сүйүүмдү мен да сездирем.
Сүйүнүч жашым токтобой,
Салаалап агып жүзүмдөн.

Акылдуулар жанында,
Акылдан тайган адамча.
Алсырап тура берипмин,
Алдастап келбей алыма.

«Аалам ордону» жараткан,
Адамды теңеп Аллага.

Мендей эле бир адам,
Мыкты ордону жараткан.
Манас кирип түшүнө,
Манас деп ураан чакырган.
Миллион жанды багынтып,
Миллион жанды батырган.

Керек болгон элиме,
Көрк жараткан көлүмө.
Кудаанын нуру төгүлгөн,
Керексизовдой пендеге.
Кыял кушун учуруп,
Кыялдантып жүрөлү ээ.

Катуу сөздү айтпайлы,
Кадырлап куштай таптайлы.
Керексизовдой адамдар,
Көлүмө тийет пайдасы.
Көрктүүнү көрксүздөй берип,
Көздүүнү көзсүз кылбайлы.

Кылым бизге токтолуп,
Көл жээгинде кол созуп.
Күтүп турат карачы,
Керемет күүсүн толготуп.
Кыргыздардын багына,
Кудай да кыргыз болгонсуп.

## КӨЛДҮК ЭЛИМ АМАНБЫ?

Көтөрүп көккө кыялды,
Кубанып айтам саламды.
Кудайдын берген белеги.
Көл жээгинде жайгашкан,
Көлдүк элим аманбы?

Ааламга чарпып кыялды,
Ашыгып айтам саламды.
Алланын берген белеги.
Айлана көлдү жайгашкан,
Ак калпак элим аманбы?

Пайгамбар жаштан өткөндөр,
Бал тамызып тилиме.
Бешенем жылып сөз айтам,
Байлыгы элдин көлүмө,
Байлыгы көлдүн элиме.

Кудай деп ооздо келмеси,
Карыларым эсенби.
Кытыгылап жүрөктү,
Күүлөнткөн айга тилекти.
Кыялкеч балдар жүрөбү.

Жети дубан жериме,
Жарашкан кыргыз элиме.
Жамалы тунук көлүмдүн,
Жылмайып турам жээгинде.
Жылуулук алып сезимге.

Түндүк менен түштүктүн,
Таалайына бүткөнсүң.
Талашып эч ким ала албайт,
Теңиримдин көзүсүң.
Тиреги элдин өзүңсүң.

Бир келген ушул өмүрдө,
Бактылуу кыргыз элине.
Бейиштин көлүн жаратып,
Кудайым берди энчиге.
Кут кондуруп көркүнө.

Бааланып жүргөн дайыма,
Барыма жана багыма.
Быйыл да келип отурам,
Бар үчүн сен дайыма.
Болоюн мен да жаныңда.

Толтурган көңүл бөксөсүн,
Толкуган ыйык көлүмсүң.
Түбөлүгүң түз болсун,
Түнөгүн ээлеп жүрөктүн.
Түптөнтүп элдин түнөгүн.

Сыйына балкып сөзүмдүн,
Салам айткан ким дээрсиң.
Сөзгө бай Барпы жердеген,
Сүйүктүү Сузак элинен.
Суусу көп Ачы жерденмин.

Угузган сөздүн ширинин,
Улукман адам ким дээрсиң.
Улаган сөздүн кербенин,
Уулумун Сузак эинин.
Умтулган алга күнү, түн.

Жоролор жылда биригип,
Жол камын көрүп бел чечип.
Жакшылык тилеп теңирден,
Жөнөйбүз көлгө сүйүнүп,
Жашоого шаттык түнөтүп.

Балыкчыда турабыз,
Баарына көңүл бурабыз.
Багытты болжоп бүгүнкү.
Башчынын сөзүн угабыз,
Бактылуу биз жандарбыз.

## ОҢ, СОЛ КАНАТЫМ

Кыдырып көлдүн тескейин,
Көңүлдүү ойноп жүрөйүн.
Күлкүмө күлкү кошулсун,
Кубанып дайым жүрөгүм.

Айланып көлдүн күңгөйүн,
Ачылып ойноп жүрөйүн.
Ааламга кеткен атагы,
Айлансын сенден жүрөгүм.

Сүйүктүү көлүм жыргалым,
Сүйүнсүн мендей асылың.
Сулуулук кетпей өзүңдөн,
Сулуулап өмүр улагын.

Көл экен көптүн тилеги,
Калтырбай көңүл жүрөлү.
Көксөгөн сулуу кыялдар,
Көл жээгинде жүрөбү.

Ээлеген дайым жүрөктү,
Эңсеген көптүн тилеги.
Ээ бербей толкун кучактап,
Ээленип көлдө жүрөбү.

Тескейден издеп таппадым,
Түнөгүң кайда ардагым.
Толкуган жээктен көрүнбөй,
Толкундай неге качасың.

Күңгөйдөн издеп таппадым,
Конушуң кайда жыргалым.
Кызык өмүр жаратпай,
Көрүнбөй кайда качасың.

Оң канатым тескейим,
Оңунан чыксын тилегиң.
Орошон ойлор айтылар,
Оорубасын жүрөгүң.

Сол канатым күнгөйүм,
Суудай болсун өмүрүң.
Сөз айтар сага элдер көп,
Сыздабасын жүрөгүң.

Күнгөй менен тескейдин,
Кошуп турган тилегин.
Көлүмбү анын жүрөгү,
Кылымдар уксун күлкүсүн.

## ТАРДЫК КЫЛБА

Өмүр көчү уланууда күлүңдөй,
Күн чыкса да, түн кирсе да өзгөрбөй.
Жаштык көчү эбак кеткен алыстап,
Карылыктын көчү келген билинбей.

Кабыргамды кайыштырган карылык,
Көздөн алдың тунжурады тазалык.
Кырга чейин каруу жетпей барууга,
Кыйын күндө калтырдың го тыңданып.

Суу жээгинде суугa чаңкап турамын,
Суу жөнүндө бүтпөй такыр сурагың.
Суранамын токтой турчу карылык,
Сур булуттан суу жаратсын кудайым.

Тизгин тартпай тулпар минип барамын,
Туура жолдон адаштырба кудайым.
Тартуу кылар силер үчүн батам бар,
Тардык кылбай бүгүн мени жандагын.

## ОШУМ БАРДА БИЗ БАРБЫЗ

Ырыскы жүргөн аралап,
Ынтымак ырдан жаралат.
Ылдыйлабай өйдөлөп,
Ырлар ырды чакырат.
Ыр ырдаган пенделер,
Ынтымак ырын ырдашат.

Сакта Ошумду кудайым,
Сакчың болуп турайын.
Сулуулук болсун өзүңдө,
Сөз тийбесин көркүңө.
Сулайман тоого сыйынып,
Сөз берметин чубайын.

Ак калпак элдин багына,
Ак-Буура аксын дайыма.
Атактуу төрө, болуштар,
Айланып жүргөн жанында.
Алымбек датка, Курманжан,
Атыңар өчпөйт кылымга.

Ошум барда биз барбыз,
Ошту мактап ырдайбыз.
Ооматтуу элдин атагын,
Оозанып суудан даңктайбыз.
От болуп күйгөн душманды,
Обого күлүн чачабыз.
Оозун ачса ажыдар,
Оозуна уудан куябыз.

## БЕРЧИ МАГА

Айылдаштар майрамдоодо топтолуп,
Айылыма түштү бүгүн күткөн кут.
Сүйүнчүңдү өз мойнума алайын,
Суранычты орундатчы Ата-Журт.

Досторум да күтүп турат жасанып,
Узак сапар чыкмак элек жол чалып.
Оор жүгүңдү көтөрөйүн бүгүнкү,
Мүмкүндүктү берчи мага кубантып.

## АЛТЫНДЫН БАРКЫ

Асылдыгы алтындын чындыгында,
Адаштырган адамды сыйкырында.
Аалам бүгүн айласыз күлүп карайт,
Алтын кымбат адамдан алда канча.

Өмүр сөзү баарыбызга керектүү,
Өлчөөсү бар алтын менен ченелүү.
Өргө тартсаң, ылдый тартсаң баары бир,
Өлүп кетсең кимге анын кереги.

Кызык дүйнө кызыктыгы ушунда,
Кыйындыкта жетсе да көп алтынга.
Колдоп турар уул, кызыңа бербестен,
Көмүп коюп уурдатасың жыланга.

Алтын эмне мага, сага душманбы,
Акыл жетпей алтын башым чарчады.
Алтын, алтын жана алтын дегендер,
Адыр, түзгө, тоого батпай жайнады.

## КӨК ЖАЙЫК

Көрүнгөн көзгө нурданып,
Көркөмүң сонун Көк жайык.
Өлбөстүн суусун ичирип,
Өмүргө бердиң гүл азык.

Кудайым өзү болгондой,
Кол менен жасап койгондой.
Карагайлар жылгада,
Көкөлөйт көккө жомоктой.

Жаным жыргап демейде,
Жаш баладай сүйүнө.
Чал куракты унутуп,
Чуркадым көк шиберде.

Бааландың мага бааландың,
Багыма көпкө байландың.
Бир жолу көрүп өзүңдү,
Беш жылга толук жашардым.

## ИҢИРДЕ

Тоонун башка бүгүн соккон шамалы,
Тоо өрдөгөн жамандыкты айдады.
Таштан-ташка кулап аккан суу менен,
Тоолуктарга салкын желин ыйгарды.

Тегеренет тоо үстүнө булуттар,
Таң аткыча жаай турган түрү бар.
Түгөйлөрүн издегендей туш-туштан,
Тыным албай үн алышат уларлар.

Айлана да ичке сактап бүт сырын,
Арзуу айтпай көрүп камын тымызын.
Асмандагы карайлаган булуттан,
Арзып күтөт ак жаандын жаашын.

## ЖАЙЛОО

Бейиши жайлоо жеримдин,
Байлыгы түптүү элимдин.
Бирди экиге улаган,
Бактысы келечегимдин.

Бийлешет гүлдөр акырын,
Бетке уруп жайлоо шамалы.
Билинбей өтүп жатса да,
Бүгүнкү кымбат жаштыгым.

Баарынан кымбат көрүнгөн,
Бет келип турам гүл менен.
Бетеге жайнайт белдерде,
Бейишин күндүн келтирген.

Жайлоо – жашоо үмүтү,
Жайлоо – элдин күн-түнү.
Жеткирген жакшы тилекке,
Жайлоо – бала күлкүсү.

Жайлоодо сансыз өмүр бар,
Жайлоодо сансыз малдар бар.
Жараткан жакшы жашоону,
Жайлоодо жүрөк теңим бар.

## СҮЙЛӨБӨЧҮ

Ыдырап тигишиңден сөгүлбөчү,
Ызага болбос жерден чөмүлбөчү.
Ыр ырдап турар кезиң, күлөр кезиң,
Ышкыга толтуруп кең жүрөгүңдү.

Бирикпей жамандарча бөлүнбөчү,
Буулугуп туман ойго бөлөнбөчү.
Баркыңдан баар алып турар кезиң,
Бир келген кайгыдан эч түгөнбөчү.

Суурулуп эл ичинен бөлүнбөчү,
Сымаптай колдо турбай төгүлбөчү.
Сулуулук сени жандап турган кезде,
Суранам ашыкча сөз сүйлөбөчү.

## ЖЕР ЖАШЫЛ

Көрүнгөн көзгө жер жашыл,
Көрктүүсү айдын жай жашыл.
Курманбек жүргөн аралап,
Канышай күткөн төр жашыл.

Суу бойлоп аккан жээк жашыл,
Сурмадан койгон каш жашыл.
Сулууну тынбай мактаган,
Санаага түшпөс ой жашыл.

Жайылган төрдө бар жашыл,
Жыйырмада жаш жашыл.
Жылдызды жүргөн аралап,
Жылдызы жанган жар жашыл.

Саймадай кооз тоо жашыл,
Сулуусу бетте бел жашыл.
Салаалап аккан токтобой,
Сууга мол кенен өр жашыл.

Көк-Артты көргөн көз жашыл,
Күркүрөп аккан суу жашыл.
Кылымга калган атагы,
Кыргыз ыраң эл жашыл.

## СУЛУУЛАЙЛЫ АК ТАҢДЫ

Сулуу жердин өзүндө атыр, упасы,
Суусу тунук дарылыкка ууртайлы.
Саамай чачын сылап турат теребел,
Сүйүндүрүп келген сүйүү ак таңды.

Жамандыктан бизди кудай сактасын,
Жаакташып тарттырбасын ызасын.
Жашоодо көп биз аша элек белестер,
Жылдыздар да жолубузга нур чачсын.

Үйүр алып жашообузга сүйүнүч,
Үмүт отун тутандырдык бүгүн биз.
Үркөр жылдыз тобун бузбай жылмаят,
Үмүтүндө болбой такыр бөлүнүш.

## КҮЛКҮЛҮҮ ӨМҮР

Улуулугун, сулуулугун дүйнөнүн,
Улгайганда таанып биле баштадым.
Жаштыгымда кулу болуп жашоонун,
Жер кучактап кең ааламды жасадым.

Жакшы адамдын таасир этип жомогу,
Жаман иштен жашыргамын боюмду.
Жалганчынын кайыгына түшсөм да,
Жалган айтуу жашоомдо эч болбоду.

Өмүр суусун агызбастан өзүнчө,
Өлчөп алып жашоо деген чөйчөккө.
Өнөр улап жүрөм жалган дүйнөдө,
Өзгөлөрдүн досу болуп өтүүгө.

Көп болсо да аз өмүрдүн душманы,
Көптүгүнө жашоом моюн сунбады.
Күндүн нуру жок кылып бүт ызамды,
Күлкү эмизип берди күлкү жыргалды.

## ЖОЛ – ӨМҮР

Жол – өмүр, жашоочулар өтөт күндө,
Жогуна, барына да кайыл болгон.
Жараткан тартуулаган кыска өмүргө,
Жакшылык топтоп күндө оңдон-солдон.

Жөө туман каптап кэде айылымды,
Жүрөктү титиретип бүлүк салат.
Жөн гана сурап койбой абалымды,
Жаныма кейиш улап, сыртын салат.

Жарышта жетпей калган марасына,
Жоргону көргөн кезде чарчап калган.
Жашоого жанды үрөп көрөм арга,
Жоголбой жашоочулар катарынан.

## СУУДАЙ ТУНУК БОЛОЛУ

Жашоодо бизге аманат,
Желди да жорткон жел табат.
Жарышып аккан суулардын,
Жашоосу тоодон башталат.

Болбойт дебе эч качан,
Болуп келген бул заман.
Бооруна барын батырып,
Багып келген бул заман.

Суу шылдырын угалы,
Суудай тунук жашайлы.
Сөз берметин чубуртуп,
Сулуу сөздү курайлы.

Күнгө таазим кылалы,
Күн кучактап жашайлы.
Күн нурунан жаралган,
Күн уяны бузбайлы.

Айга таазим кылалы,
Ай кучактап жашайлы.
Ай нурунан жаралган,
Айдай үйдү бузбайлы.

## АЛАЙЫН КУБАТ

Бойлорун түзөп көктөмдөр көктү карашат,
Булуттар жылып ак жаанын төгүп баратат.
Байкоого алып көрүнгөн көзгө тамчыдан,
Бүтпөгөн өмүр көзүмдөн өтүп чубурат.

Тамчыдай жерге куланып өмүр бийиктен,
Тартылса көзгө оюмдан жаман селт этем.
Теңирди эстейм оозума келме келтирип,
Тынчтыкты бузган чагылгандын күчүнөн.

Телмире тиктеп алысты улам каранам,
Тар болуп дүйнөм өзүмө өзүм таңданам.
Тобунан калган канатсыз ак куу өңдөнүп,
Туңгуюк ойго күнөсүз неге арбалам.

Алсам бейм бүгүн Кудаанын берген жаанынан,
Акылды тунук, адашпас жолдон эч качан.
Ачырбай көздү себелейт жамгыр тынымсыз,
Алайын кубат аябай жаачы суранам.

## АЛГА УМТУЛУУ

Карыганда капа кылбачы,
Карылыктын кимге убалы.
Кол ойнотуп комуз чертели,
Күүгө айлантып жалын куракты.

Бирдей бизге күндүн жарыгы,
Бирдей бизге суунун агымы.
Булбул үнүн чогуу угабыз,
Буулуктуруп капа кылбачы.

Мерездиктин кимге кереги,
Мерезденип сүйлөй бербечи.
Мыкчыгердин колун ким карайт,
Мыкчып турса берер дүйнөнү.

Азбы, көппү баскан аралык,
Адал иштеп жашоо уладым.
Айгай салба бүгүн жашоомо,
Алтын жолду эми тандадым.

## САКТАНУУ

Жаныма сакчы койгондой,
Жамандыкты жолотпой.
Жер таптап аяр басамын,
Жаман жерге кор болбой.

Сөзүмө сакчы койгондой,
Сымаптай ойду жолотпой.
Сүйүүнүн барам жолунда,
Санаага эрте кор болбой.

Учурга сакчы койгондой,
Уурулук ойду жолотпой.
Улуулар баскан жолдомун,
Убайга эрте кор болбой.

Абийирге сакчы койгондой,
Адепсиз ойду жолотпой.
Акыйкат жолду тандадым,
Арманга эрте кор болбой.

Ышкыга сакчы койгондой,
Ыймансыз ойду жолотпой.
Ырлардын түштүм жолуна,
Ыр кайгыга кор болбой.

## ЫР ӨМҮРДҮ ИЗДЕНЕМ

Колдоого алып көтөрүлүп турганда,
Колдон кармап жондон таптап койбодуң.
Катар байлап ачууну кыл арканга,
Коюу түндүн кучагында ойлондум.

Жоругуңа өзүңө да жакпаган,
Жиним келип турса дагы айтпадым.
Жолоочудай ары-бери каттаган,
Жол тандабай жүргөнүңө таң калдым.

Кучагында болбой түнкү уйкунун,
Колдоо таппай калганыма өкүнөм.
Кайта-кайта айта берсе тил узун,
Кечип баарын ыр өмүрдү изденем.

## ТАҢ КАЛУУ

Жаштыктын ойногондой жашынмагын,
Жашынган жаштыгымды табалбадым.
Жүзүңдөн айды, күндү көрөр элем,
Жашырып менден аны кайда каттың.

Бул дүйнөнүн билген өңдүү бүт сырын,
Билиндирбей баш ийдирип тымызын.
Барга бардай, жокко жоктой жол ачтың,
Бай жаштыктын бурул кылып чачтарын.

Кызыгына батып улам жашоонун,
Көрөр кезде жаштыктын көп олжосун.
Колдон тартып алып кеттиң билгизбей,
Карылык ай, бул кылыгың курусун.

Жаштыктын ойногондой жашынмагын,
Жашынган жаштыгымды табалбадым.
Жаштыкты ууруларым алып кетти,
Жашынмак неге ойнодум таң каламын.

## АЛЫСТАБА

Ак куусу менен көл сулуу,
Алтабы менен чөл сулуу.
Ашыккан күндө сүйүүгө,
Ай мончок таккан жаз сулуу.

Жаштыгым жаздын өңүбү,
Жаштыгым жаздын көркүбү.
Жашоого келген бир ирет,
Жаштыгым жаздын жүрөгү.

Жаз десе жашты түшүнөм,
Жаш десе жазды түшүнөм.
Жактырып күндө күлкүнү,
Жашоого жаздай кутүнөм.

Айтылбас сырлар айтылып,
Амандык тилеп каткырып.
Алдыма келчи жаштыгым,
Алыстап кетпей жан тартып.

## КУТ КУРАК

Кут болсун ушул курагым,
Кут болсун жайлуу турагым.
Көктөгү жанган жылдыздай,
Көрктөнсүн келген жылдарым.

Жарашкан жашта тойлодум,
Жыл узатып, кол создум
Жарыгын чачкан жашоонун,
Жылдызын санап ойнодум.

Жактырып сени курагым
Жарашык ырды жазамын.
Жашоодо күнүм нурданып,
Жарыгын ачсын жылдардын.

## ИШ БЕРЧИ

Алсызды анткор дебейли,
Ага да кезек берели.
Араба тартып күн көргөн,
Алсыздын ак жегени.

Жайдакты жакыр дебейли,
Жолотпой кууп кетпейли.
Жардамга муктаж пенде ал,
Жаралар бир күн күлкүсү.

Алакан жайып кол сунган,
Айласыз чыкса алдыңдан.
Айттырбай жардам берип кой,
Акыйкат кайтат Алладан.

Бүтүндөн кем бир жери,
Баарысы кудай пендеси.
Барлардан сурайт жардамды,
Бирди бербей жүз берчи.

Түптүү кыргыз пендеси,
Түртүп өтүп кетпечи.
Таалайы тайкы шордууга,
Тыйын берчи, иш берчи.

## КЕҢЕШ

Жолдо турса жолоочу,
Тиктеп өтпөй жанынан.
Салам берип өтүп жүр,
Сынап турат Жараткан.

Жолу болбой оюндан,
Бала турса буулуккан.
Бетинен сылап өөп кой,
Байкап турат Жараткан.

Батасын алып карынын,
Бактылуу жашоо улагын.
Күлкүлүү күнгө туш болгун,
Колдоого алып кудайым.

## ДҮНҮЙӨ

Сырлар көп сыр сандыкта айтылбаган,
Ырлар көп сыр аякта ырдалбаган.
Жолдор көп жолоочуну күткөн күндө,
Суулар көп сыр чөйчөктө уурталбаган.

Тоолор көп тоолор менен толукталган,
Адыр көп адырларга кыналышкан.
Чексиздик чексиздикке чектөө бербей,
Алысты алыстыктар тартат улам.

Байлардын байлар ашык байлыгына,
Көздөрдү көздөр тиктейт кумарлана.
Бийиктен бийиктерге көтөрүлүп,
Бүркүттөн бүркүт өтөт улам алга.

Кызыктан кызыктар көп кызыкканга,
Сулуудан сулуулар көп сураганга.
Сыйларды сый конокко алып күндө,
Сырларды сырлар тартат кучагына.

## ТАР ДҮЙНӨ

Тар дүйнө жүрүп кең болмок,
Талкансыз үйдө ун болмок.
Таарынбай жүрсөң жашообуз,
Толкуну тоодой көл болмок.

Бакытка барчу жол кенен,
Баралбай койдуң мен менен.
Безеленген шор мээнет,
Бар дүйнөң сенин тар экен.

Көңүлүң гүлдөп жаз болмок,
Көлүңдө ак куу ойномок.
Кыр-кырлап качпай ойлодуң,
Кубанып күндө тойломок.

## КЫЯЛДАНУУ

Кыялга батып өзүмчө,
Төшөлүп кумдун үстүнө.
Көз кырын салып тиктеймин,
Жээгинде көлдүн элдерге.

Толкунга тосуп денесин,
Толкутуп көңүл күлкүсүн.
Чабак урат жаш балдар,
Кубантып ата-энесин.

Балык жон балтыр денеге,
Балыктай туйлап жетүүгө.
Чамынат улам толкундар,
Сулууга мурда келүүгө.

Көлүм тиктейт көгүмдү,
Көгүм тиктейт көлүмдү.
Кубанышкан жаш балдар,
Теңирдин беле күлкүсү.

## ЫСЫК-КӨЛ

Жанымда чардап ак чардак,
Жакшы күнгө чакырат.
Жарышып келген толкундар,
Жазгын деп ырды шаштырат.

Жазайын ырды жазайын,
Жазгандан такыр качпайын.
Жомоктой күлкү жашоодо,
Жакшы ырларды тандайын.

Ырыма бергин сулуулук,
Ырымда болсун жылуулук.
Ынтымак өмүр сүрөлү,
Ырыстуу күнгө умтулуп.

Жашоодо болбойт күмөнүм,
Жашоомдо сени сүйөмүн.
Жээгиңде жүрөм Ысык-Көл,
Жакшы күнгө жеткиргин.

## АЙЫЛЫМДА

Акыл, ойду калчаган,
Айтылган сөздү барктаган.
Ай-ааламдын кеңдигин,
Абалтан билип жактырган.
Аталар жүрөт айлымда,
Алыска оюн чаптырган.

Ээленип оюн бир жерге,
Эмизип сырын үмүткө.
Эсептүү бул дүйнөнүн,
Этегин какпай өзүнчө.
Энелер жүрөт айлымда,
Эркелеп сырдуу дүйнөгө.

Сыры бардын ыры бар,
Сыр дүйнөдө ырдалар.
Суу саттырбай жашоодо,
Суу жээгинде кубантар.
Сулуулар жүрөт айлымда,
Сырдуу түндө сыр чачар.

Жашоону шаңга бөлөгөн,
Жамгырдай көктөн төгүлгөн.
Жараткан берген кең жолго,
Жоргосун күндө жүгүрткөн.
Жигиттер жүрөт айлымда,
Жактырып карайт кең Мекен.

## АЧЫЛГАН АЧЫ

Тутунган динибиз бар,
Умтулган дилибиз бар.
Жашоодо жакшы тилек,
Ойлогон оюбуз бар.

Тиктеген көзүбүз бар,
Жайдары жүзүбүз бар.
Ачылган гүлдөй жайнаган,
Жүрөктө сөзүбүз бар.

Ачыда нарктуу чалдар бар,
Ачыда жомок балдар бар.
Ачылган гүлдөй жайнаган,
Ачыда сулуу кыздар бар.

Ачы – жердин асылы,
Ачы – жердин жарыгы.
Азыгы мол, жайыты кең,
Ачы – элдин байлыгы.

Ачы – элдин бүгүнү,
Ачы – элдин эртеңи.
Адырында ат откозгон,
Ачы – жаштар күлкүсү.

Ачыма тийген күн башка,
Ачыма аткан таң башка.
Айланып алыс кетпеген,
Асмандап учкан куш башка.

## ТИЛЕК

Ойлонгон адам отурбайт,
Ойлонуп күндө ой чубайт.
Ооздон чыккан сөздөрүм,
Ооматтуу ишке тартуулайт.

Жаны бар адам жалындайт,
Жарыгы жанып жол тандайт.
Жанар тоо болуп жашоого,
Жакшы тилек тартуулайт.

Оозу бар адам даам сызат,
Орундуу жерге жай салат.
Ооматтуу дүйнө бергенин,
Ортого топтоп мал курайт.

Мал киндиктүү жерибиз,
Мал багып жашап келебиз.
Мээнеттен тапкан дүйнөнү,
Мээримин күндө көрөбүз.

Бар дүйнөнү сүйөбүз,
Барды жакшы көрөбүз.
Багынып таттуу жашоого,
Бактылуу өмүр сүрөбүз.

## СЫЙКЫР КҮҮ

Сахнада салттуу көрүнүп,
Тиктеген көздү сүйүнтүп.
Комузун кармап колуна,
Комузчу жүрдү ийилип.

Дүркүрөп колдор чабылып,
Маанайы элдин ачылып.
Комузчу күүлөп комузун,
Келтирди күүгө тарттырып.

Комузга сыйкыр тил бүттү,
Сыйкырлап сырдуу тилекти.
Жүрөк толкуйт күүнү угуп,
Элдердин толкуйт жүрөгү.

## АЛЛАГА БОЛОМ ЫРААЗЫ

Ичкенге жетип турганда,
Ичпеген сууну булгаба.
Имерип турса коркунуч,
Ийилип ага багынба.

Жегенге наның барында,
Жетпеген жанга кызыкпа.
Жан кыйнап турса коркунуч,
Жалооруп ага багынба.

Тили бардын сөзү бар,
Тиктешип турар көзү бар.
Теңирим колдоп турганда,
Тирүүнү мактар ырым бар.

Көйгөйгө салбай башымды,
Көбөйтпөй болбос жаңжалды.
Көңүлгө эргүү толтуруп,
Көбөйтөм жакшы ырларды.

Намыс берди, ар берди,
Наркы баасыз ыр берди.
Назданган күндө жакында,
Намаз бап сулуу жар берди.

Аллага болом ыраазы,
Ай, күндү сулуу жаратты.
Ачкычын берип колума,
Ааламды мага карматты.

## АЙЫЛЫМ

Айылым менин айылым,
Ачылган гүлү жазымсың.
Асмандаткан ойлорду,
Алтын канат багымсың.

Көркөмү сонун айылым,
Көрктөнгөн сулуу жазымсың.
Көкөлөткөн ойлорду,
Күмүш канат багымсың.

Барктуусуң мага барктуусуң,
Бааланган балдай таттуусуң.
Баркыңа жетер балаңмын,
Бөксөрбөй толот ырыскым.

## БААТЫР ЭЛБИЗ

Кылымдап курч ойлорду мокотпостон,
Кылымдап кербен жолун токтотпостон.
Кылымдан кылымдарга кемибестен,
Келебиз кыргыз эли бүтүн бойдон.

Душмандын баш ийбедик көптүгүнө,
Душмандын бүлүк салдык түндүгүнө.
Душманга душмандардай кыргын салып,
Душмага душмандардай турдук тике.

Кызыктырган кылымдарды даңкыбыз,
Кол көтөргөн душмандарга баатырбыз.
Колго түшкөн жыланга да ак берип,
Кудайымдын колдоосунда жашайбыз.

## ЖАЛБАРУУ

Алсыздын жары кудайбы,
Агызып жашын ыйлады.
Айтууга таппай жакшы сөз,
Алдууга акыл ыйгарды.

Жалгыздын жары кудайбы,
Жалынып көпкө ыйлады.
Жүзүнөн жашы кургабай,
Жакшылык тилеп жалбарды.

Тилсиздин жары кудайбы,
Тиленип жүрөк ыйлады.
Тилмечти таппай көз ымдап,
Тилдүүгө тилин ыйгарды.

Сокурдун жары кудайбы,
Солкулдап жатып ыйлады.
Соо жүрөк таза көздүүгө,
Содасыз көзүн ыйгарды.

## УКПАДЫМ

Жоругу жаман ырлардын,
Жолунан тосуп чыкпадым.
Жанды жалмаар сөздөрүң,
Жаныңа барып укпадым.

Аягы суюк ырлардын,
Алдынан тосуп чыкпадым.
Акылга сыйбас сөздөрүң,
Атайы барып укпадым.

Жаман ыр жолго жолтообу,
Жолобой баары коркобу.
Жамандык каптап кетчүдөй,
Жар салабыз болбосту.

Ыр-чырды сүйгөн дайыма,
Ынанбай жаман ырларга.
Жараткандан сураныш,
Жакшы ырдын түштүк жолуна.

## ЖАКШЫ ЫРЛАР

Ойлонбой жолдун ыраагын,
Көрктөнтүп жолду жамалың.
Чамынат эрте жетүүгө,
Ырларым күүлөп канатым.

Айтууга салам ашыгат,
Күлүк ой атын камчылап.
Көтөрүп көңүл келүүгө,
Олжолуу ырын тартуулап.

Жылытып ойду бир келген,
Жылуулук берген сезимден.
Жарашып турат жанымда,
Жакшы ырлар узап кетпестен.

Каректи көккө каратып,
Кыялда көптү саматып.
Кызыгып карайт жакшы ырлар,
Көңүлгө курчтун таратып.

## ЭРКИНДИК

Эркиндик тебеленди,
Эркиндик жемеленди.
Эркиндик ээ боло албай,
Эркиндик жүдөп кетти.

Эркиндик учпай калды,
Эркиндик укпай калды.
Ээлеген өз үйүнөн,
Эркиндик алыстады.

Эркиндик баспай калды,
Эркиндик жараланды.
Этинен ажырады,
Эркиндик арыктады.

Элинен алыстатты,
Эсебин жаап жатты.
Эгемен душманы деп,
Эсепсиз айып такты.

Эркиндик басып кетти,
Этегин кагып кетти.
Эл бийлер кыйындарга,
Эсебин чачып кетти.

## ЖАЙЛОО

Бейиши жайлоо жеримдин,
Байлыгы түптүү элимдин.
Бирди экиге улаган,
Бактысы келечегимдин.

Бийлешет гүлдөр акырын,
Бетке уруп жайлоо шамалы.
Билинбей өтүп жатса да,
Бүгүнкү кымбат жаштыгым.

Жайлоо жашоо үмүтү,
Жайлоо элдин күн-түнү.
Жеткирген жакшы тилекке,
Жайлоо бала күлкүсү.

Жайлоодо сансыз өмүр бар,
Жайлоодо сансыз малдар бар.
Жараткан жакшы жашоону,
Жайлоодо жүрөк теңим бар.



*Атам Тагай,*
*апам Шарапат*



*Кайнатам*
*Пусурманкул ажы,*
*кайненем Бапан*



*Инилерим.*
*1-катар: Ашымбай,*
*Таалайбек, Акыл,*
*Нурлан, Ураш.*
*2-катар: Улан,*
*Азим, Шадыбек,*
*Мирлан, Нажимидин.*
*3-катар: Абдибали,*
*Аскар, Мырзакан,*
*Абылкасым, Мадан.*



*Карындаштарым:*
*1-катар: Зыйнаткан,*
*Гүкү, Айзада,*
*Жаңылай. 2-катар:*
*Давлаткан, Санам,*
*Чолпонай, Алмакан*



*Уулум Таирбек, келиним Алмакан, Алеля, Бурмайым, Айдана, Байэл, Манас*



*Уулум Талант, келиним Жумагүл.*



*Уулум Динмухамедалы, келиним Үмүт, неберем Абдуразак.*



*Уулум Нуртилек*





*Күйөө балам Бакыт, кызым Махабат, Баястан, Барсбек, Байтур*

*Күйөө балам Алимбек, кызым Рахат, Атабек Сыймык, Эльвира*




*Достор*




*Жоролор*



*Жоролор*



*Абысындар*



*Класcташтар*



*Айылдаштар*



*Аксакалдар*






*Айылдагы турмуш*

*Замандаштар*





*Замандаштар*




*Замандаштар*



*Замандаштар*



*Замандаштар*



*Каректе калган көркүңдү*
*сенин унутпай,*
*Кудайга деле күнөкөр болуп*
*баратам...*

## БЕРМЕТИМ

Толгон айдай толукшуган берметим,
Таттуу кыял жашоо улап жүрөсүң.
Бүт дүйнөмдү тартып алып өзүңө,
Ээси болдуң эси кеткен жүрөктүн.

Өкүмүнө моюн сунуп жашоонун,
Өмүр улап катарыңда болоюн.
Тунуктугуң орун алган жүрөктөн,
Кемибейин өзүң болуп колдоорум.

Бир башкача жашоо улап керемет,
Жүрөлүчү келген күнгө эркелеп.
Ак Берметим сылайын ак жүзүңдөн,
Кайып болуп келчи сен да бир ирет.

## ЭСЕЛЕГИМ

Жаш элең анда жаш элең,
Желке ылдый чачың төгүлгөн.
Жылмайып күлсөң жайдары,
Жылдызың жанчу көзүңдөн.

Жаш элең анда жаш элең,
Жалындап сүйүп көрбөгөн.
Жалынтып кимдир бирөөнү,
Жалынуу эмне билбеген.

Ак элең анда ак элең,
Ак куудай көлдү ээлеген.
Ашыккан бала сезимдин,
Артынан кошо жүгүргөн.

## БҮТПӨЙ КЕЛЕМ

Биринчи кадырга алып сулуулукту,
Байкатпай кирпиктеримди ирмеримде.
Жалт карап менден мурда тартып алды,
Сиңирип көздөрүнүн тереңине.

Ажайып өмүрлөрдү чубалжыган,
Уялтат чагылдырып тизмегинен.
А менин экраным аппак бойдон,
Ойлогон максатымды бүтпөй келем.

## КЕЧИРЧИ

Көл болуп көңүлүңө,
Көлкүлдөп толо албадым.
Көксөгөн ак кууң болуп,
Канатты кага албадым.

Бал тамган сөздөрүңдү,
Бааланып уга албадым.
Багыма жетер жанга,
Баш ийип тура албадым.

Сезимге сезилбеген,
Сүйүүнү бере албадым.
Сүйүнтүп жүрөгүңдү,
Сүйүнчүң боло албадым.

Берилип билгенимди,
Бажырап айта албадым.
Бактылуу жандар жүргөн
Базарга айланбадым.

## МЕН БҮГҮН

Алаканга тосуп аппак карларды,
Жазам бүгүн ырларымдын сендигин.
Көшөгөсүн ачып түнкү уйкумдун,
Билгизмекмин берилүүмдүн кеңдигин.

Сезимимде төрөлгөн үмүттөрдү,
Өптүрүп айдын сулуу жылдарына.
Мен бүгүн барам сага сүйүнүчтүү,
Тосуп ал гүл каратып жаштыгыңа.

## БИРИККЕН ОЙЛОР

Күлүп берген наныңды күлүп жейин,
Күлкү менен өмүрдү өткөрөйүн.
Сүйүнүчтө толкундап турганыңды,
Сезим козгоп жүрөккө билдирейин.

Ак чыныда сунасың суусундукту,
Ак тилекте колго алып ичейинчи.
Маңдай жарган сүйүнүч кетпей турсун,
Бириктирип бир ойго сени, мени.

## АК ТИЛЕК

Айылдаш болуп дайыма,
Айланып жүрөм жанында.
Алладан сени суранам,
Аман бол менин багыма.

Ак даана теспе колуңда,
Алланын түштүң жолуна.
Акырын келме келтирип,
Ак өмүр тилейм багыңа.

Айланып учкан кушуңмун,
Айлыңа түшкөн кутуңмун.
Алыстабай келе бер,
Асылым сени тутундум.

## ТААРЫНБАЙЫН

Күлкүңдү көңүл сүйүп жактырайын,
Көзүңдү карегиме тарттырайын.
Кыйындык башка түшүп турса дагы,
Кол сунган махабатка таарынбаймын.

Уйкусуз күндөрүмдү унутайын,
Ууз сүйүүң үмүтүнө ой жаяйын.
Убайга түшсө башым убайланбай,
Умтулган махабатка таарынбаймын.

Санаага салган күндү унутайын,
Сагынган күндөрүмө ой жаяйын.
Сөөгүмө батса дагы ушак сөздөр,
Сүйүнткөн махабатка таарынбаймын.

## ЭЛИРҮҮ

Сулуу сүйүү буюргандай теңирим,
Эңсөө толгон жүрөгүмдү ээледиң.
Бак тилеген таалайыма кабылып,
Таттуу жашоо дүнүйөсүн келтирдиң.

Сырга тереӊ сулуулардын ичинен,
Сынга толгон сени гана изденем.
Кусалыктын кучагынан бошотуп,
Турагыңа тартчы мени ээлеген.

Күлүк ойлор талаа, түздө, тоолордо,
Күлүктүгүн сынагандай чоң жолдо.
Элиремин дале өзүң тарапка
Бүт дүнүйөм тартылгандай оң-солго.

## СҮЙҮҮ СЕРИАЛЫ

Арзыгүлдүн элеси,
Арзыбектин дүйнөсү.
Ачылып багы ырында
Айтылды тунук сүйүүсү.

Арзыгүлдүн күлкүсү,
Арзыбектин үмүтү.
Арманы батпай ичине,
Ай тиктейт алгыр көздөрү.

Арзыгүлдүн алысы,
Арзыбектин бактысы.
Аралык алыс болбосо,
Айтылбайт эле арманы.

Арзыбектин ырында,
Арзыгүлдүн өңү бар.
Айтылып бүтпөс армандай,
Ачылат күндө сериал.

Арманы ырга айланып,
Армандуу обон таратып
Арзыбек турат айылда,
Арзуусун муңга таратып.

Талдырып карек алыска,
Түгөтүп оюн чыгышка
Татсам деп сүйүү бейишин,
Талпынат Арзы, Арзыга.

## КУМАРЛАНУУ

Төрдө отуруп сый көрөр коногумсуң,
Түгөнбөгөн кызыктуу жомогумсуң.
Табышмак бул жашоодо эсте калар,
Табылбаган сыйкырдуу обонумсун.

Ыйык сизди унутпас адамымсыз,
Ынанып көп өзүңө жакындаймын.
Ызасына күндөрдүн калтырбачы,
Ыр окусам ырымда болгун дайым.

Көкүрөктө жаралган сүйүү ырын,
Көңүл коюп жүрөктөн угарымсын.
Кумарыңа мен сенин канбай келем,
Кызыктырган табышмак кандай жансың.

## СҮЙҮҮ АРАЛЫ

Аралап сүйүү аралын,
Айлыңдан издеп табармын.
Айтпаган сырды эч кимге,
Ашыгып сага айтармын.

Кыдырып сүйүү аралын,
Короондон издеп табармын.
Колуңдан кармап үйүңдө,
Кумарлуу сөзүм айтармын.

Бактылуу күндү саматып,
Буулуккан черди таратып,
Билинбей барам өзүңө,
Багыңа булбул сайратып.

Улугун күндүн саматып,
Уйкусуз күндү таратып.
Ууз сүйүм барам өзүңө,
Ууртуңа күлкү жаратып.

Айлыңа барсам билинбей,
Алдымдан чыктың күлүңдөй.
Арзып сүйөр жарым бар.
Аралдан такыр бөлүнбөй.

## КЕЛБЕЙМ ЭМИ

Убадаңа турбадың,
Убара ойду чубадың.
Угузбай сөздүн ширинин,
Улутунуп кыйнадың.
Жакындабай өзүмө,
Жан тартасың бөлөккө.
Жүзүңдү менден жашырып,
Жүздөшпөй эптеп кетүүгө.

Багымды теңир колдосун,
Бактылуу күндөр көп болсун.
Бак -таалайым ачылып,
Бүтөр менен жумушум.
Көңүлгө албайм өткөндү,
Кайгылуу күндөр көп өттү.
Кездешүүгө сен менен,
Келбейм эми экинчи.

## ЖАЗЫЛЧЫ ЭРКЕМ

Боройлоп жааса аппак кар,
Көрүүгө сени аттандым.
Боз чалып көзүм баса албай,
Жолуңдун тарттым азабын.

Борошо тосот жолумду,
Боздосо шамал удургуп.
Ачалбай көздү ирмемге,
Буулугуп турдум буулугуп.

Тосуп ал мени садагам,
Жазылсын черим кыйналган.
Бооруңа тартчы үшүтпөй,
Бошотуп чилде суугунан.

Ышкырган суукка урунтпай,
Ызалуу күнгө калтырбай.
Узатчы эркем колуңду,
Адатың коюп таарынмай.

## ТОЛГОНУУ

Сезимдин күчү бааланбай,
Ойлорго уюп ар кандай.
Кайгыга түштүм өртөнүп,
Сүйүмдү сенден таба албай.

Тагдырдан буйрук болгонбу,
Эркиме такыр койбоду.
Таанышкан менен табышпай,
Унуттук болор тойлорду.

Кайрылып турду канатым,
Кайрадан сага баралбай.
Түшүмө кирчү жан элең,
Өңүмдө жүрөм таба албай.

## САГА

Берилип шаттуу күлөйүн,
Багыма бакыт тилейин.
Бийиктеп оомат сен менен,
Бийлердей өмүр сүрөйүн.

Каткырып күндө күлөйүн,
Күнүмө бакыт тилейин.
Кошулар жарым сен болчу,
Хандардай өмүр сүрөйүн.

Агарып аткан таңым бол,
Асмандап учкан багым бол.
Айтылып жүрсүн дайыма,
Аллага жагар жарым бол.

Кызарып баткан күнүм бол,
Көкөлөп учкан багым бол.
Кеп болор элдин ичинде,
Кудайга жагар жарым бол.

## ИЗДЕНҮҮ

Ичимден атап атыңды,
Ичимден билип баркыңды.
Имерилем өзүңө,
Ичимден козгоп дартымды.

Ичимден жумшак күлөмүн,
Ичимден сени сүйөмүн.
Ичимден козгойм сырымды,
Ичимде бардык билгеним.

Имерилем ичимден,
Имерилткен сүйүүм сен.
Ирмемге койбой тынчтыкты,
Из чалып күндө изденем.

## МЕН ҮЧҮН

Ыр жазсам ырым болуп жазыласың,
Сүйлөсөм сөзүм болуп айтыласың.
Күлкүмө күлкү кошуп күлүңдөгөн,
Оюмду оюң менен толтурасың.

Ыйласам жашым болуп төгүлөсүң,
Издесем өзүң келип көрүнөсүң.
Муңканган кайгы түшсө көңүлүмө,
Кучактап жүрөгүмө төгүлөсүң.

Адашсам ачууланып бөлүнбөйсүң,
Жол жүрсөм жолум болуп төшөлөсүң.
Аптапта ысык өтүп кетпесин деп,
Мен үчүн жамгыр болуп төгүлөсүң.

## БИЛДИРҮҮ

Көктү тиреп асманымда,
Канат кагып учпадым.
Көтөрүлүп бийиктерге,
Көңүлүңдү ачпадың.

Кыялдарга эркеленип,
Кызыктарга батпадың.
Кенендигин дүнүйөмдүн,
Карегиңе тартпадың.

Айгай салар өмүрлөргө,
Ачуу даамын татпадым.
Аралашып ушактарга,
Ачуу сөзүм айтпадым.

Алып ойду үмүттөрдөн,
Алтын күнгө жетемин.
Арзуу айтпай билип жүргүн,
Арзуум өзүң экенин.

Күлүп келген күндөрүмө,
Кулач жайып сүйүүгө.
Катарыңда калгым келет,
Кудай берген өмүрдө.

Кыялдарга эркеленип,
Кымбат күнгө жетейин.
Колдоого алып сүйүндүрчү,
Колдооруң мен экенин.

* * *

Кызыктырган кыялга айланамын,
Көп ичинен өзүңө байланамын.
Кара көзүм арзуумду билип жүргүн,
Кыйындыкта өзүңө багынамын.

## СҮЙҮҮҢӨ БАГЫНАЙЫН

Жок болсо сагынарым,
Бар болсо кагыларым.
Бактыма бажырайчы,
Башкага мактанарым.

От болуп жанчы дайым,
Табыңа жылынайын.
Узун түн кучагында,
Сүйүүңө багынайын.

Сездиңби, сезбедиңби,
Сагынып жүргөнүмдү.
Сырымды узак сактап,
Айталбай сүйөрүмдү.

Билдиңби, билбедиңби,
Бал тамган тилегимди.
Билдирбей бекем сактап,
Берилип сүйөрүмдү.

Башканы каалабадым,
Башканы самабадым.
Багыма жазым болуп,
Гүлдөтүп жүрчү дайым.

Башканы таанычбадым,
Башкага таанылбадым.
Бактыма аппак кардай,
Буулукпай жазылайын.

Көңүлдү тазартайын,
Жүрөктү жашартайын.
Жашоодо багым болуп,
Жүрө бер кагылайын.

## ТАМЫРЧЫМ

Эсепсиз кыздар ичинде,
Эргүү берип көңүлгө.
Эреркеп келген багыңа,
Ээленип турдуң өзүмө.

Жайнаган кыздар ичинде,
Жарашык берип көңүлгө.
Жан тартып келген багыңа,
Жанашып турдуң өзүмө.

Асыл ойду аркалап,
Артыңдан жүрөм акмалап.
Айтууга ширин сөзүмдү,
Алтымыш жолу кайталап.

Жүйөлүү ойду аркалап,
Жете албай жүрөм акмалап.
Жайнатып айтар сөзүмдү,
Жетимиш жолу кайталап.

Табына карап таптаган,
Тамырды туура кармаган.
Тамырчым менин өзүңсүң.
Түбөлүк мага табылган.

## ШЫБЫРАП КОЙ

Таттуу кыял сүйүүгө багынайын,
Тамашалап сөз айтсаң тарынбайын.
Жолуң тосуп кол созсом жылмайып кой,
Колуң кармап өзүмчө кубанайын.

Кол кармашып гүлзарда бирге бассаң,
Көтөрүлүп көңүлүм көккө учам,
Макулмун деп акырын шыбырап кой,
Кулагыңдын түбүнө шыбыр салсам.

Уяң жанга көп сөздүн кереги не,
Уяң жандын сөздөрү жүрөгүндө.
Гүлдүү бакта экөөбүз гүлгө оронуп,
Гүл турмушту гүлдөтүп жүрөлү ээ.

## ЖҮРӨГҮМ СЕНИ САГЫНАТ

Тазалап көзүн булактын,
Мүрөктүн суусун агыздым.
Ичкенге өмүр тартуулап,
Махабат ырын ырдаттың.

Сыйына балкып сөзүңдүн,
Көкөлөп көккө көңүлүм.
Кете албай турдум жаныңдан,
Багынып сага бүт дилим.

Бактылуу жанга жеткенге,
Сүйүнүч батпай денеме.
Оюмда сага тоо болуп,
Отурам булак жээгинде.

Оргуштап улам булак суу,
Жылгадан ылдый агылат.
Турсам эркем жанымда,
Жүрөгүм сени сагынат.

## КЫЗЫГУУ

Жолдон өткөн жолоочуга кызыгам,
Жандай басып сен жөнүндө сөз салам.
Жакшы кабар уксам толкуп өзүмчө,
Жалынына жылуу сөздүн жылынам.

Сыр билгизбей карашымдан билесиң,
Сездире албай сүйөрүмдү жүрөмүн.
Санаркатпай айылыңдан көрүнчү,
Сени көздөй учту кушу жүрөктүн.

Кучагыңда кумар жазып туйлайын,
Кучагыңа кысчы мени чыдайын.
Кыр-кырларда кол узаткан үмүткөр,
Кыялдардын кызыгына батайын.

Алаксыбай узак жолго чыгайын,
Алым барда айылыңдан табайын.
Ашуудагы кыялдарды сүйүнтүп,
Ашыгымдын кумарына батайын.

## БӨЛӨ КӨРБӨ

Тирүүлүктүн төрүндө,
Таңшып ырдап жүргөндө.
Таалайыма жолуктуң,
Тагдырыбыз бир беле.

Көк-Арт дайра жээгинде,
Көңүлдүү ойноп жүргөндө.
Кол сундуң кыйбай багыма,
Келечегибиз бир беле.

Улутунуп өзүмчө,
Узак жолго түшкөндө.
Ууртума күлкү жаратып,
Учураштың жүрүштө.

Бирим бирге кошулбай,
Буйдалган кезде жан кыйнай.
Булуттан көктө көрүнүп,
Бугумду жаздың укмуштай.

Багымбы менин билбедим,
Берилип сени тиктедим.
Буйруган жардан айрыба,
Бөлө көрбө теңирим.

## БЕРИЛҮҮ

Келбедиң неге келбедиң,
Кыйналган жанды билбедиң.
Күтүүдөн кыйын нерсе жок,
Күдөрүм үзбөй сен деймин.

Билбедиң неге билбедиң,
Безилдеп дайым сен деймин.
Боз чалган алыс тарапка,
Боздотуп коюп кетпегин.

Эстеймин дайым эстеймин,
Эсимден такыр кетпейсиң.
Калгыча жашоо түгөнүп,
Из чалып сени издеймин.

Билемин сени билемин,
Болосуң өмүр түгөйүм.
Баркыңа жетер жарыкмын,
Башка жок менин күйөрүм.

## НАЗИРА

Апакай жоолук салынган,
Акактай мончок тагынган.
Акылы тунук кең пейил,
Айылдын көркү – Назирам.

Жашылдан жолук салыган,
Жакуттан мончок тагынган.
Жамалы тунук кең пейил,
Журтумдун көркү – Назирам.

Сезилбеген башкага,
Сезимим күчөп башкача.
Сүйүүмө салып дүрбөлөң,
Сүйүнтчү мени Назирам.

Билинбеген башкача,
Берилүүм күчөп турганда.
Булуттай жылып көктөгү,
Бөлүнбө менден Назирам.

Колуңа кармап кыл аркан,
Кылыктап бассаң жарашкан.
Короого жылкы имерип,
Күлгөнүң сонун Назирам.

Аскасы болбой зоо болбойт,
Агыны болбой суу болбойт.
Ардагым сага жетпесем,
Арманым менин токтолбойт.

## КӨРҮНЧҮ

Каламын деп айтпачы,
Кайгыны эске салбачы.
Кайра келбес өмүрдө,
Күлкү улап жашайлы.

Оорудум деп айтпачы,
Ооруну эске салбачы.
Орду толбос жашоодо,
Оттой жанып жашайлы.

Күүлөнтүп күлүк камчылап,
Күлүк кез кайда шаштырат.
Катарымда болчу эркем,
Күтүүсүз кетпей алыстап.

Көрөйүнчү өзүңдү,
Күлүп бүгүн көрүнчү.
Кубанып келген багыма,
Көтөрөйүн көңүлдү

Эстеп турам өзүңдү,
Эрмегим бүгүн көрүнчү.
Ээси болчу багымдын,
Ээлентейин жүрөктү.

## СЕНИ МЕНЕН

Короолош жанга эртелеп,
Колунан кармап эркелеп.
Көрүнгүм келди көзүнө,
Көңүлүн буруп койсо деп.

Акылдуу жанга эртелеп,
Алдынан кетпей эркелеп.
Арбагым келди өзүмө,
Айылга эрте келсе деп.

Көрк берген кудай күнүндөй,
Кыялдар арбап күлүңдөйт.
Коргоого кирдим кут конгон,
Кайраттуу жанга эркелеп.

Ачылган кудай күнүндөй,
Ак ойлор арбап күлүндөй.
Аттадым ак үй эшигин,
Акылдуу жанга эркелей.

Жомокту укпай бирөөдөн,
Жомоктон артык күн көрөм.
Жарашып келген күндөргө,
Жашоомду сен деп өткөргөм.

Кызыкты укпай бирөөдөн,
Кызыктан артык күн көрөм.
Кубанып келген күндөргө,
Хандардай жашоо өткөрөм.

## КӨҢҮЛ КАЛУУ

Жоругуңа жакшы сөзгө келбеген,
Жол күзөтүп турганымды билбеген.
Жаным кейип ыза болуп турамын,
Жакшылыктан үмүт үзүп бүгүн мен.

Башкаларга жасап тулку боюңду,
Билдиресиң баркы кеткен оюңду.
Бүлдүркөндөй эзилесиң бир түнгө,
Бүлдүркөндөй эзип болор тоюңду.

Айтылбас ойду неге айттырасың,
Азапка батып неге кыйналасың.
Ала-Тоо кучак жаят барыбызга,
Абийирди неге ажалга ачыктайсың.

Шамал бүгүн негедир уйгу-туйгу,
Шашкалактайт жолотпойт ызы-чууну.
Шашам бүгүн өзүңдөн алыстарга,
Шамалга аста шылтоолоп буулугумду.

## ОЙ

Ай өпкөн сенин бетиңди,
Акырын барып өпсөм, ээ.
Адыры андыз жыттанган,
Ачыма алып кетсем ээ.

Күн өпкөн сенин бетиңди,
Күнүгө барып өпсөм, ээ.
Кызыккан жанды суктантып,
Кызыктуу өмүр сүрсөк, ээ.

## КОШТОШУУ

Сезимдер баш ийгендей жаман ойго,
Көбөйүп күндөн-күнгө эртеңибиз.
Жашоодо жолугушчу күндү эстебей,
Унутуп бараткандай сезимибиз.

Көөдөндө тыбырчылап үн каталбай,
Кабылып жек көрүүнүн запкысына.
Жүрөгүм алсызданып барат улам.
Багынып бактылуулар бактысына

Баркыңа жетчү жанды барктабадың,
Байлыгы күчтүүлөрдүн колун кармап.
Жомокто перилердей сайран курдуң,
Күнүмдүк кайрыгы көп ырыңды ырдап.

Айтышты, издөө салып келиптирсиң,
Кеч күздө айылыңдан алысталып.
Жүрөктү мыкчый кармап турдум көпкө,
Кор болгон тагдырыңа ызаланып.

Жашоодо теңир берген тагдырыңбы,
Мени эмес өзүңдү-өзүң аябадың.
Канчалык умтулсаң да мен тарапка,
Мен сенден ошончолук алыстадым.

...Сезимдер баш ийгендей жаман ойго,
Көбөйүп күндөн-күнгө эртеңибиз.
Жашоодо жолугушчу эстебей,
Унутуп калган өңдүү сезимибиз.

## САГЫНАРЫМ ӨЗҮҢСҮҢ

Нур болуп кирчи үйүмө,
Нурданып жашарайын.
Бактылуу жарым болчу,
Багыма сыйынайын.

Жашоомо жарык берчи,
Жылдыздай жанып келчи.
Сүйүүмдүн багы ачылсын,
Сүйүктүүм сүйөм дечи.

Күткүн деп буйрук бергин,
Күткөндөн жадабаймын.
Күнүмө күлүп карайм,
Бар үчүн сагынарым.

Сырлар көп жүрөгүмдө,
Ырлар көп жүрөгүмдө.
Алдыңа келип турам,
Садагам кеткин дебе.

## БАРБАЙМЫН

Эске салып өткүр кезимди,
Сезимимде шаңдуу күү кайрып.
Ээлентүүгө кайра жүрөктү,
Көпкө турдум күнгө арбалып.

Кытыгылап келген кыялдар,
Кайрылбаган күнгө уланат.
Талаа, түздөн балким жол табар,
Анда неге менден кызганат.

Башка жандар билбес кусанын,
Туткунунан неге чыкпадым.
Жок беле же менин убактым,
Жоготууга эми барбаймын.

## ИЙИЛҮҮ

Сыймыгы белең сүйүүмдүн,
Сыйынып сага ийилдим.
Сырыңды төкчү угайын,
Сырынан сүзүп көңүлдүн.

Сакчысы белең сүйүүмдүн,
Сагынып сага берилдим.
Сууңдан төкчү ууртайын,
Суусунан сүзүп көңүлдүн.

Тоолору белең сүйүүмдүн,
Тоолуктай сага берилдим.
Топтобой берчи дүйнөңдөн,
Тоолордой толсун үмүтүм.

Адыры белең сүйүүмдүн,
Адырдай сага берилдим.
Аябай берчи дүйнөңдөн,
Адырдай толсун үмүтүм.

## КОЛДООҢО АЛ

Сыныңа сенин толормун,
Сырдашып бирге болормун.
Сыртына койбо үйүңдүн,
Сүйүүдөн сенсиң колдоорум.

Жашоодо бирге болорум,
Жадыңа сенин толормун.
Жанымдан кетпе алыстап ,
Жүрөктү сенсиң колдоорум.

Артыңдан калбай жүрөйүн,
Ачылып багы сүйүүмдүн.
Агарып аткан таңым бол,
Айлымдан сени күтөйүн.

Көңүлдүү бирге жүрөйүн,
Каралдым сени сүйөйүн.
Кызарып баткан күнүм бол,
Кол сунуп сени күтөйүн.

## УНУТА АЛБАЙ ЖҮРӨМҮН

Карысам да, алдансам да сени эстейм,
Катуулугуң эч кимде жок пенде элең.
Кылыч кармап өттү күнүң алдыга,
Көп ичинен мага гана шилтенген.

Кырк тогуз жаш мүчөл жылы кезиктиң,
Көңүл улап жүрөгүмдү ээледиң.
Курал кармап өттү күнүң алдыга,
Көп ичинен жалгыз мени мээледиң.

Он эки жыл от тамызып дилдерге,
Оздукталбай өттү арадан тез эле.
Орго түртүп кетсең дагы өзүмдү,
Оомат тилеп жүрөм дале өзүңө.

## СҮЙҮҮ КҮЧҮ

Байкатпай тосуп жолуңдан,
Бек кармап жумшак колуңдан.
Бал тамган таттуу сүйүүмдү,
Билдире албай кыйналам.

Атайлап тосуп жолуңдан,
Акырын кармап колуңдан.
Ай өпкөн сулуу сүйүүмдү,
Айталбай неге кыйналам.

Булбулдай сайрап үйүмдө,
Батсам да таттуу сүйүүгө.
Багыма кокус жолуксаң,
Багынып тиктейм өзүңө.

Жандыра албай сүйүүмдү,
Жалдырап тиктейм өзүңдү.
Жарыгым неге билбейсиң,
Жардамга муктаж дилимди.

Бактылуу күндөр узаган,
Берилбей бизге кайрадан.
Бактыма келген сүйүүнү,
Билдирчи өзүң суранам.

## КӨЗДҮҮДӨН КУДАЙ САКТАСЫН

Күттүрбөй учуп жетейин,
Күнчүлүк узап кетпейин.
Көздүүдөн кудай сактасын,
Көзүгүп кокус кетпейин.

Сагынтпай учуп жетейин,
Сагынтып алыс кетейин.
Суктардан кудай сактасын,
Сугуна кокус түшпөйүн.

Сырларын ырдын чачайын,
Сырдашып сенден кетпейин.
Сабынан калып элдердин,
Сөз азабын жебейин.

## КЕЛЧИ ӨЗҮМӨ

Канатың катып күүлөнгөн,
Сөздөрдү тандап ойго кең.
Жеткире албай өзүңө,
Кыйналып жүрөм күндө мен.

Жүз чайып Көк-Арт суусуна,
Жашайсың айыл башында.
Балаңды колдон жетелеп,
Кубанып келген бактыңа.

Ойготуп ыйык сезимди,
Ойлонуп өткөн күндөрдү.
Отурам Көк-Арт жээгинде,
Угууга кайра күлкүңдү.

Канатын кагып күүлөнгөн,
Күлкүнү тосуп таң менен.
Октолуп турам октолуп,
Кайрылып келчи бүгүн сен.

## ЖАШАЙ БЕРЕМ

Эркине көнбөдүңбү жүрөгүңдүн,
Эсепсиз айтылса да атым менин.
Же кайгы көңүлүңө артып жүргүн,
Үмүтүн өчүрдүбү тилегиңдин.

Сырт дүйнө мага тааныш эместигин,
Сезесиң мунун баарын жүрөгүңдөн.
Билесиң өмүр кайра келбестигин,
Атайы жасады деп түшүнөм мен.

Билсем да кайтып мага келбесиңди,
Үмүттү өчүрө албай күтө берем.
Өзүңө таппай такыр тилмечимди,
Өлбөстүн суусун ичип жашап келем.

## ӨМҮР УЛАЙЛЫ

Ашыккан ойго жетпедим,
Айланып алыс кетпедим.
Айттырбай өзү билер деп,
Аллададан сени тиледим.

Кызыккан ойго жетпедим,
Кыйылып алыс кетпедим.
Кымбатым өзү билер деп,
Кудайдан сени тиледим.

Өмүрдүн жашыл убагы,
Өчпөстөн бизге турабы.
Өчөшпөй өткөн кеткенге,
Өрнөктүү өмүр улайлы.

Жашоонун жашыл убагы,
Жаркылдап көпкө турабы.
Жазылып келчи жаныма,
Жакшына өмүр улайлы.

## ҮЗҮЛБӨГӨН ҮМҮТ

Элесиңди карегимден жоготпой,
Ээсиз калган жаман ойду жолотпой.
Ээленемин өткөн таттуу күндөргө,
Ээсин тапкан укмуштуу бир жомоктой.

Барктaлбаган баалуулукту кечээги,
Багын байлап сүйүү бизден кетеби.
Байыр албай сүйүнүчтүү күндөргө,
Билинбеген бейиш күндөр өтөбү.

Өткөн күндүн өкүнүчүн санабай,
Өмүр тилеп келген күнгө байма-бай.
Өзүмдү-өзүм сүйүндүрөм жашоодо,
Өзөктөгү күйгөн отко карабай.

Карап койсоң көп ичинен буралып,
Көз карашың болот мага жан азык.
Кызыгына батып күндүн өзүмчө,
Кыйкыргым бар, кыйкыргым бар кубанып.

## СУРАНУУ

Таарынтпачы суранам таарынтпачы,
Таарынычтар көөдөнгө сыйбай калды.
Көңүл улап баркымды көтөрүп кой,
Көрөйүнчү көксөгөн жыргалдарды.

Талдырбачы каректи талдырбачы,
Таңгалдырат жолуңдун алыстыгы.
Тартуулаган сүйүүмө көңүл бөлбөй,
Тарттырасың түгөнгүс азабыңды.

Кыйнабачы суранам кыйнабачы,
Кыйындыкта кароосуз калтырбачы.
Күлүп келген сүйүүнү баалай албай,
Күнү бүткөн күндөргө тарттырбачы.

## ТИЛ ТАБЫШУУ

Таттырып турмуш мага ширин даамын,
Кош колдоп сунуп турса жакшылыгын.
От жанган сенин кара көздөрүңдөн,
Туямын айылыңдын амандыгын.

Бул жашоо сага арнап ширин даамын,
Кош колдоп сунуп турса жакшылыгын.
Жалтанбас эч бир жандан көздөрүмдөн,
Туярсың айылымдын амандыгын.

Ырдалып бүтпөс менин ырларымсың,
Чаңкасам суу өмүрүм булагымсың.
Көп сөздүн кереги не түшүнөрсүң,
Көрөлү эки айылда тойдун камын.

## ГҮЛ СҮЙҮҮ

Адырдын гүлүн терейин,
Ардагым сага берейин.
Артына кайтпас өмүрдө,
Ашыгым деп жүрөйүн.

Күңгөйдүн гүлүн терейин,
Кымбатым сага берейин.
Сагынсаң келбес өмүрдө,
Суктанып сени сүйөйүн.

Жылганын гүлүн терейин,
Жалжалым сага берейин.
Жалынсаң кайтпас өмүрдө,
Жарыгым деп жүрөйүн.

Тескейдин гүлүн терейин,
Тартуулап сага берейин.
Таарынбай кыска өмүргө,
Тагдырлаш болуп жүрөйүн.

Кырандын гүлүн терейин,
Күмүшүм сага берейин.
Кол сунсаң келбес өмүрдө,
Кызыгуум артып сүйөйүн.

## КЕЛЧИ

Оозума толуп жалыным,
Кыйындап улам дем алуум.
Ысытма чыгып денеме,
Турганда күчөп сагынуум.
Самаймын эркем өзүңдү,
Сагынтпай келчи сурарым.

Көзүмдүн жашы тыйылбай,
Төгүлөт жааган жамгырдай.
Тартылып буттар тамыры,
Түйшөлүп турат жай албай.
Оорума дарым өзүңсүң,
Сагынтпай келчи сагынтпай.

## ЗУУРАКАН

Зууракан бар жанымда Зууракан бар,
Зуулдаган өмүрдүн багын ачар.
Запкысы күч жашоону четке түртүп,
Жан жыргатар жашоого учуратар.

Зууракан бар жанымда Зууракан бар,
Ылдыйласам колтуктан жөлөп турар.
Сүйүнүчтүү сөздөрдү айтып күндө,
Байлыгы көп бийликке тартып турар.

Зууракан бар жанымда Зууракан бар,
Акчалуунун ай маңдай сулуусу ал.
Кыргый мүчө, кымча бел келбетине,
Кызыгышып карашат өткөн жандар.

Зууракан бар жанымда Зууракан бар,
Көздөрүнөн от жанып күлүңдөгөн.
Зоболомду көтөрүп эл ичинде,
Өзүмө окшош уулдарды төрөп берген.

Зууракан бар жанымда Зууракан бар,
Чыны-Булак суусунан курчтук алган.
Өмүр тилеп кудайдан Жеңишим деп,
Эки айылдын ажарын ачып турган.

## СҮЙҮҮҢӨ СЕНИН КАРЫЗМЫН

Агылган жүрөк канымсың,
Агарган аппак таңымсың.
Ашыккан ушул күндөрдө,
Ашуусу бийик багымсың.

Жүгүргөн жүрөк канымсың,
Жагымдуу аппак таңымсың.
Жарашкан ушул күндөргө,
Жалыны күчтүү багымсың.

Жарашып келген жазымсың,
Жылмайчы жарпым жазылсын.
Жашоого жанып бир келген,
Жактырып сүйгөн жарымсың.

Сүйүнтүп келген жазымсың,
Сүйүнтчү жарпым жазылсын.
Сүйүүгө жанып бир келген,
Сагынып күткөн жарымсың.

Сыноого жанган жарыксың,
Суранып келген багымсың.
Сүлүктөй канды сорсоң да,
Сүйүүңө сенин карызмын.

Жашоого жанган жарымсың,
Жалынтып келген багымсың.
Жыландай канды сорсоң да,
Жашоодо сенден карызмын.

## ТИЛЕК

Конушуңа баратам тоо этектеп,
Кошулган кош дарыя жерден күткүн.
Короого койлоруңду имерип кой,
Кыр-кырда бириндебей чогуу жүрсүн.

Булуттар тоо айланып чогулууда,
Байкоосуз нөшөрүнө кабылбагын.
Боюңа жылуу кийим кийинип ал,
Боздогон шамал уруп чыйрыкпагын

Улардын этин алып бара жатам,
Уйкусуз улуу түндө тоюналы.
Учуруп кыялдарды туш тарапка,
Улардай үн алышып олтуралы.

## КЕЧИРҮҮ

Тоолордун тиктеп бийигин,
Ойлордун ойлоп кулүгүн.
Күн нуруна ширелип,
Жалындап улам берүүлүм.
Ак булут менен өзүңө,
Баруууга даяр жүрөгүм.

Агарган таңы сүйкүмдүү,
Коноктоп өткөн күндөрдү.
Жаралуу жанды кыйнабай,
Жандырып кайра үмүттү.
Кетсе да сенден каталык,
Кечирип күтөм өзүңдү.

## САМОО

Алыстап кетсе карааның,
Артыңдан ойлуу караймын.
Айланып келер бекен деп,
Ашыгып сени караймын.

Узаса менден карааның,
Узакка тиктеп караймын.
Уурданып келер бекен деп,
Учуруп ойду самаймын.

Көрүнбөй кетсе карааның,
Көрүүгө жолуң караймын.
Кайрылып келер бекен деп,
Кызыгып сени самаймын.

## ТЕҢИРДЕН СУРАНУУ

Арман арбап азаптарга кабылдым,
Ашуу ашпай аргымактан айрылдым.
Ачуу сөзүң канжар болуп жүрөккө,
Аттиң дүйнө, сайыларын туйбадым.

Күлкү издеп күндө үйүңдө зилдедим,
Күлүк минип кетериңди билбедим.
Күндү көрбөй көлөкөдөй ээрчиген,
Күндөш болуп каларыңды сезбедим.

Тоолорумдан тоодой кубат сурадым,
Тоодой мага бакыт берчи кудайым.
Таарынбайын таштап кеткен селкиге,
Тоодо күтүп турат мени бир айым.

## АЙЛАСЫЗДАЙ КӨРҮНДҮҢ

Кусага толуп көздөрүң,
Кайгылуу чыгып сөздөрүң.
Кайратыңдан ажырап,
Калган өңдүү сезилдиң.

Алсыз болуп жүрөгүң,
Ат оона болуп түнөгүң.
Арманга эркти бийлетип,
Айласыздай көрүндүң.

Арбалып чыкпай күйүттөн,
Адашып улам сөзүңдөн.
Акылды кайда кетирдиң,
Акылы тунук жан элең.

Дайра элең көлгө куюлган,
Деңиз элең чалкыган.
Дайыныӊ таппай калыпсың,
Дүрмөтүң кайда ташыган.

Башыңды көтөр ардагым,
Багыңды бүктөп салбагын.
Бир келген ушул өмүрдүн,
Бактылуу жолун тандагын.

## ҮМҮТҮҢДӨ ЖҮРӨМҮН

Кыйын күндө кубат кылып сөз демин,
Катуу айтпай үнүн укчу жүрөктүн.
Караңгылык каптаса да дүйнөнү,
Карегиңди карегимден көрөсүң.

Жашоо менден тарытса да өлчөмүн,
Жашоо улап бөксөрбөстөн келемин.
Үшүк алып кетсе дагы дүйнөнү,
Үмүт тилеп үмүтүмдө жүрөсүң.

Канат каккан кушка окшоп ырактап,
Кайра кайтып келбесиңди ырастап.
Качсаң дагы, кетсең дагы сен менден,
Көкүрөктө жакындыгың туюлат.

Өткөн күндөр элес болуп кылактап,
Өтүп барат эсебимден ырактап.
Өзүңдү эптеп катсаң дагы өзүмдөн,
Өлбөс сүйүүң берет мага ырахат.

## СЫРДУУ ДҮЙНӨ

Түн кучагын жайып бизге,
Түн кумарын берди бизге.
Көктө сансыз жылдыздар да,
Кызыгышып турду бизге.

Жүрүшө албай кылыктана,
Желип өткөн жел да башка.
Түркүн чөптөр жер жайнаган,
Төшөлүшөт алдыбызга.

Айтчу сөздү айта албадым,
Абийир кармап күйүп-жандым.
Ашыгым ай арбап салдың,
Айтканыңдан чыга албадым.

Уйкусуз түн кете албады,
Улап өмүр бизде калды.
Сезим козгоп сырдуу дүйнө,
Сүйүүгө кең жолун ачты.

## ҮМҮТ

Шыбак-Белден үн салсам,
Үйүңө үнүм жетеби,
Үйүңө үнүм жетпесе,
Белде калып кетемби.

Топурак-Белге чакырсам,
Үн катпай эркем келеби.
Үйүнөн эркем келбесе,
Белде калып кетемби.

Таалайлуу Сеңир айлынан,
Чабарман таап чакырсам.
Тагдырлаш Мундуз айлына,
Келер белең Назирам.

Бир күндүк доордо талбаган,
Бууданды минип кайрадан.
Бура тартып үйүңө ,
Барайынбы Назирам.

Күндүк жолдо талбаган,
Күлүктү минип кайрадан.
Кууленгөн бойдон айлыңа,
Кирейинби Назирам.

Күнүгө кетип чыдамым,
Кайгыда жүргөн убагым.
Күттүрбөй келчи өзүмө,
Күйгүзүп үмүт чырагын.

## КЕЛЕТ

Жылганын суусун уурталгым келет,
Жолуңдан тосуп чуркагым келет.
Жайдары мүнөз жакшынам сага,
Жайлоонун гүлүн арнагым келет.

Жылдыздай көктө жайнагым келет,
Жер-сууну сага арнагым келет.
Жараткан берген өмүрдү улап,
Жаныңда жашоо улагым келет.

## КОЛ СУНУУ

Бөлүнбөчү менден эртелеп,
Бөлүнүүнүн жүзүн көрбөйүн.
Бүлүк салсаң тунук сезимге,
Бөлүп-бөлүп жашым төкпөйүн.

Өткөн күндү башкага билдирбестен,
Өмүр улап, өмүргө жашырабыз.
Өрткө айланган күндөргө кайыл болуп,
Өзүбүзгө өзүбүз багынабыз.

Чаксиздикке чектөө бербей өзүмчө,
Өзүңдөгү баалуулукка умтулам.
Жолдор жаман жолдор татаал болсо да,
Жандап жүргөн жакшылыкка кол сунам.

## БУЛАК ЖАНА СҮРӨТ

Өзгөгө айтпас сырларын,
Өмүргө шерик булагым.
Өзүңө келдим кайрылып,
Өткөрүп жаштык курагым.

Өрт койгон алоо сезимге,
Өзгөчө назың бар эле.
Өтсө да андан кырк бир жыл,
Өзгөрбөпсүң дагы эле.

Суу чачышып ойногон,
Сулуу кезди ойлоном.
Сүрөтүң эркем колумда,
Сезимтал элең бойтойгон.

Жериңдин аты Кандаба,
Жай алган Өзгөн тарапта.
Жайың бар эле келишкен,
Жарашкан жолдун боюнда.

Булактын кетпей жанынан,
Буулугуп көзгө жаш алам.
Багыма менин бир келген,
Бойтойгон сулуу жакшынам.

## БИРГЕ БОЛОЛУ

Жарыгың чачып сен мага,
Жарыгым чачып мен сага.
Жашоодо бирге бололу,
Жашоодон кудай алганча.

Сырыңды айтып сен мага,
Сырымды айтып мен сага.
Сыйлашып бирге жүрөлү,
Сыйларды кудай алганча.

Сүйүүңдү айтып сен мага,
Сүйүүмдү айтып мен сага.
Сүйүүдө бирге бололу,
Сүйүүнү кудай алганча.

## КАЙРЫЛУУ

Аалам кезип бул күнү,
Издеп чыктым өзүңдү.
Асыл жанга жеткиче,
Адаштырба жүрүштү.

Тандап минип күлүктү,
Табууга чыктым өзүңдү,
Тандаган жарга жеткиче,
Талдырбачы каректи.

Айдың көлгө коноюн,
Айланган ак кууң болоюн.
Ачыгын айтчы сүйөм деп,
Аллага ыраазы болоюн.

Көгүлтүр көлгө коноюн,
Көркөмдүү ак кууң болоюн.
Кыйнабай айтчы сүйөм деп,
Кудайга ыраазы болоюн.

## САГА БАРАЙЫН

Кызыгып сага барайын,
Көңүлгө оттук жагайын.
Карабай күндө башканы,
Көзүңдөн тунук табайын.

Жактырып сага барайын,
Жалындап күйүп-жанайын.
Жактырып сага барайын,
Жаныңдан түнөк табайын.

Жүрүштү сага бурайын,
Жүйөлүү сөздү табайын.
Жүгүрбөй күндө башкага,
Жүрөктөн түнөк табайын.

Уктабай сага барайын,
Уйкулуу көзүм ачайын.
Убара болбой башкага,
Тууруңдан түнөк табайын.

Ойлонбой сага барайын,
Омоктуу ойдон айтайын.
Ойлоно бербей башканы,
Оюңдан түнөк табайын.

Күүлөнүп сага барайын,
Кызыккан черди жазайын.
Күлкүнү күндө издебей,
Күлкүңдөн түнөк табайын.

Суктанып сага барайын,
Сүйүүгө оттук жагайын.
Сыр чачпай күндө башкага,
Сырыңдан түнөк табайын.

## ЭЭЛЕНҮҮ

Суусунан сузуп булактын,
Суу ич деп мага сунасың.
Сөзүңдү бөлбөй эмнеге,
Сүйүнүп замат ууртаймын.

Идиште сууң чайпалат,
Ичкенге берип ырахат.
Имерип мени өзүнө,
Ийилчек жанды азгырат.

Кармаган идиш колуңдан,
Коё бербей карманам.
Күнөнү койбо өзүмө,
Кете албайт окшойм жаныңдан.

Ээсин таппай жүрөктүн,
Элирип эчен күн кечтим.
Ээленбей кыздар миңине,
Эрмегим сага ээлендим.

## КЕТПЕЧИ

Санааңды санга бөлбөчү,
Сыр төгүп эркем сүйлөчү.
Сагынып күткөн өзүңдү,
Садагам, кетем дебечи.

Билейин ички дүйнөңдү,
Берекем бүгүн кетпечи.
Булбулдай сайрап багымда,
Буулукпай эркин сүйлөчү.

Сүйлөчү эркем сүйлөчү,
Сүйүүмө сүйүү жүктөтчү.
Сөзүңө сенин канайын,
Сүйүнтчү бүгүн жүрөктү.

## СЫРДУУ КЫЗ

Эл ичинде билинбей,
Жаздын эрке гүлүндөй.
Эреркеп келген күнүнө,
Сулуу кыз барат күлүндөй.

Сулууну сулуу күн коштоп,
Сулууга жакшы ой топтоп.
Сылап улам жүзүнөн,
Сулуу жел барат өтө шок.

Сулуу кыз аны сезбеди,
Сапарын улам тездетти.
Күткөнү балким үйдөдүр,
Бул сырды эч ким билбеди.

## СҮЙҮНҮҮ

Оюңдун сырын ачтымбы,
Оюңдагыны таптымбы.
Ортобузда тутанган,
Отту туура жактымбы.

Белгисиз сырды ачтымбы,
Билинбей белди аштымбы.
Багыма менин жарашкан,
Бактылуу жарды таптымбы.

Сүйүнүч сыйбай денеме,
Сүйүнүп турам бул күндө.
Сырдашарым жанымда,
Сулуулук берген өмүргө.

## СУЛУУНУ СУЛУУ ДЕЙЛИЧИ

Сөздөргө берип кезекти,
Сүйүнтүп эрке жүрөктү.
Сезимди койбой сыноого,
Сулууну сулуу дейличи.

Кептерге берип кезекти,
Күлдүрүп эрке жүрөктү.
Көңүлдү койбой сыноого,
Көрктүүнү көрктүү дейличи.

Ачылбай күндүн сереси,
Айтылбай кала береби.
Айчүрөктөн кем бекен,
Айтылуу Зуура келбети.

Тооруган мунду тараткан,
Толтуруп көңүл жайнаткан.
Таттыбүбүдөн кем бекен,
Тамшанткан сулуу Зууракан.

Кызыгын күндүн саматкан,
Көркүнө көптү караткан.
Курманжандан кем бекен,
Көңүлү тунук Зууракан.

Сөз кылбай башка жүрөктү,
Сулууну сулуу дейличи.
Сүйүүнүн кирген түшүнө,
Сүйүнсүн Зуура жеңеши.

## АЙЛАНЧЫ ДЕҢИЗИМЕ

Апакай ак кууң болуп,
Учайын асманыңда.
Ардагым карап тургун,
Айланып ак булутка.

Көксөгөн жазың болуп,
Келейин айылыңа.
Күтүп ал таңым болуп,
Нур толуп жамалыңа.

Көөнөрбөс акыл, ойдун,
Канатын кагайынчы.
Гүлдөгөн багым болуп,
Күлүңдөп тосуп алчы.

Соолубас булак болуп,
Атылам сезимиңе.
Түгөнбөс дайра болуп,
Айланчы деңизиме.

## БОЛГУМ КЕЛДИ

Көңүлдүү шаңга айлантып басыгымды,
Кумарлуу сырга айлантып ырларымды.
Кымбатым баргым келди бүгүн сага,
Көтөрүп кош далыма тапканымды.

Сүйүүнүн сыр сандыгын ачкым келди,
Сүйүнтүп сырымды бүт айткым келди.
Сыртыңдан суктанбастан келбетиңе,
Сүйүүмө сүйүүңдү бүт тарткым келди.

Бүгүн мен сүйөмүн деп айткым келди,
Багымды багыңа арнап бергим келди.
Баалаган өмүр бою бирин-бири,
Бактылуу адамдардай болгум келди.

## ТАҢДАНУУ

Караган сайын уурданып,
Карагат көзүң нурданып.
Көңүлгө берет жылуулук,
Кыйбаган жанга от чачып.
Кылыгы кымбат сулуунун,
Кармасам колун жылмайып.

Тил эмизип чабыттап,
Табышмак жанга жакындап.
Түбүнө ойдун жете албай,
Тагдырга салып табышмак.
Тартууласам сүйүүмдү,
Турарсың ээ кубаттап.

Сүйүүмдү менин арбаган,
Сүйүүңө сенин таң калам.
Сүйүүнүн көзү жок десе,
Сыртымды салып таңданам.
Сүйүүгө берген сулуулук,
Сүйүүмө эми мактанам.

## ТОЛТУРЧУ КӨҢУЛ БӨКСӨСҮН

Толкуну тоодой деңизим,
Толкундап өмүр сүрөсүң.
Толкундай толуп жашайын,
Толтурчу көңүл бөксөсүн.

Жайылган жайлуу белесим,
Жараткан сени теңирим.
Жадырап өмүр сүрөйүн,
Жаныңда болуп күнү-түн.

Канаттуу куштай күүлөнгөн,
Көкөлөп учуп көк менен.
Коночоңо конгум бар,
Көрүүгө күндө түнөктөн.

## БАРГЫМ БАР

Көкөлөп учса тилегим,
Кылымга татып бир күнүм.
Көркөмү сонун айлыңдан,
Көрүнсө деп тилеймин.

Сүйүүнүн таңы атса дейм,
Сүйүнүч нурун чачса дейм.
Сүйүнтүп назик жүрөктү,
Сыйкырдуу сөзүң уксам дейм.

Көк-Арт дайра жээгинде,
Көркөмдүү Кызыл-Сеңирге.
Кубанып күндө баргым бар,
Кош канат тагып сүйүүмө.

Жүрөм сага көз артып,
Жаныма келчи жарашып.
Жактырган жарым сен болчу,
Жашоомо жарык таратып.

## ЫЗАЛАНУУ

Кыйындап сага жолугуум,
Көңүлгө кайгы толтурам.
Ыдырап ойлор сан миңге,
Ызадан ыйлап олтурам.

Көзүмдүн жашы кургабай,
Куюлат төккөн жаандай.
Сезимге саамга токтобой,
Сел болуп акты тыйылбай.

Кезинде кыйын жан элең,
Күлкүңдө үнү күкүктүн.
Күн болуп тийген багыма,
Кымбатым элең сүйүктүүм.

Өзгөгө катуу кетпеген,
Өчөшкөн жарың мен белем.
Өрт коюп алоо сезимге,
Өрттөнбөй өчтүң неге сен?

## АРМАН

Кызыккан жанга жеткирбей,
Кайрылып көзгө көрүнбөй.
Кеттиңби алыс сапарга,
Күлкүнүн күүсүн черттирбей.

Суктанган жанга жеткирбей,
Сагынсам көзгө көрүнбөй.
Сыздыңбы алыс сапарга,
Сүйүүнүн күүсүн черттирбей.

Уурудай өмүр кечтиңби,
Уурданып алыс кеттиңби.
Узатып таттуу күндөрдү,
Узакка сапар чектиңби.

Жактырбай жандап өттүңбү,
Жактырган жанга жеттиңби.
Жалындап жанган жүрөктү,
Жазыксыз таштап кеттиңби.

Жаралуу жанды жактырар,
Жол тосуп күтөт жакшылар.
Жарыгың күнгө жетсе да,
Жаралбайт мендей жактырар.

Таалайсыз жанды жактырар,
Толтура жолдо жакшылар.
Түндүгүң айга жетсе да,
Табылбайт мендей жактырар.

## КЫНАЛДЫК

Түшүмө кирдиң түшүмө,
Түндөгү көргөн түшүмдө –
Суу чачышып жүрүппүз.
Көк-Арт дайра жээгинде.

Бир келген түнгө жарашып,
Боюнда суунун кыналдык.
Ай нуру турду төгүлүп,
Асмандан бизге жылмайып.

## ЫЙЫК ТҮН

Жанашып турдук жанашып,
Жүрөккө жалын таратып.
Жагымдуу жайдын түнүнө,
Жарашык берип жарашып.

Кыналып турдук кыналып,
Көңүлгө курчтук таратып.
Көркөмдүү жайдын түнүнө,
Кубаныч берип кубаныч.

Жылдыздар тиктейт көктөгү,
Жактырып биздин сүйүүнү.
Жүрөктө сактап өтөлү,
Жараткан берген бул түндү.

## ОО, АНДА…

Жер сулуусу Арстанбаптын төрүндө,
Жыпар жыттуу «Пансионат» ичинде.
Жакшы күндүн кучагында бой салып,
Жүрдүк бирге жайдын ысык күнүндө.

Сулуулугу Арстанбаптын башкача,
Суктандырат токою эмес, ташы да.
Салааланып аккан тоодон суулары,
Суусунуңду кандырып, кубат жанга.

Оо, анда, сен жаш элең, мен жаш элем,
От эле жаш жүрөктөр от үйлөгөн.
Олжолоп алар элек аткан таңды,
Ортодо тең бөлүшүп күлкү менен.

Суктанып сулуу жердин сымбатына,
Сыйынып оргуп чыккан булагына.
Сүйүүнүн сыйкыр күүсүн угуп бирге,
Сүйүүнүн батып жүрдүк жыргалына.

## УЛУКСУҢ

Алтындап салган үйлөрдөн,
Алтын тактуу милдеттен.
Артык мага сезилет,
Азыркы жашоом сен менен.

Күмүштөп салган үйлөрдөн,
Күмүш тактуу милдеттен.
Кымбат мага сезилет,
Күлкүлүү жашоом сен менен.

Гүлдөткөн гүлдүү өмүрдү,
Гүлкайыр гүлүм сенсиңби.
Жарык берип жашоомо,
Жашартасың өңүмдү.

Булбулум сенсиң талбаган,
Багымда күн-түн сайраган.
Баар алып келген күндөргө,
Багыңа сенин байланам.

Сүйлөсөм ширин сөзүмсүң,
Сүйүнкөн сырдуу көзүмсүң.
Сезимди күндө жашарткан,
Сезимтал сүйүүм өзүңсүң.

Сулуусун мага сулуусуң,
Сакайбас оору курусун.
Сүйүүдөн жетим эмесмин,
Сүйүктүүм мага улуксуң.

* * *

Чаңында татаал жолдун,
Чаң жутуп кала бердим.
Чындыкты чыркыратып,
Чыр салып кете бердиң.

Кеткен бойдон келбедиң,
Каткырып күлүп өттүң.
Кейиште калганымды,
Кымбаттым элебедиң.

Ачылган гүлүң элем,
Аңкыган жыты белең.
Ачуулуу сөзүң калды,
Агыздың жашты көздөн.

Жолуңдан тосо албадым,
Жаш төгүп кайгырбадым.
Жалбарып кайра-кайра,
Жашмын деп жалынбадым.

Байкабай күтүптүрмүн,
Берилип сүйүптүрмүн.
Бар дүйнөм өзүң го деп,
Бааланып жүрүптүрмүн.

Өткөндү эске салып,
Өзөктөн от тутанып.
Өмүрдү кыйнагым жок,
Өмүрлөш боло албадым.

Чаң жолдон арылганмын,
Чаң жутпай тазаландым.
Чындыкты туу кармаган,
Чын сөздүн жарыгымын.

## ТҮШҮМДӨ

Ыр ырдап менин түшүмө кирсең,
Ынагым сени сүйөт деп билем.
Көрсөткөн сени түшүмдү сынап,
Ай менен кошо түнүмдү өбөм.

Ак жоолук булгап түшүмө кирсең,
Алтыным сени келет деп билем.
Ай маңдай сулуу түшүмдү сыйлап,
Аргымак минип жолуңдан күтөм.

Жүрөмүн сени ырымда ырдап,
Жактырган сенин гүлүңдү жыттап.
Ырымда сенин ырыңды угуп,
Ырымда сенин жүзүңдөн сылап.

## ЖАЗЫМ БОЛЧУ

Кайгыга каптап жүрүшүн,
Кылактап өтсө күндөрүм.
Кыялбай үмүт өзүңдөн.
Келер деп күтүп жүрөмүн.

Ызаттап келген күндөрдү,
Улантам сага жүрүштү.
Унутам кантип өзүңдү,
Уялап алдың жүрөктү.

Жазылар жакшы ырым бар,
Жараткан берген агым бар.
Жолукпас жолду тандабай,
Жанашып жүрөр жарым бар.

Ойлогон ойдун оңу бол,
Ооматтуу элдин багы бол.
Ободон жерге төгүлгөн,
Олжосун чачар таңым бол.

Жогум эмес, барым бол,
Жактырып сүйөр жарым бол.
Жергемде гүлү жайнаган,
Жарпымды жазар жазым бол.

Боз чалган ойдон кетейин,
Булбулдай сайрап жүрөйүн.
Боздотпо эркем жашоодо,
Боорума кысып өтөйүн.

## АДАШУУ

Артык көрүп басканды,
Арбытып күндө кадамды.
Айтылар ырдын дайны жок,
Аздектейм кайсы тарапты.

Кызык көрүп басканды,
Көбөйтүп күндө кадамды.
Кумар жазар ырым жок,
Күн тутам кайсы тарапты.

Күлүп чыккан күн менен,
Күлкүлүү жашоо изденем.
Кайыша түшөт кабыргам,
Каптаса кайгы күтпөгөн.

Кызыгын күндүн уурдашып,
Кыялды көккө таратып.
Кезикпей калдык экөөбүз,
Кезигер жолдон адашып.

Ачуу сөз айтпай, же күлбөй,
Айла жок мага билинбей.
Аргасыз таштап кеттиңби,
Алыстап улам көрүнбөй.

## САГА

Ээ бербей жаштык күнүгө,
Элирип жүргөн кезимде.
Учураттым өзүңдү,
Уйкусуз түндүн бириnde.

Уланып сөздөр ортодо,
Узатып күндү тойлордо.
Бактылуу күндү самадым,
Биригип ойлор бир ойго.

Махабат ырын ырдадым,
Махабат ырын тыңшадың.
Жылдызды санап көктөгү,
Жылдыздай көктө жана алдым.

Сыр төгүп келген сүйүүгө,
Сүйүнүч берип бир күнгө.
Бараттык жолдо экөөбүз,
Баш ийип ошол бүтүмгө.

## КҮЙҮНҮҮ

Кыр-кырлап учкан тилекти,
Кыялкеч ойлор билеби.
Көркүнө сулуу сезимдин,
Кубанып бүгүн келеби.

Тоо-тоолоп учкан тилекти,
Толкуган ойлор билеби.
Таңданткан сулуу сезимди,
Кубанып бүгүн келеби.

Ой чабытын бурайын,
Ойлонбой кырга чыгайын.
Ойлоно бербей башканы,
Оюна оттун жагайын.

Көз чабытып бурайын
Көрүнгөн кырга чыгайын.
Кыялкеч сулуу башканын,
Көзүнө отун жагайын.

Айтсам да сөздү миң ирет,
Айтпастан оюн бир ирет.
Ашыгым башка кырды ашып,
Ашыгып кетти бул ирет.

Кем дүйнөм толбой бириней,
Көңүлсүз күндө күйүнөм.
Кубаттап келер жан барбы,
Көркөмдүү кырда жол күтсөм.

Мени да эңсеп сагынар,
Миң кыздан бирөө табылар.
Махабат доорун аздектеп,
Мисалдап көп жыл айтылар.

## КЕЛЕСИҢ, ЭЭ

Тарынсам жазылбаймын билесиң ээ,
Татынам күйгөнүмдү сезесиң ээ.
Тиктеген топ жылдыздар күбө болсун,
Тымызын түн жамынып келесиң ээ.

Убакыт учкан куштай, билесиң ээ,
Умсунуп күткөнүмдү сезесиң ээ.
Убайга таштап койбой жакшы үмүттү,
Узатпай убакыт таап келесиң ээ.

## КАНАТ БОЛУП

Сулуу күндө жолуктуң сыйга толуп,
Сезимдерди сүйүнткөн кумар болуп.
Сөздөрүбүз түгөнбөй күлүп турат,
Сүйүүбүзгө жүрөктө канат болуп.

Сыр билгизбей кубанам ичтен күлүп,
Сырт дүйнөдөн өзүмдү бийик сезип.
Сылап өткөн желден да кызганамын,
Суктандырган келбетиң кемигенсип.

Көзүм тойбой өзүңө жакындаймын,
Күттүм күндө жолуңан махабатым.
Каалоо айтып сен дагы нурдана бер,
Кыйын күндө колдооруң менмин жаным.

## КЕЛЕР БОЛСОҢ

Көөдөндө эч бир жанга айтылбаган,
Кастарлап катып жүргөн сырымды айтам.
Күлкүңө күн эмизип келчи эркем,
Кайрылбай кетер күндүн кучагынан.

Уусуна жаман күндүн ууланбадым,
Ууртума күлкү толуп сен деп жандым.
Улуулук кучактаган ак сүйүүмдү,
Узатпай карегиме тартып алдым.

Өмүрдүн өрүшүнө издөө салып,
Өтсө күн кучагында кучакталып.
Өткөргөн өмүрүмө ыразымын,
Өзүмө келер болсоң жарыктанып.

## ҮМҮТ

Капталып сүйүү өртүнө,
Жүргөндө сага жан тартып.
Кайрылбай кеттиң атиң ай,
Белгисиз мага кырды ашып.

Башкадан бөлүп өзүңдү,
Берилип өтө сүйчү элем.
Үн кошуп келер үндөргө,
Бактылуу болом дечү элем.

Махабат багын аралап,
Кыналып бирге баспадык.
Алыстап кеттиң өзүмдөн,
Айлымда жүрбөй жанашып.

## БИРГЕ БОЛОЛУ

Махабат таңы аттыбы,
Мага да нурун чачтыбы.
Мээлебес жерден сүйүүмө,
Мергенчи жаасын тарттыбы.

Сүйүүнүн таңы аттыбы,
Сүйүнүп нурун чачтыбы.
Суратпай келген мергенчи,
Сүйүүмө жаасын тартыбы.

Сураксыз соттоп мергенди,
Сүйүүгө колдоо берсемби.
Сүйүнүч каптап сүйүүсүн,
Сүйүнүп өтсүн өмүрү.

Колунан кармап мергенди,
Кылымга колдоо берсемби.
Сүйүнүч каптап сүйүүсүн,
Сүйүнүп өтсүн өмүрү.

Өзүң жок дүйнө дүйнөбү,
Өмүрдүн сенсиң жүрөгү.
Өзүбүз тапкан сүйүүдө,
Өмүрлөш болуп жүрөлү.

## МАХАБАТ ЫРЫ

Күттүргөн сулуу келдиңби,
Күлүңдөп колуң бердиңби.
Карагат көзүң жайнатып.
Көңүлгө сүйүү септиңби.

Жанашып бирге басалы,
Жылмайсын бизге жаз айы.
Жарыгын чачсын көктө күн,
Жаратып өмүр чырагын.

Бактылуу күнгө баралы,
Бак тилеп узак жашайлы.
Бааланып келген күндөргө,
Башкача өмүр улайлы.

Махабат ыры келди миң,
Мен үчүн ырдайт билгенин.
Мактоого алып өзүңдү,
Мактанып мен да жүрөмүн.

## БАГЫНУУ

Үмүттүн отторун жандырып,
Жолуңдан күтөмүн зарыгып.
Түбөлүк тагдырдын ээси деп.
Жүрөгүм өзүңө багынып.

Тиктеймин көзүмдү албастан,
Башкага назарым салбастан.
Сен дагы бир ирет тиктеп өт,
Мен сенден ушуну суранам.

Түбөлүк табылдың бактыма,
Оюмду чыгарба жалганга.
Сыртыңдан сүйөм деп өзүңдү,
Күтүүсүз кабылдым жалынга.

## БҮРДӨНӨМ

Эркем менин эркелечи,
Эки беттен сүйүп өпчү.
Ээленейин ак сүйүүңө,
Эритип жан дүйнөмдү.

Жарым мага күлүп келчи,
Жаздай жаңы гүлдөгөн..
Жыпар жыты кумар жазган,
Жаш бүчүрдөй бүрдөнөм.

Бакыттын нурун таратып,
Балбылдап күндөй нурданып.
Бактылуу бул сулууга,
Барганым барган уурданып.

Кымбат жаштан өткөнчө,
Карылык бизге келгенче.
Кызыры болуп жашоонун,
Кадырлашып жүрөлү ээ.

## АДАШУУ

Кызыктуу ойлорду жойдуңбу,
Кайгылуу карекке толдуңбу.
Кең аалам тар болуп баратат,
Күнөсүз күнөлүү болдумбу.

Бааланбай бактылуу күндөргө,
Баш ийип үмүткөр тилекке.
Багыңдан алыстап баратам,
Байкабай жүрөсүң сен неге.

Мезгилсиз мээнетти бердиңби,
Мээлебей ок атып өттүңбү.
Мен деген сүйүүңдөн адашып,
Максаттуу сүйүүңө кеттиңби.

## КӨРҮНҮП ТУРЧУ

Билинбей келип кеткениң,
Белгисиз кайда жүрөсүң.
Билдирип турчу өзүңдү,
Барыңды билсин жүрөгүм.

Сезилбей келип кеткениң,
Себепсиз кайда жүрөсүң.
Сүйүнтчү мага көрүнүп,
Сүйүнсүн билип жүрөгүм.

Бар элең, эркем бар элең,
Барыңды сүйгөн жан элем.
Багыңа бүткөн жарың деп,
Батасын берчү эл деген.

Шок элең, эркем шок элең,
Шоктугуң сүйгөн жан элем.
Шашылыш келип багыма,
Шашылып кетпес жан элең.

Ок элең эркем ок элең,
Октолгон жерге түз тийген.
Ооматтуу жашоо менде деп,
Оболоп көктө жүрчү элең.

Көрүнүп турчу көзүмө,
Кетпегин менден бөлүнүп.
Кызыккан душман багыңды,
Кетпесин кокус бүлүнтүп.

## ҮЗҮЛБӨГӨН ҮМҮТ

Акырын басып барайын,
Айлыңдан издеп табайын.
Айтууга алым жетпесе,
Акылым айтып кайтайын.

Жактырып басып барайын,
Журтуңдан издеп табайын.
Жарашпай калсам жаныңда,
Жагымдуу акыл айтайын.

Сыздатса жанды карылык,
Сыздадым ага багынып.
Сулуунун сулуу жүзүнө,
Суктанган көзүм карарып.

Жүдөттү жанды карылык,
Жүрөмүн ага багынып,
Жаштардын жарык жүзүнө,
Жарашкан өңүм кубарып.

Тилекти тынбай сугарып,
Табыма топтоп гүл азык.
Талпынам дале өзүңө,
Тилиме күчүм чыгарып.

## НЕГЕ КЕЛБЕДИҢ?

Көтөрбөй көңүл четтедиң,
Көрүнбөй көзгө эңсеттиң.
Кайгыга салып жүрөктү,
Кайрылып неге келбедиң.

Узагын түндүн эңседим,
Унутуп неге келбедиң.
Уйкуну артык көрдүңбү,
Учурбай кушун сүйүүнүн.

Жактырбай алыс качсаң да,
Жүзүңдү менден катсаң да.
Жүрөктөн ырым төгүлүп,
Жөнөймүн өзүң тарапка.

Артылып сага тилегим,
Артыңдан калбай сен деймин.
Азабың жанга батса да,
Ашыгып кайра сүйөмүн.

## ЖЕРДЕШИМЕ

Жалал-Абаддык жердешим,
Жүйөлүү сөздү сүйлөйсүң.
Жактырсаң көзүң кысып кой,
Жаныңа учуп жетейин.

Жоготпой таттуу тилекти,
Жомоктой өмүр сүрөлү.
Жолумду аччы жердешим,
Жактырып келген күндөрдү.

Өзгөчөм өзүң билесиң,
Өмүрдүн кыска экенин.
Өксүтпө келген күндөрдү,
Өмүрлөш болуп жүрөйүн.

## КӨРҮНЧҮ

Күлкүңө күлкүм жайланбай,
Күүлөнгөн санаа тынчытпай.
Кыйналып турган кезимде,
Көрүнчү келген жазымдай.

Жүрөккө сүйүү жайланбай,
Жарышкан санаа тынчытпай.
Жабыгып турган кезимде,
Жанашчы келген жазымдай.

Багыңа багым жайланбай,
Боздотсо санаа тынчытпай.
Безилдеп турган кезимде,
Бой салчы келген жазымдай.

## КОЛДООҢО АЛ

Көргөндүн көзүн сүйүнткөн,
Кубантып жанды эриткен.
Калкымда сендей сулууга,
Кызыгып тиктейм күндө мен

Тиктеген көздү сүйүнткөн,
Тымызын жүрөк эриткен.
Таалайлуу сендей сулууга,
Тартуулайм сырды ыр менен.

Сыныңа сенин толормун,
Сырдашып бирге болормун.
Сыртына койбо үйүңдүн,
Сүйүүмдү сенсиң колдоорум.

Жашоодо бирге болормун,
Жадыңа сенин толормун.
Жанымда кетпе алыстап ,
Жүрөктү сенсиң колдоорум.

Артыңдан калбай жүрөйүн,
Ачылып багы сүйүүмдүн.
Агарып аткан таңым бол,
Айлымдан сени күтөйүн.

Көңүлдүү бирге жүрөйүн,
Каралдым сени сүйөйүн.
Кызарып аткан таңым бол,
Кол сунуп сени күтөйүн.

## КЕЛЕ БЕР

Адашып кокус кетпегин,
Ай чыкканда күтөмүн.
Үйүмө эркем келе бер,
Үзүлбөйт сенден күдөрүм.

Издегин мени издегин,
Издебей алыс кетпегин.
Баркыңа жетер жар болуп,
Бааланып сени күтөмүн.

Көрөйүн сени көрөйүн,
Көрүнбөй алыс кетпейин.
Кадырга жетер жар болуп,
Кызыгуум артып күтөйүн.

Сүйөйүн сени сүйөйүн,
Сүйүүнүн баркын билейин.
Сүйүнтөр эки жүрөктү,
Сыймыктуу өмүр тилейин.

## МАКУЛ БОЛСОҢ

Жээлигип турам не дейин,
Жел менен эрте жетейин.
Жездеси болуп көбүңдүн,
Жериме алып кетейин.

Нурданып алыс кетейин,
Нур болуп эрте жетейин.
Аяшы болуп көбүңдүн,
Айлыма алып кетейин.

Бийиктеп учуп кетейин,
Бак тилеп сага жетейин.
Булбулуң болуп жарашкан,
Багыңда сайрап өтөйүн.

## ТҮШҮМӨ КИРЧИ

Сүйүүнүн кечпей кечүүсүн,
Сүйүүнүн укпай күлкүсүн.
Сүйүүмдү кантип таба алам,
Көтөрбөй сүйүү түндүгүн.

Кумарлуу сүйүү айынан,
Кусадар болуп баратам.
Түшүмө кирчи күнүгө,
Түгөйүм болуп садагам.

Сүйүүлөр ыйык турбайбы,
Ардактап сүйүп жашайлы.
Кыялдын кушун учуруп,
Бактылуу күндү самайлы.

## АЧУУЛАНБА

Орунсуз ойго кирбегин,
От болуп жансын жүрөгүң.
Ортобузда бала бар,
Ойлонбой кеткин дебегин.

Сүйүүдөн тапкан баланы,
Сүйөрүм менин жалганбы.
Сүйлөбөй сөздүн төгүнүн,
Сүйүүмө нуруң таратчы.

Сүйүүнүн күнү-түнү бар,
Сүйүүнүн кара-агы бар.
Сүймөнчүк бала болбосо,
Сүйүүдө чыны эмне бар?

Акылга салып карагын,
Атасы болом балаңын.
Алдырбай кыска ойлорго,
Ачууңду туткун ардагым.

## БАКТЫЛУУ БОЛ

Сезбедиң неге сезбедиң,
Сезимим күчөп сен дедим.
Сыйынып келген сүйүүгө,
Сырлардын чеччи түйүнүн.

Билбедиң неге билбедиң,
Берилүүм күчөп сен дедим.
Багыма келген сүйүүмдү,
Башкаларга бербедиң.

Сүйбөдүң неге сүйбөдүң,
Сүйүүмдүн күчүн билбедиң.
Сүйгөндүн жетпей баркына,
Сүйүүсүз өтүп кетпегин.

Сүйбөсөң мейли сүйбөчү,
Сезбесең мейли сезбечи.
Сезимтал жанды көп эле,
Санаага сала бербечи.

## БИРГЕ БОЛОЛУ

Сүйдүрүп жанды жыргатпай,
Сүйүүнүн ырын ырдатпай.
Сезимге салсаң дүрбөлөң,
Сыздаймын сырым айта албай.

Кусалык черин таратып,
Кайрылып келсең жарашып.
Кут конгон куттуу күндөрүм,
Күлкүмө берсин жарашык.

Тагдырлаш болуп түбөлүк,
Таалайлуу өмүр сүрөлүк.
Теңирим берген сүйүүнү,
Таарынтпай сыйлап жүрөлүк.

## ӨЧҮРБӨЧҮ ҮМҮТТҮ

Ак куудай көлүн издеген,
Сүйүүмдү тоодон изденем.
Ойлогон ойду сүйүнтүп,
Кайрылып келчи бүгүн сен.

Жаныңда жандап жүрөйүн,
Жандырып оттуу сезимди.
Күлкүңдү коштоп жүрөйүн,
Тартуулап ыйык сүйүүмдү.

Айтууга аяр сөзүм бар,
Күлкүмө сенин күлкүң зар.
Учугун издейм жашоонун,
Сага да мага барабар.

Көөдөнгө сыйбай сүйүнүч,
Күтөмүн күндө өзүңдү.
Тоолордон узат колуңду,
Өчүрбөй жанган үмүттү.

## БОЛГУМ БАР

Ашууңдан сенин ашармын,
Айлыңа бир күн барармын.
Артылып колум моюнуңа,
Ашыглык сөзүм айтармын.

Бой салып бир күн барармын,
Барпыдан издеп табармын.
Бейишим менин өзүң деп,
Барпыдай ырды жазармын.

Көркөмдүү Көк-Арт жээгинде,
Көз кырын салып өзүңө.
Канышым деп сөз козгоп,
Курманбек болуп калсам ээ.

Жаныңда көпкө болгум бар,
Жүйөлүү сөзүм айткым бар.
Жактырсаң Ачы тарапка,
Жан биргем алып кетким бар.

## ИЗДӨӨ

Көктөгү күнүм батарда,
Кызарган нурун чачарда.
Кылыгы жомок кыялкеч,
Кымбатым түштү оюма.

Тартылат көзгө элесиң,
Тамылжып сүйкүм күлүшүң.
Тамырдан кирип жаныма,
Тараттың сүйүү күнү-түн.

Сагынам сени сагынам,
Сагынып сага зарыгам.
Сагынтпай келчи кымбатым,
Суурулуп түндүн койнунан.

Берилем сага берилем,
Берилүүм күчөп сени дейм.
Батарда күнүм уяга,
Багымдан кымбат сени издейм.

## ЫНАНУУ

Сүйүүнүн таңы аттыбы,
Сүйүнтүп нурун чачтыбы.
Сезимтал жаштар тилегин,
Сүйдүрүп багын ачтыбы.

Күлкүнүн таңы аттыбы,
Күлдүрүп нурун чачтыбы.
Көңүлдөш жаштар тилегин,
Кубантып багын ачтыбы.

Тилегим менин тирегим,
Телмирип күндө келемин.
Тагдырлаш болуп бир өмүр,
Толтурчу кемин жүрөктүн.

Ынагым менин ынагым,
Ынанып көңүл бурамын.
Ызалуу күнгө калтырбай,
Ырыстуу өмүр улагын.

Башкачам менин башкачам,
Багынып сага баратам.
Баркыңа сенин жетейин,
Баркымды билчи суранам.

Жаштыгым менин жаштыгым,
Жактырып сага барамын.
Жанбаса кокус жылдызым,
Жанымды алчы ынайын.

* * *

Сүйүнткөн күндө сөздөрүң кана,
Сезимге селдей акпайбы кайра.
Санаага салдың суроосуз соттоп,
Сендейди сүйгөн мендейге чала.

## СЫР ДҮЙНӨ

Боюма аёо таратып,
Баскан кезде жанашып.
Бар дүйнөң турсун күлүндөп,
Багында булбул сайратып.

Сени өппөй кимди өбөм,
Сенсиң менин дүнүйөм.
Сыйына толор агаңын
Сый дүйнөгө бир келиң.

Сени эстебей кимди эстейм,
Сүйүүмө жанып кирсе дейм.
Сыйлашып сырдуу дүйнөдө,
Сулуулап өмүр сүрсөк дейм.

## КЫЯЛДАГЫ КЫЗЫКТАР

Көңүл кушун көтөргөндөр учуруп,
Көңүл келген күндөргө ойду тутунтуп.
Көз талдырган бийиктерге умтулган,
Кыялдагы кызыктарды туу тутуп.

Көкүрөктө көөнөрбөс ырларым бар,
Куттуу күндү куттуктап ырларымда.
Кылым жүрүп артынан келе жатат,
Кудайыма миң ирет кулдугум бар.

Көшөгөсүн ачып түнкү уйкумдун,
Көктөм күндө көрүнүүгө умтулдум.
Кыялатпай ой чабытым башкага,
Күлкү коштоп келди сага жолуктум.

* * *

Сөздөрдү жылдыздардай жыбыратып,
Сүйүүмдүн сүйүнүчтүү жүзүн ачып.
Сагынычым жүрөктө ташып турат,
Санаа тартпай сүйүнтчү жакындашып.

## СҮЙҮНДҮРЧҮ

Ак булуттай бөлүнөйүн,
Ак жамгырдай төгүлөйүн.
Жазым болуп көрүнчү сен,
Жан эргитип сүйүнөйүн.

Мөңгүлөрдөн бөлүнөйүн,
Булак болуп ийилейин.
Жылгам болуп көрүнчү сен,
Жылжып агып сүйүнөйүн.

Көп жылдыздар арасынан,
Көңүл буруп каранам.
Колдоого алып сүйүндүрчү,
Көрүнүп кең ааламдан.

## АЙТКЫМ КЕЛЕТ

Өзүмдү өзүм алдап,
Өзүңө баргым келет.
Өзгөгө азгырылбай.
Өзүңдө калгым келет.

Ойлогон ойду алдап,
Ордоңо баргым келет.
Ойлонбой башкаларды,
Ордоңдо калгым келет.

Учуруп ак кушумду,
Уяңа коңгум келет.
Угузуп билгенимди
Уяңда калгым келет.

Көлүңө ак куу болуп,
Күнүгө сүзгүм келет.
Кубанып билгенимди,
Көлүңдө айткым келет.

Бүркүттөй тоолоруңда,
Бийиктеп учкум келет.
Берилип билгенимди,
Бийикте айткым келет.

## АК ТАҢЫМ

Чектөөгө сыйбай чыдамым,
Чыгарып болгон ызасын.
Чыкыроон күндө жол карап,
Чыдамым кетип турамын.

Таңданткан сендей сулууну,
Таң ата издеп таппадым.
Таалайым болуп жашоодо,
Тартылчы көзгө ак таңым.

Сездирбей башка бирөөгө,
Сүйүнүч топтоп жүрөктө.
Сүйүктүүм сага баратам,
Сыр төккүм келип өзүңө.

## СЫР АЧУУ

Көтөрүлүп көңүлүм баскым келди,
Курдаштарга сырымды айткым келди,
Коңшу айылдын кыздарын сөзгө салып,
Кызыгына жаштыктын баткым келди.

Сүйүү ырын сүйүнүп жазгым келди,
Сүйүү козгоп, сүйүүмдү айткым келди.
Сырдаштардын сыйына балкып денем,
Сыр сандыкта сырымды ачкым келди.

Жашоо улап жанымда жандап жүргөн,
Жакшылыкка кол сунуп сен деп жүрөм.
Жалгыз жолго калтырбай келчи мага,
Жарык берер жашоомо сүйүүң менен.

* * *

Көк түтүндү эркекче көккө үйлөп,
Каткырасың кумарлуу эрке тиктеп.
Кетире албай, же сени оңдой албай,
Кыйын күнгө калдың го кайрылат деп.

## ЖҮРӨКТӨШҮМ

Теңирим берген багыма,
Тагдырлаш жарым жанымда.
Тоолордой токтоо мүнөзүң,
Талпынам бийик тарапка.

Жараткан берген багыма,
Жүрөктөш жарым жанымда.
Жолдордой узун тилегим,
Жан тартам жакшы тарапка.

Жашоодо көңүл калтырбай,
Жакшы сөз айтып ар кандай.
Жакшынам турат жанымда,
Жараткан кудай таңындай.

Сагынтып келген тилекти,
Сүйүнткөн күнгө жетейли.
Сый көрүп ушул жашоодо,
Сүйүнүп өмүр сүрөлү.

Жакшынам менин жакшынам,
Жолукпай калсам сагынам.
Жүрөктүн таңын аттырып,
Жүрөктө жүрчү суранам.

## СҮЙҮП КЕЛЧИ

Ай нурундай төгүлүп келчи эркем,
Ай чырайлуу жүзүңдү көрөйүн мен.
Алтын канат кушумду учурайын,
Алтын конуш уяңда болчу эркем.

Күн нурундай төгүлүп келчи эркем,
Күн чырайлуу жүзүңдү көрөйүн мен.
Күмүш канат кушумду учурайын,
Күмүш канат уянда болчу эркем.

Булут болуп бүркөлүп көрүнбөчү,
Буулуктурбай багыма күлүп келчи.
Баалап тапкан түнөгүбүз тунук болсун,
Байыр алып баркымды сүйүп келчи.

## КЕТЕМБИ

Айлыңдан таппай өзүңдү,
Айталбай ширин сөзүмдү.
Ай менен түндү узатып,
Айлыма кайра кетемби.

Сүйүктүүм таппай өзүңдү,
Сүйүнүп айтпай сөзүмдү.
Сүйүүңө сенин зар болуп,
Сүйө албай кайра кетемби.

Кубанып айтпай сөзүмдү,
Кымбатым таппай өзүңдү.
Күлкүңө сенин зар болуп,
Көрө албай кайра кетемби.

Атыңды айтпай башкага,
Алтыным атың канымда.
Ал күнү сыйда экенсиң,
Айылдаш курбуң тоюнда.

## ТҮШҮҢӨ КИРЕЙИНБИ?

Сүйүнтүп сезимиңе кирейинби,
Сыр төгүп жүрөгүңө түнөйүнбү?
Самаган тилектерди орундатып,
Сагынбай үйүмө алып кетейинби.

Кыял күүсү күүлөнүп жүрөгүмдө,
Күүсүн чертет кылыктуу сүйүүлөргө.
Келген күнгө нурданып кулач жаят,
Кумар уулап, ыр жандуу сырдуу түндө.

Аалам чегин өзүмө тартайынбы,
Алысташпай кучагымды жаяйынбы.
Ак сүйүүнүн түшүнө кирип күндө,
Ала качып үйүмө барайынбы.

## ИМЕРИЛҮҮ

Кайра өзүңө барсамбы,
Кечирем деп айтсамбы.
Көктөмүң болуп көктөгөн,
Кубандырып кайтсамбы.

Күлүк минип чапсамбы,
Күндүк жолго чыксамбы.
Кыялаган кыялды,
Конушума тартсамбы.

Адыр-тоону ашкым бар,
Ашык ойго жангым бар.
Ат үстүндө ак сүйүүмдү,
Арзып сага айткым бар.

Жаркылдаган ай маңдай,
Жаз жыттанган сүйүүм ай.
Жүрөгүмдүн ээси болчу,
Жашооңдо эч жаңылбай.

## ЖАН АЧУУ

Бир максатка байыр алып оюбуз,
Бул жашоодо бир адамдай болчубуз.
Бороону күч кыштын келген суугуна,
Буйгоо таппай боройлонду жолубуз.

Күндүн нуру кучакталып булутка,
Кыштын суугу жанга батып турганда.
Күтүүсүздөн келди мага суук кабар,
Кетиптирсиң күн көрүнгөн тарапка.

Кыроолонгон суук сөздөр жакпады,
Кол шилтенип ысык жүрөк муздады.
Кучагында кеттиң башка бирөөнүн,
Калды менде өмүр бою жан ачуу.

## БАР БОЛ

Жан дүйнөңдү кейиткен,
Жокчулук тартпай эшиктен.
Жегенге наның бар болсун,
Жашоодо күндө сүйүнткөн.

Ичинен бүтүп эзилткен,
Ит турмуш тартпай эшиктен.
Ичерге тунук сууң болсун,
Ичкенде жанды сергиткен.

Айтканды такыр укпаган,
Асылым жанды кыйнаган.
Акмактарга жолобой,
Алыс болгун жанынан.

Топ жарып жүргүн күнүгө,
Тартылып тунук сүйүүгө.
Түбөлүгүң түз болсун,
Тамырың жайгын тереңге.

## СЕН ҮЧҮН

Тагдыры тайкы сүйүүм ай,
Барктаган жанга жетпедиң.
Бороондуу күнгө кабылып,
Муз болуп тоңду жүрөгүң.

Мен үчүн улуу тоо элең,
Чокусу көктү тиреген.
Бүркүттөй шаңшып бийикте,
Булактай мөлтүр ийилген.

Чыдамым кетип бул күндө,
Айталбай сырды эч кимге.
Тартылган көккө жебедей,
Каалгып жүрөм жөн эле.

Убара тартып күнү түн,
Айтууга сөздүн шиининин.
Келтирип келме ичимден,
өзүң деп жашап жүрөмүн.

## СЕЗИМДЕГИ СҮЙҮНҮЧ

Каралдым ачык жан элең,
Таарыныч эмне билбеген.
Буулугуп кабак бүркөбөй,
Күлкүлүү сөздөн сүйлөгөн.

Пейилиң өтө кең эле,
Жүрөгүң сенин тоо эле.
Кыдырып дүйнө кезсем да,
Өзүңдөй сулуу жок эле.

Балкытып дене жибиткен,
Балапан жытың бар эле.
Укканда жанды ээриткен,
Сөздөрүң сенин бал эле.

Көңүлдү көккө көтөрткөн,
Кылыгың кымбат жан элең.
Балыктай сууда туйлаган,
Шок элең эркем шок элең.

## КЕЛЧИ ӨЗҮМӨ

Канатың катып күүлөнгөн,
Сөздөрдү тандап ойго кең.
Жеткире албай өзүңө,
Кыйналып жүрөм күндө мен.

Жүз чайып Көк-Арт суусуна,
Жашайсың айыл башында.
Балаңды колдон жетелеп,
Кубанып келген бактыңа.

Ойготуп ыйык сезимди,
Ойлонуп өткөн күндөрдү.
Отурам Көк-Арт жээгинде,
Угууга кайра күлкүңдү.

Канатын кагып күүлөнгөн,
Күлкүнү тосуп таң менен.
Октолуп турам октолуп,
Кайрылып келчи бүгүн сен.

## СҮЙҮҮ КҮЧҮ

Байкатпай тосуп жолуңдан,
Бек кармап жумшак колуңдан.
Бал тамган таттуу сүйүүмдү,
Билдире албай кыйналам.

Атайлап тосуп жолуңдан,
Акырын кармап колуңдан.
Ай өпкөн сулуу сүйүүмдү,
Айталбай неге кыйналам.

Булбулдай сайрап үйүмдө,
Батсам да таттуу сүйүүгө.
Багыма кокус жолуксаң,
Багынып тиктейм өзүңө.

Жандыра албай сүйүүмдү,
Жалдырап тиктейм өзүмдү.
Жарыгым неге билбейсиң,
Жардамга муктаж дилимди.

Бактылуу күндөр узаган,
Берилбей бизге кайрадан.
Бактыма келген сүйүүнү,
Билдирчи өзүң суранам.

## УБАЙГА САЛБА

Кыйчалыш жолдо кыйналсаң,
Кайышып улам кабыргам.
Көрүнбөй өткөн күндөрүм,
Көзүмдөн агат жаш улам.

Сүйүүмө шектүү карасаң,
Сүйүнтпөй кайгы таратсаң.
Сыртынан карап өткөндү,
Сөзүмдөн күндө адашам.

Уурдалып улук күндөрүм,
Унутта калып түндөрүм.
Убайга түшүп өтөбү,
Умтулган сага тилегим.

## УУЗ СҮЙҮҮМӨ

Билгизбей ичтен сыйлашып,
Бактылуу жүрдүм жанашып.
Бааланган барктуу сүйүүнүн,
Багына жылдыз таратып.

Үн катпай ичтен сыйлашып,
Узаттык түндү жанашып.
Узагын тилеп сүйүүнүн,
Ууртуңа күлкү таратып.

Сыр сактап ичтен сыйлашып,
Сүйүнүп жүрдүм жанашып.
Сагынткан таттуу сүйүүнүн,
Саамайың желге сылатып.

Жактырып ичтен сыйлашып,
Жылмайып турдуң жанашып.
Жылдызы жанган сүйүүмдү,
Жамалың желге сылатып.

## ҮЗҮЛБӨГӨН ҮМҮТ

Элесиңди карегимден жоготпой,
Ээсиз калган жаман ойду жолотпой.
Эленемин өткөн таттуу күндөргө,
Ээсин тапкан укмуштуу бир жомоктой.

Барктал багаган баалуулукту кечеги,
Багын байлап сүйүү бизден кетеби,
Байыр албай сүйүнүчтүү күндөргө,
Билинбеген бейиш күндөр өтөбү.

Өткөн күндөн өкүнүчүн санабай,
Өмүр тилеп келген күнгө байма-бай.
Өзүмдү-өзүм сүйүндүрөм жашоодо,
Өзөктөгү күйгөн отко карабай.

Карап койсоң көп ичинен буралып,
Көз карашың болот мага жан азык.
Кызыгына батып күндүн өзүмчө,
Кыйкыргым бар, кыйкыргым бар кубанып.

## КЫЗЫГУУ

Жарыгын чачкан тымызын,
Жана берсин жылдызың.
Жактырып сени күнүгө,
Жалындайт улам кызыгуум.

Көксөгөн мүдөөм билинбей,
Кетпесин учуп көрүнбөй.
Көрүнүп турчу көзүмө,
Кызарган адыр гүлүндөй.

Сүйүнткөн мүдөөм билинбей,
Салбасын кайгы сездирбей.
Сактыгың салчы көзүмө,
Сүйүнсүн жүрөк күлүндөй.

Чындыгын сөздүн билейин,
Чакырсаң учуп жетейин.
Чыгарбай жүргөн сырымды,
Чечилип айтып берейин.

Баркыңды сенин билейин,
Бааланып жандап жүрөйүн.
Бөксөртпөй ички дүйнөмдү,
Берилип бекем сүйөйүн.

## КҮТӨМ ДАЙЫМ

Ызалуу ойлорумдун чабыттарын,
Ыр жандуу көңүлүмө чабыттайсың.
Ышкыма күндө келип өмүр сүрбөй,
Ынагым неге менден алыстайсың.

Карагат көздөрүңдү жоодураган,
Күнүгө көргүм келип ызаланам.
Калтырбай көүүлүмдү көтөрүп кой,
Күлкүнү чакырайын кырда калган.

Сездиңби, сезбедиңби биле албадым,
Сездирбей сезим козгоп сенден жандым.
Сыр ачпай өткөн ыйык күнүм кетти.
Сүйүүнүн келээр күнүн күтөм дайым.

## ЖАЗДАГЫ СҮЙҮҮ

Табигаттан талашкандай сулуулук,
Булуттардан түшкөн өңдүү чубуруп.
Кызыл-тазыл кийинишкен сулуулук,
Жылмайышат жаз айында шоктонуп.

Жанып өткөн көздөрүнөн сезилди,
Алаксытып уурдай качты сезимди.
Байкалбаган тиктешүүдөн бир ирет,
Бир кылымдык сүйүү мага көрүндү.

Тиктешүүнүн багы ачылып бир келген,
Селт дей түштүм орун алса жүрөктөн.
Балкып денем турдум көпкө тынымсыз,
Сүртүп өткөн сезимиме деминен.

Жанып келген жаштыгына бааланам,
Жаным эргип жалынына жылынам.
Карегинен сүйүү сепкен сулуулук,
Сүйүүсүнө сүйүүм артып багынам.

## ЖОЛ ТОСУУ

Томуктай ойго багынып,
Томуктай ойго жалынып.
Томуктай ойлуу селкинин,
Тосомун жолун сагынып.

Көктөгү күндөй ачылган,
Көрктөнүп нуру чачылган.
Күнгө тең сулуу селкинин,
Күн болуп күтөм жолунан.

Кызарган күндөй жаралган,
Кызыктуу дүйнө жараткан.
Кызгалдак түстөш селкинин,
Колунан сырдуу кармасам.

Айга окшоп түнү ачылган,
Айга окшош күлкү жараткан.
Ай өпкөн сулуу селкинин,
Айланып чыкпайм жанынан.

## ЖАН ЭРГИТҮҮ

Сырыңды айтсаң бөлүнүп,
Сөзүңө сенин сүйүнүп.
Сыймыктуу тиктейм өзүңө,
Сүйүүмдүн ээси дегенсип.

Көрүнсөң көзгө бөлүнүп,
Көкөлөйт көңүл сүйүнүп.
Кызыгып тиктейм өзүңдү,
Кымбатым ушул дегенсип.

Жанашсаң жандан бөлүнүп,
Жактырат көңүл сүйүнүп.
Жылмайып тиктейм өзүңдү,
Жүрөктүн ээси дегенсип.

Умтулсаң жандан бөлүнүп,
Удургуйт ойлор бөлүнүп.
Учуруп сүйүү куштарын,
Утурлайм сага сүйүнүп.

## КЕЛЧИ ӨЗҮМӨ

Кучактап таттуу ойлорду,
Күнүгө бирге болсоңчу.
Кымбатым менден бөлүнбөй,
Көңүлгө күндө толсоңчу.

Жактырган жанга кууланып,
Жарашык берип сүйүнүп.
Жаныма келчи күттүрбөй,
Жытынан жаздын себейин.

Ашыккан жанга күүлөнүп,
Ажарың чачып сүйүнүп.
Алдыма келчи күттүрбөй,
Ай менен кошо көрүнүп.

Кызыккан жанга күүлөнүп,
Кумарың чачып сүйүнүп.
Күттүрбөй келчи өзүмө,
Күн менен кошо көрүнүп.

## СҮЙҮҮҢӨ ЗАРЫКПАЙЫН

Кызыктырган кыялга айланамын,
Көп ичинен өзүңө байланамын.
Кара көзүм арзуумду биле жүргүн,
Кыйындыкта өзүңө багынамын.

Көңүлдөш деп көзүңө айланамын,
Кут учурбай өзүңө байланамын.
Канат кагып алыска кете албасым
Кубанганда сүйүүңө зарыгамын.

Жан жыргатар жыргалым кагылайын,
Жанымда бол жашоодо суранайын.
Жол жоргоңду билгизбей алыстаба,
Жолдош болор сүйүүңө зарыкпайын.

Күлүп келген күндөргө кагылайын,
Күн өткөрбөй көркүңө багынайын.
Катарынан калтырба махабаттын,
Кайгы каптап сүйүүңө зарыкпайын.

## ТЕЗ КЕЛЧИ

Жабыккан ойду тазартып,
Жүзүнөн сүйкүм сылайын.
Жаныңда бүгүн жарашып,
Жазайын ырды жазайын.

Сүйүнтүп таза сүйүүмдү,
Сүйүктүүм келсең тез келчи.
Сүйүшкөн жандар кербенин,
Сагынтпай өмүр сүрөлү.

Көңүлгө канат жаратып,
Көкөлөп учсам жарашып.
Көз кысып турат бакыттар,
Кызыгып бизди карашып.

Бел чечкен жанга бекерге,
Берилбейт сүйүү эч жерде.
Бааланбай багы өтпөсүн,
Билинбей өтсө бул дүйнө.

## ООЛУКМА ОЙДУ УНУТКУН

Жактырбас жанды себепсиз,
Жалдырап тиктей бербеңиз.
Жыттатып жыпар жытынан,
Жанашып жүрөт гүлүңүз.

Сүйбөгөн жанды себепсиз,
Сыйкырлуу тиктей бербеңиз.
Суктанткан сулуу көркүнө,
Сагынып күтөт гүлүңүз.

Ооматтуу жашоо кетпеген,
Оожалып жүрсүн сиз менен.
Оолукма ойду унуткун,
От алсын сүйүү бир келген.

Жагымдуу жашоо кетпеген,
Жарашып жүрсүн сиз менен.
Жагымсыз ойду унуткун,
Жашарсын сүйүү бир келген.

Жашоодо жалгыз эмессиз,
Жанашып жүрөт гүлүңүз.
Жактырбас жанга асылбай,
Жактырган жанды сүйүңүз.

## САГА

Суйкайган сулуу келинсиң,
Сөзүмө курчтук бересиң.
Созулуп басып Кызылда,
Сарыдан көйнөк кийесиң.

Келишкен сулуу келинсиң,
Көзүмө курчтук бересиң.
Көйкөлүп басып Кызылда,
Кызылдан көйнөк кийесиң.

Үч-Кызыл сулуу жеримде,
Үркөрдөй болгон элимде.
Үшкүрткөн мени бирөө бар,
Үзүлбөйт үмүт өлгүчө.

Сары-Жайык кенен жер,
Суктанган ага канча эл.
Сыртынан сынап бирөөнү,
Сырымды төгөм жазып чер.

Сырымды башка билбесин,
Сырдашым түшкө киресиң.
Суусунан таза булактын,
Сүйүнтүп мага бересиң.

Кийгениң сенин кызылдан,
Көңүлүм бөлүп кызыгам.
Кайрылып келчи өзүмө,
Көрбөсүн башка бир адам.

## АЛЫСТОО

Сүйүүмө сүйүү кошуп жүгүрөсүң,
Сүйүнтүп көңүлүмдү көтөрөсүң.
Сыр салып кээ күндөрү башкаларды,
Сынына суктангандай сезилесиң.

Күлкүмө күлкү кошуп жүгүрөсүң,
Кубантып көңүлүмдү көтөрөсүң.
Колдоого алып кээде башкаларды,
Көркүнө суктангандай сезилесиң.

Жашоомо жамгыр болуп төгүлөсүң,
Жактырган жазым болуп көрүнөсүң.
Жактырып сөз кылганда башка адамды,
Жанымда турган өңдүү сезилесиң.

Алтыным сөздү айттырбай түшүнсүң,
Абайлап ар кыл ишти бүтүрөсүң.
Акырын баркын баалап башкалардын,
Алыстап бараткандай сезилесиң.

## ЭЗИЛИП ТУРДУМ ЭЗИЛИП

... Эзилип турдум эзилип,
Жүрөгүп көпкө тилинип.
Жазыксыз окко туш болуп,
Жаралуу жатса энтигип.

Эзилип турдум эзилип,
Экиге денем бөлүнүп.
Өзөктү өрттөп үшкүрдүм,
Өрттөнгөн үйгө тигилип.

Эзилип турдум эзилип,
О дүйнө көзгө көрүнүп.
Баласын көмгөн атанын,
Жүзүнө жүзүм жүздөнтүп.

Эзилип турдум эзилип,
Эл менен кошо үшкүрүп.
Үзүлө тиктеп өлүктү,
Убайга денем бөлүнүп.

Эзилип турдум эзилип,
Эчки өмүр жаштан түңүлүп,
Эселек кыз таанылбайт,
Эмчеги калган тилинип.

Эзлип турдум эзилип,
Өлүктү көрүп түңүлүп.
Тааныбайт эне баласын,
Күйгүзүп салган күйгүзүп....

## ЖҮРӨКТӨН ЫРЫМ ТӨГҮЛДҮ

Көркүңө эмес өзүңө,
Кыргыз ыраң жүзүңө.
Кырк жыл өтүп кетсе да,
Кызыгып тиктейм дагы эле.

Асылымсың сен мага,
Алмаштырбайм башкага.
Алтынга толуп кучагым,
Ай, күнгө жетип турсам да.

Бой сымбаты келишкен,
Басканы сонун периштем.
Бактылуу күнгө жетелеп,
Бооруна тартат кең менен.

Жактырып келген тилекти,
Жүрөктөн ырым төгүлдү.
Жарашкан кырк жыл жазыма,
Жамгырым болуп төгүлчү.
Арстанбаптын сулуусу

Асыл ойдун тунугу,
Айтылаар сөздүн улугу.
Ай жамалы башкача,
Арстанбаптын сулуусу.

Сөзүнө бек туруктуу,
Сүйлөсө сөзү омоктуу.
Сыйкыр күчкө ээленген,
Сулуу жердин сулуусу.

Арстанбаптын багы ал,
Арстанбаптын айы ал.
Ачылган күндө ажары,
Арстанбаптын таңы ал.

Арстанбапты жердеген,
Акылы тунук пенде экен.
Айтылуу бул сулуунун,
Антташкан жары ким экен.

## АЧЫЛБАГАН СЫР

Угузбай сөздүн ызгаарын,
Унутуп өмүр жыргалын.
Убайга салып өзүңдү,
Умсунуп неге ыйладың.

Билгизбей сөздүн ызгаарын,
Бүткөндөй өмүр жыргалың.
Жараткан неге кыйнады,
Жайнаган гүлү жүз элең.

Кызыгып көптөр тиктеген,
Кылыгы кымбат кыз элең.
Кудайым неге кыйнады,
Көркөмү сонун жай элең.

Сулуу жүздөн жаш тамды,
Сүйөрүң мени жалганбы.
Сыноого койбой өзүмдү,
Себебин ыйдын айтсаңчы.

Апакай жүздөн жаш тамды,
Аярым сенсиң жалганбы.
Алдырбай алсыз ойлорго,
Ачыгын ойдун айтсаңчы.

Күйүттүн сырын ачпадың,
Күйүткө кайра каптадың.
Кымбатым мени кечир деп,
Колумдан бошоп узадың.

Шашылыш келген кайгынын,
Шоокумун неге ыйгардың.
Шорума бүткөн жин белең,
Шолоктоп ыйлап бараттың.

## СЫЙКЫРЫМСЫҢ

Ак тилек ойлорумдун,
Айтылбас сырларысың
Жашоодо жан эңсеген,
Жашырган жыргалымсың

Көрүнбөс бийиктерде,
Көксөгөн кыялымсың.
Жамгырлуу жазды эңсеген
Жазылар ырларымсың

Көтөрөр элдин жүгүн,
Көксөгөн батырымсың.
Сактаган көздүүлөрдөн
Сыйкырдуу аралымсың.

## БҮТТҮБҮ ЭМИ?

Сезгендей жамандыкты алдын ала,
Сүйүүнүн ишенбестен жалганына.
Сыздаган жүрөгүмдү алдоого алып,
Сулуулап сүйүнткөнү келдим сага.

Акылдуум жанга ынак, жанга кубат,
Алыстан келдим сага жайып канат.
Азгырган ак сүйүүнүн азабынан,
Алыстап кетпейинчи жаным сыздап.

Эрмегим такыр элден кемибегин,
Эрмектер жүрөгүңдүн таптың теңин.
Эзилип ыйлабайын жалынбайын,
Энчиси боло албадың жүрөгүмдүн.

Булуттай, ак булуттай тээ көктөгү,
Берилүүң шум шамалга желдендиби?
Бүгүнкү ыйык сөздү уккуң келбейт,
Бүгүнүм, тообо, менин бүттүбү эми?

## ТАҢУУЛАБАЙМ

Жаз жыттуу жадыраган таңым болчу,
Өмүрдү коштоп турар багым болчу.
Көңүлдү эзип жан кейиткен кайгынын,
Кадырына каршы турар жаным болчу.

Ыйлап келип, ыйлатып кеткім келбейт,
Ызаларды өзгөгө айткым келбейт.
Өмүрлөрдүн өлүм менен бүтөрүн,
Өзөк өрттөп ырымда жазгым келбейт.

Жан кейиткен ушак сөздү айткым келбейт,
Жаман жолдо жашынып баскым келбейт.
Жакшылардын жашоосун жазга айлантып,
Жакшы өлүмдү душманга таккым келбейт.

## АЖЫРАШУУ

Таңуулап жаман иштин тарткылыгын,
Тагдыр ай, мага неге кастык кылдың
Таңга окшош чырайыңды карегимден,
Тарттырып башкаларга канбай калдым.

Көңүлүмө күн болуп атпай калдың,
Катарымда бар элең, таппай калдым.
Колдоого алып жаныма кубат болор.
Кыргый мүчө кымбатым болбой калдың,

Атаганат алдастаткан адамды,
Алсыз жанды алдаганын карачы.
Айыбымды айтып кетсең мейли эле,
Арзып сүйгөн жарым элең жалганбы.

Кеткен күнгө таңуулабай арманды,
Келген күндүн кулу болуп жашайлы.
Кудай билет күнөө менде, же сенде,
Келгениңден келбегениң ыңгайлуу.

## ЖАРЫМ БОЛЧУ

Жакшылыгын тартуулап кемибеген,
Жашоодо келер, кетер өмүр деген.
Жүздөшүүдө көрүнгөн келбетиңди,
Жүрөгүмө тымызын тартып келем.

Алтын күнүн тартуулап күлкү менен,
Айлар өтөр арадан билинбеген.
Алтын канат ойлордун кучагында,
Ай жүзүңдү багыма тартып келем.

Таттуу күндү тартуулар таңым болчу,
Тартып албас эч бир жан багым болчу.
Тандап алган жолдон такыр кайтпаган,
Тоо мүнөздүү дили ак жарым болчу.

Айтам бүгүн арбаган асыл ойду,
Алыстабай жаныма жакын болчу.
Ажал жетип акыретке баргычакты,
Аябаган өз жанын жарым болчу.

## БАР БОЛОЛУ

Күлүп чыккан күн да батып баратат,
Күндүгүңө күлкү улайын шарактап.
Көтөрүлгөн көңүлүмдү байкабай,
Кыял кушум учпасынчы туу кармап.

Безеленген ойлор күндө тарткылап,
Баргым келди бүгүн сага жакындап.
Булуттанба ачык асман астында,
Бир бололу бүтүндүктү туу кармап.

Ашынып узап алга кете албаган,
Арман бар ак сүйүүнү ороп алган.
Айталбай өмүр бою кусалыгым,
Азаптын тузагынан чыга албаган.

## КӨРҮНЧҮ

Тарытпай кенен дүйнөмдү,
Талытпай өткөр каректи.
Таң менен кошо ойгонуп,
Таң сулуум болуп көрүнчү.

Буйтоого салбай көңүлдү,
Буюктурбай өмүрдү.
Буулукпай түн-күн сайраган,
Булбулум болуп көрүнчү.

## АЛМАКАН

Чымыр дене сымбаттуу,
Чарчабас иштен кайраттуу.
Чалкыган көлдөй кең пейил,
Чындыкты айткан ыр жандуу.
Чыны-Булактык Алмакан,
Чынында көптөн чырайлуу.

Узун элдин учуна,
Угулсун даңкың дайыма.
Урмат-сыйга бөлөнүп,
Учурдун жеткин баркына.
Урматы элдин Алмакан,
Улуулук болсун жаныңда.

Телегейи тегизим,
Теңтуштардын ичинде,
Толо берсин деңизиң.
Топ жылдыздар тобунан
Толукшуп күндө көрүндүң.

Ачык болсун көңүлүң,
Арчадай болсун өмүрүң.
Асманда толгон ойго окшоп,
Ачыла бер зирегим.
Агарып айткан таңымдай
Аппак болгун тилегиң.

## СЕЗИМДЕРИМ

*(Азада Бегимкулованын кайрыгы менен)*

Көтөрүп карылыктын оор жүгүн,
Көңүлсүз болбо такыр сезимдерим.
Кайратыңдан кала элексиң ажырап,
Картайган көп сулуунун эсиндесиң.

Бөлүнүп бириндебе сезимдерим,
Башкага бүлүк салар кезиң сенин.
Багыңа күлүп кара, сүйүп кара,
Бакыраң көздүүлөрдүн эсиндесиң.

Оболоп уча бербе сезимдерим,
От кечип ойлонбостон жүрөр кезиң.
Обдулуп бир өзүңдө тура бербе,
Оргуштап булак болуп агар кезиң.

Жараткан тартуу кылган сезимдерим,
Жанымды капа кылып бөлүнбөгүн.
Жамгырдай асманымда нөшөрлөчү,
Жазылар ырым болуп жүрөр кезиң.

## КЕЛЕСИҢБИ?

Сырга бай сулуулуктун атты таңы,
Сыр төгүп сүйлөшүнүн келди чагы.
Сыртымдан аялуудай болгон менен,
Сезимим сени эңсеп туруп алды.

Өңгөгө өчү бар бир адам өңдүү
Өзгөрбөс таштай катуу мүнөзүңдү.
Өзгөртүп сырларга бай таңым менен,
Өзүмө өмүр бою келесиңби.

## ТАГДЫР ТАМАШАСЫ

Жек көрүүнүн сазына салып коюп,
Жүзүң үйүп кетериңди билбепмин.
Тагдыр буйруп жолукпастан өзүңө,
Ээн талаада каларымды сезбепмин.

Кол жетпеген түбү жок көгүм элең,
Көрүнбөгөн эч кимге көркүм элең.
Куту учкан кунарсыз буюм болдум,
Кудук болдум суусу жок түбү терең.

Мен сүйгөн, мени сүйгөн адамым деп,
Бактылуу адамдардын биримин деп –
Чаң жолдо чаңды жутуп кала бердим,
Чоң муштум жүрөгүңдүн «келтегин» жеп.

Түн жамынып барбайм эми үйүңө,
Түн сырымды айтпайм эми өзүңө.
Түшүмө да кирбей калдың, ой тообо,
Тагдыр бизди чындап бөлдү экиге.

## КЕЛБЕ ЭМИ

Багымда барктуу жүрбөдүң,
Бааланбай кайгы түнөттүң.
Башканын кирип тилине,
Бөлүнүп бөйрөк бөксөрттүң.

Армандан шоруң арылбай,
Ачылган күндөй жайнабай.
Алдымда турдуң аргасыз,
Айтууга сөздү жарабай.

Эркиме эркиң ээленбей,
Эркелеп жанды ээритпей.
Ээленип кеттиң башкага,
Энчиңди бөлүп билинбей.

Күнөнү менден көрбөгүн,
Кайгырсаң касым дебегин.
Кымбатың жаңжал салбасын,
Күттүрбөй эрте жөнөгүн.

## ӨМҮР УЛАЙЛЫ

Ашыккан ойго жетпедим,
Айланып алыс кетпедим.
Айттырбай өзү билер деп,
Алладан сени тиледим.

Кызыккан ойго жетпедим,
Кыйылып алыс кетпедим.
Кымбатым өзү билер деп,
Кудайдан сени тиледим.

Керексиң мага керексиң,
Келет деп күтөт жүрөгүм.
Көрүнчү көзгө кечикпей,
Кубансын келген күндөрүм.

Сүйөмүн сени сүйөмүн,
Сагынып күтөт жүрөгүм.
Сыздатпай келчи эртерек,
Сүйүнсүн келген күндөрүм.

Өмүрдүн жашыл убагы,
Өчпөстөн бизге турабы.
Өчөшпөй өткөн-кеткенге,
Өрнөктүү өмүр улайлы.

Жашоонун жашыл убагы,
Жаркылдап көпкө турабы.
Жазылып келчи жаныма,
Жомоктой өмүр улайлы.

## ЫРЫМ БОЛЧУ

Ырларымда сенин кара көздөрүң,
Ырларымда сенин таттуу сөздөрүң.
Ырларымда тартуу кылбас эч кимге,
Ыр жаратар сенин мендик жүрөгүң.

Ырыма бер ак сүйүүңдөн бир үзүм,
Ыр жаратып төгөйүн кут мээримин.
Ырга чаңкап ачайынчы бул күндө,
Ыйдын эмес күлкүлөрдүн эшигин.

## СУРАНУУ

Айлымда сендей жок болсо,
Асылым деп кимди айтам?
Акылың тунук жан элең,
Аргасын тапчы суранам.

Калкымда сендей жок болсо,
Кымбатым деп кимди айтам?
Кор кылбай мени башкага,
Колуңду берчи суранам.

Жергемде сендей жок болсо,
Жарыгым деп кимди айтам?
Жамандан кудай сактасын,
Жанымда болчу суранам.

## КҮЛКҮ ӨМҮР

Жашоодо мүнөзүм эркерээк,
Жашооңо сөз айтсам эркелеп.
Жагымсыз кыялды унутуп,
Жолумдан тосуп ал эртерээк.

Кыял бар болбоско тарынмай,
Кыйытып сөз айтпа ар кандай.
Корунуп жашоону каалабайм,
Көкөлөп учкум бар шумкардай.

Баарына кайылмын жашоодо,
Буулугуп умтулбайм болбоско.
Бир күндүк жашоомдун күлкүсүн,
Бөлөйүн макул де ортодо.

Көбөйтүп күндө шаң майрамды,
Кубантып бир келер жыргалды.
Көргөндөр көз салып кубансын,
Күлкүгө күндө ыктап жашайлы.

## КЕМИБЕГИН

Жашартып сүйүү жазын,
Жамгырдай төгүлөсүң.
Жанымда жашоо улап,
Жылдыздай көрүнөсүң.

Күнүмө күлүп келген,
Күн болуп сүйүнтөсүң.
Каныма агып кирип,
Кан болуп жүгүртөсүң.

Сүйүүмө сүйүү улап,
Сүйкүмдүү сезилесиң.
Сүйүнткөн жүрөгүмдү,
Сүйүктүүм кемибегин.

## ӨЗҮҢ ДЕП

Баарынан кыйын озунган,
Баалуулукка кол сунган.
Бел чечип келген мээнетке,
Билгизбей изин жашырам.

Кайгынын жүгүн артынган,
Капсалаң күндү качырсам.
Калтырбай ойго күмөндү,
Күлкүнүн күнүн ачырам.

Күттүрбөй эрте келсе дейм,
Колумдан кармап жүрсө дейм.
Калтырбай күмөн жашоого,
Катарлаш басып жүрсө дейм.

## КАПАЛАНУУ

Карегиңден көрүп турам кайгыны,
Кубаттабай капа кылып алдымбы.
Карайлаган көңүлүңдү көтөрчү,
Күлкү издеп көтөрөйүн баркыңды.

Булуттанып башың жерге салынды,
Билбей калып капа кылып алдымбы.
Безеленткен жаман ойдон кутулчу,
Болбос ишке кетирбейин аргамды.

Батпай турам аалам баткан денеме,
Баш оорумду көбөйтпөчү бул күндө.
Безгек болгон бечарадай титирейм,
Безилдеткен ысыгы жок сүйүүңө.

## ТУРДУК БИЗ

Жай түнүнө жарашып,
Жаныңда турдум жанашып.
Жымыңдайт көктө жылдыздар,
Жарыгын чачып карашып.

Керемет түн сүйкүмдүү,
Күүсүн чертет сүйүктүү.
Кош колдоп сүйүү тартуулап,
Кубандырат түнүмдү.

Колунан кармап сулуунун,
Калтаарып көпкө ойлондум.
Кыз өппөгөн бетиме,
Кызуулук кирип тымызын.

Айтууга жетпей күчүбүз,
Айтылбай айтар сөзүбүз.
Акылды ууру алгандай,
Акылга кирбей турдук биз.

## КҮНӨКӨР БОЛУП БАРАТАМ

Көрүнгөн көзгө жетпедим Кызыл-Сеңирге,
Кызуулук каптап деги эмне болуп баратам?
Колдоого алган кудайым күбө сүйүүмө,
Каректе калган көркүңдү кантип унутам?

Өмүрүн тилеп суранып тапкан балаңдын,
Өпкүлөп күндө бакытка толуп кучагың.
Өткөндү эстеп чыгарып койбой жашооңдон,
Өзүмө кайра келериң чынбы ардагым?

Кайгыга салган арылам качан бул дарттан,
Көрүнгөн көзгө айылдан сыртка чыкпасаң.
Күндүзү күтүп, түнкүсүн түшкө кирсе деп,
Кудайга деле күнөкөр болуп баратам.

Тууруна конор шумкардай көктө жайнаган,
Табылгам болуп жаныма келсең кайрадан.
Тынчы жок сүйүү оорудан такыр сакайбай,
Түбөлүк сени мейли эле көрүп жашасам.

## ҮЗҮЛБӨСҮН ҮМҮТҮМ

Жүрөктөн чыккан ырымды төксөм,
Жүрөктөш болуп уга алар белең.
Жалпыга бирдей жашоону улап,
Жанымда бирге жүрө алар белең.

Мүрөктүн суусун ичкин деп берсем,
Мүрөктөш болуп иче алар белең.
Мүнөттөп каккан өмүрдүн чотун,
Мүнөттөш болуп кагышар белең.

Жайлоонун гүлүн жытта деп берсем,
Жытынан искеп жүрө алар белең.
Жактырган жандын жанынан кетпей,
Жарыңдын баркын сезе алар белең.

## АЯРЫМ МЕНИН

Жүргөндө эңсеп,
Келдиңби эстеп,
Арча жыттуу жаштыгым.
Аярым менин,
Алтындай сөзүм,
Айтылар сага ар дайым.

Кетпегин кектеп,
Жашоомдон четтеп,
Өмүрдүн чертпей кылдарын.
Өзүңдү гана,
Сүйөрүм чын да,
Түбөлүк бирге тагдырым.

Өмүрдү улап,
Жүрөлү куунак,
Сүйүнтүп келген күндөрдү.
Бололу узак,
Бактылуу жашап,
Кубантып келген сүйүүнү.

## КЕЛЕ КЕТ

Оюма түшүп көп нерсе,
Оболоп учуп жүргөндө.
Орундатып тилекти,
Ойлонбой келчи өзүмө.

Кыялга келип көп нерсе,
Кыялап учуп жүргөндө.
Көңүлгө шаттык келтирип,
Колунду берчи өзүмө.

Багыма менин бир келген,
Балапан жыттуу периштем.
Бурулуп мага келе кет,
Бактылуумун сен менен.

* * *

Келген тынчтык күн мына,
Келчи курбум жаныма.
Кобурашып алалы,
Куттуу таңдын алдында.

Жашырбай айтчы сырыңды,
Жай алдырып жанымды.
Жылдыздардай жайнайлы,
Жашоодо билсин барымды.

Көңүлдү койбой эркине,
Көңүлдөш болуп алдың ээ.
Кубантып келген күндөрдү,
Кайгыны кууп салдың ээ.

Жашоомду койбой эркине,
Жүрөктөш болуп алдың ээ.
Жаратып күндө шаттыкты,
Жаныма кубат болдуң ээ.

## КҮТҮП АЛГЫН

Көргөндө айылыңды сүйүнөмүн,
Көзүмө көрүнсөң деп тиленемин.
Кыялым алып учуп сен тарапка,
Көңүлдө жолугууну күтүнөмүн.

Жүрөгүм коё бербей эркелигиң,
Жанында турган өңдүү тилектемин.
Жол кезип айылыңа бара жатам,
Жашоомо жан киргизип үмүттөрүм.

Оюмду оюң менен толуктайын,
От алган махабатка жалындайын.
Ортодо сыйкыры күч ак сүйүүгө,
Оожалып өмүр бою уланайын.

## ЫНАГЫҢ БОЛУП КӨРҮНӨМ

Өтсө күн өкүнбөймүн,
Өзөк өрттөп кейибеймин.
Өкүнгөндө не пайда,
Өлүк күнгө кезикпейм.

Жетемби деп жүгүрбөйм,
Жакшылыктан түңүлбөйм.
Жарды өтсөм да дүйнөдөн,
Жаратканым сени эстейм.

Жаракасы көрүнгөн,
Жаман иш өтсө көзүңдөн.
Жандай басып өзүңө,
Жомоктой жардам көрсөтөм.

Мүдүрүлсөм кокустан,
Муңга батпай чыйралам.
Муңдаштардын көңүлүн,
Муңдаштардай уга алам.

Ызаны такыр билбеген,
Ыр өмүр келсе бүтпөгөн.
Ыр ырдап кетпей жаныңдан,
Ынагың болуп көрүнөм.

## ЭРЕРКӨӨ

Жагалмай учпай берилеп,
Көңүлгө кайгы келтирет.
Жалгыздык батып жаныма,
Эреркеп турдум эреркеп.

Сулуудан сулуу жандадым,
Чакырса басып барбадым.
Өзүңө калдым айланып,
Тузагың салчы ардагым.

Күн-түндөр өтсө билинбей,
Үмүтүм жанып күлүңдөй.
Тиктеймин өзүң тарапты,
Жагалмай учуп келчүдөй.

## СЕЗИМДИН ЖААНЫ

Толкуган ойдун толкунун жиреп,
Таалайлуу жээкке жетүүнү эңсеп.
Кайыгын минип кыялдын күндө,
Сөздөрүн келем калагын шилтеп.

Көрүнгөн көзгө элестер улам,
Кыялга укмуш арттырып кумар.
Себелейт күндө сезимдин жааны,
Жээгинен ойдун өзүндү табар.

Эселек ойлор элиртип кээде,
Эсебин таппай от болуп күйсө.
Этегин кармап жашоонун барам,
Энчиме калар жыргалга сенде.

## КАРЫЛЫКТЫН КЕЛИШИ

Сүйүүмдү сездире албай жүргөнсүймүн,
Сен менден алыс калып кеткенсийсиң.
Сыйдырып сезимиме болгонумду,
Сыр бербей сылык, сыпаа жүргөнсүймүн.

Табылбаган эч качан табылгам деп,
Таттуу кыял жетелеп сени издейт.
Тунук асман, түгөнбөгөн жылдыздар,
Түгөйүн тапса экен деп мени тиктейт.

Адамдык сапат менен сүйүүм менен,
Ааламга кулачымды жайып келем.
Адашып кеткен өңдүү туюласың,
Азгырган азгырыктын тили менен.

Жашоодо менин гана жолум тардай,
Жакшына тилектерге кучакталбай.
Жакшы күндөр алыстап бараткансыйт,
Жашка муктаж адамдай, алымсынбай.

## ЫРЫМ БОЛЧУ

Ыдыратпай ыңгайды,
Ышкы ырын ырдайлы.
Ызаттап келген күндөрдү,
Ыйбаа кылып жашайлы.

Ыр бар жерде күлкү бар,
Ыр бар жерде ыйман бар.
Ырыскысы түгөнбөс,
Ыр бар жерде жашоо бар.

Ынагым болчу ынагым,
Ырымды сага арнайын.
Ыр болуп кирип жашооңо,
Ынанып көпкө жашайын.

## БҮГҮН КЕЛЧИ

Жарашкан жаштыгыма жайып канат,
Жар салып учар кезде атаганат.
Жалындаган жүрөгүмө бүлүк салып,
Жол бербей карылыгым тосуп турат.

Башкаларга ыраа көрбөй өзүңдү,
Баргым келди, кудретим жетпеди.
Бул жашоого эрте келбей, кеч келип,
Билбейм неге бүлүндүрдүү жүрөктү.

Көз карашың сезимимди өпкүлөп,
Кыялыма кызык жашоо келтирет.
Карайлаган көңүлүмдү тазартып,
Күлүп чыккан күндөн күлкү издетет.

Жолугууну самап келем күнүгө,
Жолду таппай барар сенин үйүңө.
Жолугалы жаштыгым жолугалы,
Жол түзөтүп келчи бүгүн үйүмө.

## ТИЛИМДИ АЛЧЫ

Ачылып көңүл жайдары,
Айлыңа келдим атайы.
Айлуу түнгө жарашып,
Алдыман чыкчы сен дагы.

Көтөрүп көңүл жайдары,
Корооңо келдим атайы.
Көркүнө түндүн жарашып,
Көрүнчү көзгө сен дагы.

Башкага болбой убара,
Берилип келдим мен сага.
Бактылуу жашоо улайлы,
Бой салып келчи жаныма.

Өзгөгө болбой убара,
Өзүңө келдим садага.
Өмүрдү бирге улайлы,
Өкүнтпөй келчи садага.

Арбаган жанды тымызын,
Айлыңдын эрке кызысың.
Сүйүнүп сунам колумду,
Сүйүүсүн чачып жылдызым.

Келдим бүгүн өзүңө,
Кулак сал менин сөзүмө.
Кошулуп өмүр сүрөлү,
Кеттик анда үйүмө.

## ЖЫЛМАЯМ

Көркүнө көптү караткан.
Карагат көзүн жайнаткан.
Кол сунган эрке сулуунун,
Колунан кармап жылмаям.

Ачылып көптү караткан,
Ак марал көзүн жайнаткан.
Асылкеч сунса ак колун,
Ашыгып ага умтулам.

## ЧЕК КОЙБОЙЛУ

Өзгөрбөй аткан күндөрдүн таңы,
Кудайым берген өмүрдүн шаңы.
Эргүүлөр түрдүү кучактап бизди,
Жеткирет ойго жолотпой кайгы.

Жашоого кээде кайдыгер карап,
Күлкүнү келген күнөсүз камап.
Убайга түшүп, болобуз алсыз,
Улуган иттей кайгыны самап.

Жараткан берген өмүрдү белен,
Жашоого арнап сүйөлү терең.
Бактылуу күндүн баркына жетип,
Күлкүгө келген койбойлу ченем.

## АК КЕПТЕРИМ

Ак кептердей карегиме тартылып,
Арбап алдың көңүлүмдү шат кылып.
Арманы көп түйшөлүүдөн бошотпой,
Айгай салып бийлегенде карылык.

Колдо болгон мүмкүндүктү мендеги,
Кош тизгиндүү карылыгым бербеди.
Кайратымдын канатын кайрыбастан,
Күтөм сенин кайрылып келишиңди.

Жаман экен карылыктын азабы,
Жан дүйнөңдүн ызаларды тартмагы.
Жандап учуп тууруна конбостон,
Жаш кептердин көз алдында учканы.

## КАЙГЫРУУ

Бүчүр жарып өнүп-өскөн ыр бурак,
Байкуш өңдүү өңдөн азып сумсаят.
Билбей турам жел сылаган ак жүзүн,
Бүгүн неге күн нурунан жашырат.

Күндө ойлонуп, күндө кетип чыдамым,
Урматка алып ойдун алыс, жакынын.
Акындыгым кайсы менин жашоодо,
Ырларыма түшүнбөсө жакыным.

Түн азабын тарттырып уйку бербей,
Кирпигимден жетелеп өйдөлөтпөй.
Сезимиме сайылган ийне болдуу,
Сүйүнтпөдүң жүрөктү көңүлдөштөй.

## СУЛУУ БОЙДОН КАЛАЛЫ

Азабыңдан оору ашырып ыйладым,
Арзып сүйбөй башкаларды кыйнадым.
Ашуу ашпай, же үйүмдөн чыга албай,
Ара жолдо калганымды туйбадың.

Күлкүмө эмес кайгыма тең болдуңбу,
Кылыгы көп кызыктарга тойдуңбу.
Колду шилтеп кеткениңе не себеп,
Колдоого алар жарың башка болдубу.

Сокур сезим курчоосунда калбачы,
Сүйүндүрүп улуу ойду улачы.
Сынап турат сени, мени бул заман,
Сүйүүдө биз сулуу бойдон калалы.

## КҮТҮП ТУРАМ

Жаныма жагар арга таппай турам,
Жашаган айылыңа ыктап турам.
Карааның көрүнсө деп от көзүмө,
Кудаадан кайра-кайра тилеп турам.

Баруута туура үйүңө сүрдөп турам,
Багыма гүл өстүрүп бүрдөп турам.
Сен мени күттүрөсүң мынча неге,
Сүйүүңдүн ээси барбы, билбей турам.

Убалым кимге менин жетпей калсам,
Убайга түшүп күндө талкаланам.
Жашоодо өтө кызыл бат оңобу,
Жаман ой жеңип кетсе эмне кылам?

Айыкпас дарттын түшүп туткунуна,
Арбалып түркүн ойго кайра-кайра.
Айлыңды тиктеп турам үмүт үзбөй,
Алтыным таштап мени кетип калба.

## КЕТИРБЕ

Алыстарды чарпып кыялым,
Арзуусуна ойдун батамын.
Ашыгымды коюп жаныма,
Айлуу түндө келет ырдагым.

Ээндетип менден башкага,
Ээ боло албай келген жазыңа.
Эркиң жетпей бийлеттиби,
Эсиң кеткир келген бул жашка.

Кызыл көйнөк кийген курагың,
Кызык эле эсте турасың.
Кызыгыңа батып бул түндө,
Кол кармашып бирге ырдашкын.

Чындап ажал мага келгиче,
Чын өмүрүм сыртка кеткиче.
Чын ниеттен сага айтарым,
Чыр дүйнөгө жалгыз кетирбе.

## БАШ ИЙҮҮ

Бааланып барктуу күлкүңө,
Багынып бийик сүйүүңө.
Баш ийип сага баратам,
Бактылуу күнгө жетүүгө.

Табайын бүгүн табайын,
Тутантып отту жагайын,
Табына жүргөн жылытып,
Табыңа отун салайын.

Учайын бүгүн учайын,
Узактан издеп табайын.
Угузуп ыйык сүйүүмдү,
Урматтап черин жазайын.

Жанайын бүгүн жанайын,
Жалбырттап желин чачайын.
Жылытып тунук сезимди.
Жүрөктүн отун жагайын.

## СҮЙҮНҮҮ

Жарашып жаздын таңына,
Жарашык берсе багыма.
Жыргабай кантип турайын,
Жыргалым турса жанымда.

Көрктөнүп жаздын жанына,
Кол сунса келип багыма.
Кубанбай кантип жүрөйүн,
Кымбатым турса жанымда.

Суктанып жаздын жанына,
Сыр айтса келип багыма.
Сүйүнбөй кантип турайын,
Сүйгөнүм турса жанымда.

## ЗИРЕГИМ

Көрүүгө сага барайын,
Көрүшүп көңүл ачайын.
Көрүнчү көзгө зирегим
Кайгыда калып калбайын.

Жактырып сага барайын,
Жанашып көңүл ачайын.
Жанымда болчу зирегим,
Жадыңдан чыгып калбайын.

Зарлантып кетпей көңүлүм,
Зирегим турчу көрүнүп.
Зарыгып күтөм күнүгө,
Зарыккан сүйүүм күчөнүп.

Оюңдан учуп кетпейин,
Ойлонбой сага жетейин.
От жакчы алоо сүйүүмө,
Оболоп учкан зирегим.

## СҮЙҮНТЧҮ

Ардагым мага бааландың,
Ачылган күндөй жайнадың.
Азгырып ойго чырмалып,
Алыстап кетпе сурарым.

Шоктонгон эрке кыялдын,
Шоокумун коштоп чуркайын.
Шоруума бүткөн жар болуп,
Шорлотуп кетпе сурарым.

Элирген тентек жүрөктүн,
Эркеси болуп сүйүнткүн.
Ээлентип келген жашоого,
Эшигин аччы сүйүүнүн.

## АЙЛУУ ТҮНДӨ

Ай чыкканда айдын жүзүн көз кылып,
Арзуум артып айылыңдан изденем.
Алаксыбай үйдө болбос иштерге,
Алдымдан чык Гүлжамалым периштем.

Ак жоолукчан айылыңдан көрүнсөң,
Аткан октой сени көздөй жүгүрөм.
Алдыбызга жол көрсөтүп тургансыйт,
Айдын нуру көктөн ылдый төгүлгөн.

Көтөрүлгөн көңүлүмдү бул ирет,
Көктө нурун чачкан айлуу түн билет.
Кызыгына батып келген жашоонун,
Көөдөнүмдө жүрөк ырдайт күлүңдөп.

Кезигүүнү күндө эңсетип сагынткан,
Кызыктырган кылымдарга багынам.
Кол кармашып жүрөлүчү бул күндө,
Келчи эрте Гүлжамалым садагам.

Сүйүү издеп сени көздөй умтулам,
Сүйүнтүп чык айлуу түндө айлыңдан.
Сагынычым жүрөгүмдө сакталган,
Сырын айтсын сүйгөнүнө жактырган.

## СЕНИ ДЕЙТ

Бир жылда эки жаз келбейт,
Булутсуз жамгыр төгүлбөйт.
Берилип мени сүйбөсөң,
Берилүүм сага күчөбөйт.

Шамалга дарак ийилет,
Шоокуму күчөп дирилдейт.
Шаштырып өзүң тарапка,
Шоктонгонжүрөк сени дейт.

Көрбөсөм көңүл бөлүнбөйт,
Куру сөз жанды эритпейт
Кара көз келчи жаныма,
Кызыккан жүрөк сени дейт.

## ЫНТЫЗАРЛЫК

Жашоодо жалгыз тирегим,
Жан тартып сени издеймин.
Жолумдан тосчу билдирбей,
Жалбырттап жанган үмүтүм.

Колуңдан кармап жүрөйүн,
Күлкүңдү коштоп күлөйүн.
Көрүнчү көзгө кечикпей,
Көңүлүң кимде билейин.

Саамайың сылап жүрөйүн,
Сөзүңдү коштоп күлөйүн.
Сүйүнтүп көзгө көрүнчү,
Сүйүүңдү сенин билейин.

Аралап сүйүү аралын,
Артыңдан сенин барайын.
Айланып башка бирөөгө,
Алыстап кетпе суранам.

Ызалуу күнгө калбагын,
Ырыскың үйдө жайнасын.
Ырыңды угуп ар качан,
Ырыңа ырым жарашсын.

## ТҮНӨЙҮНЧҮ

Жазың болуп жашооңдо калайынбы,
Жазың болуп көңүлүң алайынбы.
Жанып өткөн көктөгү чагылгандай,
Жабыркаган табыңа жанайынбы.

Сүйүү бизге ак жаандай себилеби,
Сүйүү бизге гүлдөрдөй түрлөнөбү.
Сүйүү бизге көк чийген тоодой болуп,
Сүйүү бизге бийиктен берилеби.

Жорго минип жайлоого жөнөйүнчү,
Жашыл шибер жайлоону көрөйүнчү.
Жаркып көңүл, колуңдан кымыз ичип,
Жайлоо мүнөз сүйүүңө түнөйүнчү.

## ҮМҮТ ОТУ

Сагынган черим жазылар,
Сагынткан селки табылар.
Сүйүнтүп селки сезимди,
Сүйүүнүн оту жагылар.

Кыйналган черим жазылар,
Кыйнаган селки табылар.
Кулачын жайган сүйүүгө,
Көңүлдүн оту жагылар.

Өксүгөн черим жазылар,
Өксүткөн селки табылар.
Өмүрү узун сүйүүгө,
Өлбөстүн оту жагылар.

Укканга жүрөк кубантар,
Улардын үнү угулар.
Убайга салбай көңүлдү,
Улукман колу сунулар.

Күнүгө жүрөк кубантар,
Кыргыйдын үнү угулар.
Кайгыга салбай көңүлдү,
Курдаштын колу сунулар.

Жабыккан черим жазылар,
Жагалмай үнү угулар.
Жарашык берип өмүргө,
Жакшылык колу сунулар.

## ЭРГҮҮ

Салаалап суулар агылат,
Сүйүнтүп кумар арттырат.
Самаган сайын өзүңдү,
Сагынчым сага тартылат.

Токтобой суулар агылат,
Толкутуп кумар арттырат.
Түгөйүн издеп жүрөгүм,
Түн, күнү сага тартылат.

Шылдырын угуп суулардын,
Шоокумун самап шамалдын,
Шаштырган ушул жашоодо,
Шашылган сага ардагым.

Сый-сөзүн угуп элимдин,
Сүйүнүп жашап жүрөмүн.
Санаага салба суранам,
Суулардай тунук көңүлүм.

Нур-шоола болуп асмандан,
Нуруңду мага таратсаң.
Назданып келген күндөргө,
Нарын суу болуп агылган.

Күн нуру болуп асмандан,
Көңүлгө нуруң таратсаң.
Кубанып келген күндөргө,
Көк-Арт суу болуп агылам.

## ЖОМОКТОЙ СҮЙҮҮ ТАППАДЫМ

Жашоону күндө жашартып,
Жанашып көңүл ачпадык.
Жарашкан жаздын күнүнө,
Жылдыздуу сүйүү таппадык.

Жолунда сергек кыялдын,
Жолугуп бирге баспадык.
Жомоктой жайдын күнүндө,
Жомоктой сүйүү таппадык.

Куштардай канат серппедик,
Кызыккан жерге жетпедик.
Кадырын күздүн байкабай,
Кызыксыз сүйүү өткөрдүк.

Сездирип ойду айта албай,
Сезимге оттук жага албай.
Сыздаттык сырды бир келген,
Сүйүүнү кышта таба албай.

## ИМЕРИЛҮҮ

Сездире албай кетпегин сездире албай,
Сезим козгоп сүйүүңдүн багын ачпай.
Сураныčым өзүңдөн кайрылып кел,
Сени сүйгөн адамга тардык кылбай.

Безеленген сүйүүңдү безеленген,
Бакырайган көзүңдү көрүп жүрөм.
Билдирбестен эч кимге айтып өткүн,
Багын ачып сүйүүңдү мага деген.

Багындырдың өзүмдү көзүң менен,
Багындырдың жүйөлүү сөзүң менен.
Бүтүндүктү өзгөдөн көрө албадым,
Байыр алып өзүңө имерилем.

## ЖЫЛДЫЗЫМ ЖАНЫП УУРТТАРМЫН

Сүйүүмө дары табылар,
Сыздаткан оору айыгар.
Салкын төр гүлдүү жайлоодо,
Салаалап суулар агылар.

Чыйрыккан денем жазылар,
Чын себеп дартка табылар.
Чокусу бийик тоолордон,
Чочубай бүркүт жай алар.

Арча өскөн сулуу жылганын,
Суусунан ичип жыргадым.
Багыңа балкып түбөлүк,
Баш ийип сага турармын.

Жүздөшүп суунун боюнда,
Жүзүңдөн сенин жыттармын.
Жылмайып мага суу сунсаң,
Жылдызым жанып ууртармын.

## ОЙЛОНБО

Барайын бүгүн барайын,
Тилиңди сенин алайын.
Табышмак ойго чырмалбай,
Сагыныч черин жазайын.

Жетейин сага жетейин,
Жаныңдан алыс кетпейин.
Багынып сүйүү күчүнө,
Бактылуу өмүр сүрөйүн.

Кетпейин бүгүн кетпейин,
Кетүүнү такыр чектейин.
Сагынган жарга сүйкүмдүү,
Сүйүүнүн гүлүн терейин.

## АРМАН

Билсем да сүйөрүңдү,
Билсем да күйөрүңдү.
Билбепмин кокусунан,
Башкага кетериңди.

Арга жок ак сүйүүгө,
Арга жок күтүүлөргө.
Армандуу боломбу эми,
Баш ийип бөлүнүүгө.

Жалгыздык кыйнады го,
Жалгыздык сыздатты го.
Жолугуу болбойбу эми,
Түштүңбү тагдыр торго?

Убайга түшүптүрсүң,
Уурдалып кетиптирсиң.
Уурудай күн кечирип,
Өтөбү өмүрлөрүң.

Табышмак тагдырымбы,
Жоготтум жыргалымды.
Көрүүгө зар боломбу,
Уурдалган Заринамды.

## КАЙРЫЛУУ

Далай сыр учуп санаамдан,
Далай күн өтүп арадан.
Дартыма дабаа таба албай,
Дары издеп сага баратам.

Күлүктү минип күүлөнгөн,
Корооңо кирсем күү менен.
Күттүргөн сыйлуу коноктой,
Кулач жай тосуп шаң менен.

Ак боз ат минип оолуккан,
Айлыңа барсам кокустан.
Ак жоолук салып башыңа,
Ажарлуу чыксаң алдымдан.

## СҮЙҮКТҮҮМ ТУРСАҢ ЖАНЫМДА

Урматтап айтар оюмду,
Утурлап келер жолуңду.
Уурданып жөнөйм өзүңө,
Унутуп көз оорумду.

Жактырган жанга жарашкан,
Жарыгың жанса кокустан.
Жарыгым бүгүн келет деп,
Жолуңдан тосуп шашылам.

Ашыккан жанды жактырган,
Ардактап кармап колуңдан.
Ашыгым турсаң жанымда,
Алыска барып не кылам?

Сүйүнгөн жанды жактырган,
Сүйүнүп кармап колумдан.
Сүйүктүүм турсаң жанымда,
Сүйүүнү издеп не кылам?

## ӨЗҮМ ТАПТАЙЫН

Атымдын оозун тартайын,
Алкынтып алыс чаппайын.
Ак кушту конгон колума,
Айланып өзүм таптайын.

Күлүктүн оозун тартайын,
Күүлөнтүп алыс чаппайын.
Колума конгон ак кушту,
Кубанып өзүм таптайын.

Тулпардын оозун тартайын,
Тындырбай алыс чаппайын.
Торума түшкөн ак кушту,
Толкундап өзүм таптайын.

## ИЗДЕНҮҮ

Таалайлуу сүйүү көлүнөн,
Табууга сени изденсем.
Толкундан бөлүп өзүңдү,
Толкубай күтчү жээгинен.

Жайлоонун бейиш төрүнөн,
Жактырып сени изденем.
Жылгадан аккан суу болчу,
Жазылсын черим сен деген.

Көкөлөп учуп көк менен,
Көрүүгө сени издесем.
Көзүңө булут сүртпөстөн,
Көрүнчү көктөй көрк менен.

Жаныңа бүгүн баргым бар,
Жакшы сөз атап айткым бар.
Жашырбай ички сырымды,
Жамгырдай жаап өткүм бар.

Сүйүүңө сүйүүм төккүм бар,
Сүйүнтүп беттен өпкүм бар.
Сыр катпай сенден бул түнү,
Сыйлашып өмүр сүргүм бар.

## КЕЛЧИ ӨЗҮМӨ

Жайнаган көңүлүмдү жазга айлантып,
Сүйүүмдү кайрып берчи узап кеткен.
Талытып карегимди тиктейм улам,
Айрылбай сага деген ишеничтен.

Жылуутүн, жагымдуу түн кучагында,
Менчиктеп көктө жанган жылдыздарды.
Сүйүнтүп жүрөктөрдү жүрчү элек го,
Кеп кылып өткөн кеткен кызыктарды.

Жан дүйнөм сырларга бай, ырларга бай,
Өткөрдү көп күндөрдү кирпик какпай.
Сүйүүмө жан киргизип сүйүндүрчү,
Кайрылып көлүн тапкан ак куулардай.

## ЖАЗЫЛСЫН ЖАРПЫМ

Кырлардын ашып нечении,
Кымбатым сага жетпедим.
Кыйноого салган жанымды,
Кылыктуу селки экенсиң.

Адырдын ашып нечении,
Алтыным сага жетпедим.
Азапка салган жанымды,
Айлакер селки экенсиң.

Жамгырлуу жаздын түнүндө,
Жарашып сүйүүң сүйүүмө.
Жанашып бирге турсак дейм,
Жактырган алма түбүндө.

Жанымда болчу жанымда,
Жарашсын багым багыма.
Жашоомо жанчы бир ирет,
Жазылсын жарпым жанында.

## ЭСИҢЕ АЛ

Мээриңди мерездерге атабачы,
Жүзүңдү башкаларга сылатпачы.
Багыңдан байыр алсын оюн-күлкү,
Барыңды баскынчыга тарттырбачы.

Түн көргөн ууруларлардай жашынбачы,
Оюңду жаактууларга багынтпачы.
Эсиңе ал ак сүйүүнүн ыйыктыгын,
Уяңды ортомчуга буздурбачы.

Багы ачылып келген күнгө ачылып,
Байыр алчы жүрөгүмдөн эркелеп.
Безеленген ойлорду бириктирип,
Бактыбызды жүрөлүчү бөпөлөп.

## СЫРЫҢ БАР БЕЛЕ

Жамалың толгон ай беле,
Жандуудa сендей бар беле.
Жактырып сүйгөн адамга,
Жашырган сырың бар беле.

Көздөрүң толгон ай беле,
Калкымда сендей бар беле.
Кызыгып келген адамга,
Катылуу сырың бар беле.

Ажарың сенин жаз беле,
Айлымда сендей бар беле.
Алдыңа барган адамга,
Айтууга сырың бар беле.

Ооматың сенин кең беле,
Ордомдо сендей бар беле.
Озунуп келген адамга,
Омоктуу сырың бар беле.

## КӨЗ ЫМДАШАТ

Көктө сансыз жылдыз жанат,
Мени карап жымыңдашат.
Көөдөнүмдө ойноп жүрөк,
Көөдөнүмдө көз ымдашат.

Көз алдымда ойлор чубап,
Кызыктарга батышат.
Кызыктырган жылдыздарга,
Кыялданып учушат.

Сансыз жылдыз мени күткөн,
Сүйүү чачат бийиктен.
Сүйүшкөндөр ыйык атын,
Сездиргендей жүрөктөн.

## СУЛУУ ЖАР

Көңүлүм сага бөлүнүп,
Күнүгө жүрөм сүйүнүп.
Кыйноого салбай жанымды,
Көрүнүп турчу көрүнүп.

Сүйүүдө кетип чыдамым,
Сүйүнүп көздү кысамын.
Сыноого салба жанымды,
Сүйүүңө эркем кусамын.

Жактырып сени тымызын,
Жарыгын чачат жылдызым.
Жашоодо бирге болбосок,
Жыргалы күндүн курусун.

Жараткан өзү жактырар,
Жашоодо менин багым бар.
Жарышып күндөр өтсө да,
Жаралбайт сендей сулуу жар.

## СҮЙҮНҮҮ

Жамалың сенин күн беле,
Жарыгын чачкан сүйүүмө.
Жылуу сөз айткан эркем деп,
Жылмайып жүрөм дагы эле.

Көрүнгөн күнүң көрк беле,
Кубатын берген сүйүүмө.
Кубанткан эркем ушул деп,
Кубанып жүрөм дагы эле.

Сөздүүгө сөздү тараткан,
Сүйүүгө сүйүү жараткан.
Сүйүнсүн жүрөк дайыма,
Сүйүүсүн чачса Жараткан.

## ИРСАЛАТ

Сатуучу келин Ирсалат,
Сыртыңдан жүрөм акмалап.
Сүйлөшкөн жарым болсо деп,
Сүйүүм бекем сакталат.

Ачылбай кабак бүркөлөт,
Айталбай ойду тил кетип.
Арманым сыйбай ичиме,
Аргасыз жүрөм бөлүнүп.

Санаамды санга бөлбөчү,
Сыздатып жүрөк эзбечи.
Сыртыңды салбай кайрылсам,
Сүйүктүүм мени тиктечи.

Кайрылсам катуу кетпечи,
Какшатып жүрөк эзбечи.
Кыйноого салбай кайрылсам,
Кубантып мени тиктечи.

## ИМЕРИЛЧИ ӨЗҮМӨ

Ышкындай элпек ийилген,
Ышкылуу жанды ээриткен.
Ырыма кошуп ырдайын,
Ынанчы чыкпай тилимен.

Издесем кайдан табайын,
Изденип кайда барайын.
Издетпей келчи өзүмө,
Имерип өмүр улайын.

Тартынбай тамыр кармайын,
Тамырчы жолун ачайын.
Таарынтпай келген сүйүүгө,
Таңуулап багын байлайын.

## ЖҮРӨГҮМ СЕНИ САГЫНАТ

Тазалап көзүн булактын,
Мүрөктүн суусун агыздың.
Ичкенге өмүр тартуулап,
Махабат ырын ырдаттың.

Сыйына балкып сөзүңдүн,
Көкөлөп көккө көңүлүм.
Кете албай турдум жаныңдан,
Багынып сага жүрөгүм.

Бактылуу жанга жеткенге,
Сүйүнүч батпай денеме.
Оюмда сага тоо болуп,
Отурам булак жээгинде.

Оргуштап улам булак суу,
Өмүр улап агылат.
Турсаң да эркем жанымда,
Жүрөгүм сени сагынат.

## СҮЙҮҮ КҮЧҮ

Алдастап ойлор,
Айта албай жүрдүм.
Ачылбай көңүл,
Арманды үйдүм.
Арбалып күнгө,
Айылда жүрдүм.
Ачуусун сөздүн,
Айтпайын дедим.

Ачылган күндөй,
Ачылып сүйүүм.
Айтууга сөздү,
Ашыгып жүрдүм.
Ашыгым менин,
Ачылам бүгүн.
Арманга койбой,
Арзуумду билгин.

Аңкыган жыты,
Ачылган гүлсүң.
Ардагым менин,
Ашыгым сенсиң.
Айтууга сөздү,
Ачылды тилим.
Азгырык сүйүү,
Арбады бүгүн.

Алдыңа барам,
Айлыңдан күткүн.
Ашыктык сөздөр,
Айтылар түркүн.
Армандуу дүйнө,
Артпасын жүгүн.
Ачылып көңүл,
Айтканды сезгин.
Ашыгым билгин,
Ал сүйүү күчүн.

## ТОЛГОНУУ

Сезимдин күчү бааланбай,
Ойлорго уюп ар кандай.
Кайгыга түштүм өрттөнүп,
Сүйүүмдү сенден таба албай.

Тагдырдан буйрук болгонбу?
Эркиме такыр койбоду.
Таанышкан менен табышпай,
Унуттук болор тойлорду.

Кайрылып турду канатым,
Кайрадан сага уча албай.
Түшүмө кирчү жан элең,
Өңүмдө жүрөм таба албай

## КЕТСИН БИЗДЕН

Бар болсоң байлыгыңа тегеренген,
Билинбей кошо күйүп, кошо күлгөн.
Бир күч бар күйгөн оту ортобузда,
Билдирбей өчүрүүнү самап жүргөн,

Оюма оомат бербей жүгүрүнгөн,
Орунсуз сөздөрдү айтып күдүрөнгөн.
Ортодо от чыгарар бир шайтан бар,
Оолугуп кандан чыгып канга кирген.

Ак сүйүү мага келген, сага келген,
Адашпай орун алсын жүрөктөрдөн.
Азгырык шайтан ыйлар чыгып кетсин,
Адашып алыстарга көрүнбөстөн.

## СЫЙКЫРЧЫДАЙ КӨРҮНДҮҢ

Эсиң кеткир токтоо мүноз жок болуп,
Эркелейсиң бала болуп шоктонуп.
Этегинен кармап сырдуу кыялдын,
Ээрип турдум бүт дүйнөнү унутуп.

Кучагында балкып укмуш дүйнөнүн,
Кызыгына батып таттуу сүйүүнүн.
Келбөөчүдөй кайра жалган дүйнөгө,
Каралдым ай, сыйкырчымдай көрүндүң.

## КЕЛЧИ МАГА

Жүрөк толкуп батпай кенен ааламга,
Жакшылыктын кучагында турганда.
Жаман сөздү угузбачы суранам,
Жакшы сөздүн ээси болгун дайыма.

Ар кимдин үмүт жанып жүрөгүнөн,
Ар башка ойлор учуп тилегинен.
Айтканга оор, жеңил болсо дагы,
Армансыз өтпөйт тура өмүр деген.

Бир ишти бүтүрө албай кыйналганда,
Байкоосуз туңгуюкка кабылганда.
Буулуккан ошол күнгө шамал болуп,
Булутту сүрүп салып келчи мага.

## СУЛУУГА

Карыган кезде көзүмө,
Көрүндүң сулуу эмнеге?
Калтаарып турдуң жанымда,
Көрүнүп көзгө о дүйнө.

Жаштыгым өткөн мезгилде,
Жоолуктуң мага эмнеге?
Жалдырап турдум жаныңда,
Жанымды кыйнап бул дүйнө.

Калтырак басып боюмду,
Кайталай албайм оюмду.
Кыйын күнгө калтырган,
Карылык эмне шорумбу?..



*Капкагын ырдын*
*ачайын,*
*Калтырбай баарын*
*чачайын...*

## СУЗАГЫМ

Күн чырайлуу Сузагым,
Кылымга калар турагым.
Күндө сени көрсөм деп,
Күн кучактап учамын.

Ай чырайлуу Сузагым,
Ааламда калар турагым.
Айда сени көрсөм деп,
Ай кучактап учамын.

Күркүрөп Көк-Арт дарыя,
Күүлөнүп агат жанында.
Кыргызга берип жан азык,
Кыргыз деп толкуп дайыма.

Кызыгын күндүн саматып,
Күн чыкса күлкү таратып.
Кыргыз жыттуу Сузагым,
Кыргызга турат жарашып.

Эки жүз кырк миң калкы бар,
Эгемен кыргыз туусу бар.
Баш ийет баары бир динге,
Кыргызча сүйлөйт адамдар.

Жолобос шайтан оюнга,
Жергемде түптүү эл башка.
Жылдызды санап көктөгү,
Жакшылык тилейт баарына.

Элимдин бекем достугу,
Элимде болбойт коркутуу.
Ээлеген Сузак жергесин,
Элимдин тунук ойлору.

Кылымга калган чоң дастан,
Курманбек чыккан Сузактан.
Калмакка салып кыргынды,
Кыргызды жоодон сактаган.

Алыска кеткен дайыны,
Ардактуу Сузак баатыры.
Тайгараев Тукубай,
От кечип алган намысты.

Сүйүнтүп айтам жалпыңды,
Сүйүнүп укчу айтканды.
Согуштун жана эмгектин,
Сузакта он төрт баатыры.

Жүздөгөн Баатыр эне бар,
Жергемдин жарык нуру алар.
Жер жайнайт уул-кыздары,
Жамалы күнгө барабар.

Сузагым менин Сузагым,
Сүйүнткөн сырдуу турагым.
Сулуулук кетпей жүзүңдөн,
Сүйүүмү сүйүү улагын.

Өмүрлөш менин Сузагым,
Өркөнү өскөн турагым.
Өзүңдөн күтөм жакшылык,
Өмүргө өмүр улагын.

Кара-Алма, Орток, Сатыдай,
Көрк берер башка жер кайда.
Жайлоосу Көк-Арт, Күрөбөс,
Жылдызы жанат дайыма.

Оо, менин асыл Сузагым,
Оюмду сага айтайын.
Ооматтуу Ачы элинен,
Ой толгойт он баатырың.

Акылды топтоп бир жерге,
Айтайын сөздү эмесе.
Беш министр, бир ажо,
Таандык Сузак элине.

Кылымды күнгө батырган,
Кыргызды көпкө тааныткан.
Кыйындар көп Ак-Тоокто,
Калемин колго кармаган.

Баалуулук берген кудайым,
Бактылуу менин Сузагым.
Баркыңды турат көтөрүп,
Барпыдай өлбөс акының.

Суу бойлоп өткөн өмүрү,
Сузактын күчөйт күлкүсү.
Соолубас Көк-Арт дайрадай,
Сүйкүмдүү балдар нур жүздүү.

Бир жүз он төрт мектеп бар,
Билимин берет дайыма.
Булутсуз тунук асманы,
Бүрдөнгөн сулуу балдарга.

Ачыгын айтып иш кылган,
Актыкты дайым пир туткан.
Эжейлер көп Сузакта.
Эл билген иши чоң дастан.

Өнөрү кирген түшүнө,
Өнөрлүү көп жергемде.
Өлбөстүн отун жандырып,
Өнөрүн сунган элине.

Алардын бири Арзыбек,
Атагын жалпы эл билет.
Артынан ээрчип Самаган,
Арымын таштап элирет.

Тынарды кимдер таанып байт,
Тынарды кимдер баалабайт.
Тынардын уккан сөздөрүн,
Токсондо чал да карыбайт.

Кызыл гүлдөй ачылган,
Кызыбыз биздин Тажикан.
Көркү болуп Сузактын,
Көрүнөт көзгө алыстан.

Министрдин жаатында,
Он жолу барган ажыга.
Бусурманкул ажыны,
Сузагым сактайт кылымга.

Күлүктү таптап жүгүрткөн,
Көргөндүн көзүн сүйүнткөн.
Саяпкер Тагай, Жоомартты,
Чыгарбайт элим эсинен.

Жараткан берген Сузактан,
Жамашев Зулум жаралган.
Жогорку сотту ал өзү болуп,
Жыйырма жылдай башкарган.

Жылдызы жанган Сузагым,
Жылмайып сени караймын.
Жарашып сен да элиңе,
Жараттың жашоо жыргалын.

Сузактык палван Раатбек,
Сүйүнткөн элин көп ирет.
Сүрөтү калды жүрөктө,
Сыздатып кетти бул ирет.

Теңирим берген күч менен,
Таалайлуу элде түптөлгөн.
Тапанча палван Сузактын,
Тагдырлаш өстү эл менен.

Эл үчүн жашап дайыма,
Элине көргөн камылга.
Келдибек, Сали, Абжапар,
Кыйындар биздин Сузакта.

Жаралган элдин багына,
Журтуна көргөн камылга.
Бактыяр, Бакыт атуулдар,
Оожалат оттуу Сузакта.

Суусунан сүзүп Көк-Арттын,
Суусунун канып ууртайын.
Абдыкаардын балдарын,
Ай, күндөй мактап ырдайын.

Көтөрүп оору көңүлүн,
Кастарлап элдин бүт дилин.
Кетирген келген ооруну,
Дарыгер Адиш деп билгин.

Сүйүнтчү мени Сузагым,
Сүйүнтүп өмүр улайын.
Сыр төгүп сулуу бир кызга,
Сүйүүңө таазим кылайын.

Баарын коюп Камчыны айт,
Буюкпай ойду таасын айт.
Бактылуу күндү жаратып,
Бааланган элге баркын айт.

Камчы бар жерде күн барктуу,
Камчы бар жерде түн барктуу.
Кызыктуу ойду жараткан,
Камчы бар жерде сөз барктуу.

Камчы бар жерде мен бармын,
Камчы бар жерде сен барсың.
Коломто өчпөй алоолоп,
Камчы бар жерде от жансын.

Ташиев кыргыз баласы,
Талпынган кези таланты.
Түмөн элге белгилүү,
Тоолордой бийик турганы.

Сузагым менин Сузагым,
Суусун ич Көк-Арт дайранын.
Сулуулап күндө жүзүңдү,
Суктантып элди жашагын.

## СЫРДАШУУ

Желип өткөн жели жок,
Жалбырак кайдан дирилдейт.
Жалпыга бирдей бул жашоо,
Жайын тапса күлүңдөйт.
Жакшы адамдын башына,
Жаман ойлор эч кирбейт.
Жардан түртөм десең да,
Жалпыга бирдей сөз сүйлөйт.
Жылуулук берип жүрөккө,
Жылдызы жанып күлүңдөйт.

Адырга адыр уланат,
Алыска жолдор чубалат.
Аргымак минген кыйындар,
Ашуудга жакын жол табат.

Алкымынан бузулбай,
Акыйкатка кол баштайт.
Адалдыкты пир тутуп,
Арамдыкты кубалайт.
Адашпай айткан сөзүнөн,
Айтканын бузбай аткарат.
Ага, инисин ээрчитип,
Алладай аппак иш кылат.

Кулкунунан бузулбай,
Калкты ойлогон зор болор.
Кудайга жагып иштери,
Келечеги кең болор.
Кулкунунан бузулган,
Калк алдында кор болор.
Кудайга жакпай иштери,
Келечеги тар болор.

Алкымынан бузулбай,
Ак иштеген зор болор.
Аллага жагып иштери,
Айтканына күн конор.
Алкымынан бузулган,
Акырында кор болор.
Аллага жакпай иштери
Айтканына түн конор.

Кейиште күнүң өтсө да,
Көлдөтүп жашты төксөң да.
Кайрылып келбейт өмүрүң,
Күчкө толуп турсаң да.
Канаттуу куштай учсаң да,
Көрүнбөйт сага өткөн күн.
Күлсөң да күндө башкача.
Көтөрүп көңүл наздана,
Кубаттабайт кеткен күн.
Кең болсо да асманың,
Кара жер берет азыгын.

Күлүктү минип ой-кырдан,
Күлкү өмүр болсун тапканың.
Көктө айдын толгонун,
Көргөн жандар көп болсун.
Каары катуу көрө албас,
Кара өзгөйлөр жок болсун.

Кыялым кыркка бөлүнөт,
Көңүлдөн жамгыр төгүлөт.
Калемин кармап колуна,
Кызыктар кел деп жол күтөт.

Жакшы атанын баласы,
Жаман чыкса кейибе.
Жыл айланбай кайрадан,
Жылдызы жанат элине.
Жаман ата баласы,
Жакшы чыкса сүйүнбө.
Жыл айланбай кайрадан,
Журтун салат кейишке.

Бар атанын баласы,
Багын издейт карачы.
Байлыкты чачпай оң-солго,
Бүтүрөт бардык талапты.

Жок атанын баласы,
Жол талашат карачы.
Жолбун иттей жүгүрүп,
Жара тиштейт аякты.

Жакшы менен жамандын,
Жайыты бир тууганым.
Жашоо улайт сен менен,
Жолу жүрөк тамырың.

Төгөрөктүн төрт бурчун,
Төрт айланып чыксаң да.
Таалайлуу биздей элдерди,
Табалбайсың чынында.

Атагы даңктуу элдерди,
Алты айланып чыксаң да,
Алтын канат эшигин,
Ачалбайсың чынында.

Жаралган кыргыз багына,
Жерим сонун чынында.
Жанга бөлсө тоолорум,
Жетиден тиймек ар жанга.

Жокту элим айтпайлы,
Жакшы күндө жашайлы.

Жараткан берчи тынчтыкты,
Жаз гүлүндөй жайнайлы.

Бейишим сенсиң бейишим,
Байлыгым сенсиң мен үчүн.
Бүтүндүгүм сезилет,
Бүтүн кыргыз бар үчүн.

Теңирим сени колдосун,
Теңирим мени колдосун.
Түбөлүгү түз болуп,
Түптүү элим бар болсун.

## БАРПЫГА ТААЗИМ

*(Акындын 130 жылдыгына карата)*

Күлүгүн минип кыялдын,
Күүлөнтүп алыс чабайын.
Кызык дүйнө ушул деп,
Кыялап белди ашайын.
Кылымга калган Барпыдай,
Кыялды ырга жазайын.

Асылын минип кыялдын,
Ашыгып алыс чабайын.
Асыл дүйнө ушул деп,
Ачынын белин ашайын.
Акылы тунук Барпыдай,
Айтканды ырга жазайын.

Айтарым алыс, жакынга,
Айтканымды макулда.
Айтылар бүгүн ырларым,
Алладай Барпы акынга.

Сыр айтам алыс, жакынга,
Сырымды элим макулда.
Сыймыгы болгон журтумдун,
Сыр козгойм Барпы акынга.

Оюу болуп Барпынын,
Омоктуу ырды жазайын.
Ойго тойбос эч качан,
Орундуу сөздү табайын.

Көзү болуп Барпынын,
Көркөмдүү ырды жазайын.
Күлкүгө тойбос эч качан,
Күлүгүн ойдун табайын.

Канаты болуп Барпынын,
Көкөлөп көккө учайын.
Көк-Арт суусун ичирип,
Колдоого алчы Кудайым.

Көп алдында жаңылбай,
Куюлсун ырым ылайым.
Көрүнбөгөн эч кимге,
Көкүрөктө жүрчү эле.
Канаттуу ойлор келбесе,
Кантип ырдайм силерге.
Кыялап учуп кетпейби,
Кыялдар ойго келбесе.
Кудайымдай Барпы акын,
Күнүгө түшкө кирбесе.

Шыбак-Белдей белди ашып,
Шашып келдим өзүңө.
Шашылбастан Барпы акын,
Шык жаратчы дилиме.
Шоктугу көп бул заман,
Шашылат алга эмнеге?

Шор суу ичип күнүгө,
Шору сиңип денеме.
Шорумдан күндө арылбай,
Шорлонуп жаттым үйүмдө.
Шаңшып ырдап чыгууга.
Шоктонгон чоң атамдын,
Шок ыры кирип түшүмө.
Шар ырдап чыктым бул күндө,
Шумкардай Барпы акынга,
Шашылбай ырдап берүүгө.

Жаагы талбас дүнүйө,
Жомогун айтып күнүгө.

Жез таңдай Барпы акынды,
Жеткирбей алып кеттиң ээ.
Жетимсиреп турамын,
Жүрөгүм күндө күйүттө.

Орду толбос дүнүйө,
Ойрон болуп бир күндө.
Опол тоодой Барпыны,
О дүйнө алып кеттиң ээ.
Отурам ойго толо албай,
От болуп жанып күйүттө.

Жалмап тойбос дүнүйө,
Жаагың жанып күнүгө.
Журтума керек Барпыны,
Жалмап алып кеттиң ээ.

Өлдү деп сени ким айтат,
Өлбөйт сендей адамзат.
Өлбөстүн суусун ичирип,
Өмүрүң бизде уланат.

Самандай көктө чачылбай,
Суусаган төөдөй бакырбай.
Сулуулап айтар оюнду,
Сурмадан коюп ар кандай.
Суусунан ууртап Ачынын,
Суусунум канып Барпыдай.
Сулуулап ырды ырдайын,
Сүйүнсүн элим укмуштай.

Булбулдар бекер сайрабайт,
Буулуккан ойлор тарабайт.
Бакырып дүйнө кезсем да,
Барпыдай акын жаралбайт.

Сулуу экен дүнүйө,
Сулуулугун айтам ээ.
Сулуулугу дүйнөнүн,
Сулуу Барпы сөзүндө.

Көрктүү экен дүнүйө,
Көркөмдүгүн айтам ээ.
Көркөмдүгү дүйнөнүн,
Көсөм Барпы сөзүндө.

Таттуу экен дүнүйө,
Таттуулугун айтам ээ.
Таттуулугу дүйнөнүн,
Таалайлуу Барпы тилинде.

Аппак экен дүнүйө,
Аппактыгын айтам ээ.
Аппактыгы дүйнөнүн,
Асылым Барпы дилинде.

Таягын жерге ургулап,
Таалайлуу жерге жол улап.
Теңирден сурап жардамын,
Түптүү элге ыр курап,
Төгүп ырдап жүрчү экен.
Толу кийип башына,
Топ жыйында ырдаса.
Таң агарып кетчү экен,
Түн кирбей ырын баштаса.

Алтын нурдуу ай тамак,
Акындан ырды баштасак.
Айыгышкан мелдеште,
Алдына салбай аргымак.
Алдыда дайым жүрчү экен,
Айтканга арзып сый-урмат.

Күмүш нурдуу күн тамак,
Күкүктөн ырды баштасак.
Кызыктуу чоң мелдеште,
Кыйналбай озуп аргымак.
Кыйкырып топтон чыкчу экен,
Кыйынга турбай сый-урмат.

Көрүнгөн көзгө күнүгө,
Көркөмү көп дүнүйө.
Күмүш ырды жаратып,
Күн кондурат дилиме.

Ачылган көзгө күнүгө,
Ажарлуу бул дүнүйө.
Алтын ырды жаратып,
Ай кондурат дилиме.

Барпы акынды көрбөдүм,
Беттешип бирге жүрбөдүм.

Бактылуу ыр базарда,
Багын ачып тилимдин.

Барпы акынды эңсеймин,
Боюнан суунун кетпеймин.
Бүтүндүктү пир тутуп,
Берсе деп ырдан тилеймин.

Сөзүн улап Барпынын,
Сырым төгүп ырдайын.
Сулуулукту пир тутуп,
Суусунан ууртап Ачынын.

Ырын улап Барпынын,
Ырды төгүп ырдайын.
Ынтымакты пир тутуп,
Ызатын көрүп Ачынын.

Конушуң дайым кең болсун,
Кокту, колотко эл толсун.
Койнуңдан чыккан акындар,
Көсөмүм сага тең болсун.

Алышың сенин кең болсун,
Айылыңа эл толсун.
Айылдан чыккан акындар,
Асылым сага тең болсун.

Кирбесең Барпы түшүмө,
Көрүнбөй элдин көзүнө.
Күнчүлүк жерде болмокмун,
Күч кубат кирбей тилиме.

Аян бербесең түшүмө,
Алыс жүргөн кезимде.
Айтылбай ырым сыр катмак,
Атактуу Барпы жөнүндө.

Кепти кепке улаган,
Кылымга ойду чубаган.
Кыйындардын ичинен,
Кыйыны деп аталган.
Көсөмүм Барпы өзүңсүң,
Кыргызыма таанылган.

Ырды ырга улаган,
Ыр берметин чубаган.

Ышкылуулар ичинен,
Ышкылуу деп аталган.
Ынагым Барпы өзүңсүң,
Ырыстуу элге таанылган.

Сөз кубаты ырыңда,
Суудай аккан кылымга.
Сулуулардын атагын,
Салыштырган ак таңга.

Көрбөгөн көздө не айып,
Көңүлү турса нурданып.
Кылымга калар жарыкты,
Кудайым турса агартып.
Касиеттүү ырына,
Көздүн нурун жаратып.
Күн менен айым кучактап,
Кол сунуп турат жылмайып.

Кызырымдай Барпы акын,
Кут болсун жүз отуз жашың.
Кадырлап сени бул күндө,
Куттук ырды жазамын.
Көп жыйындын ичинде,
Кудайдын бейиш жеринде.
Көтөрүлүп кандыкка,
Күн тийип көрбөс көзүңө.
Кубанычта жүргүн ээ.

Толкуну жээкке чарпылган,
Толкундай толкуп ырдасаң.
Тоо булбулу Токтогул,
Талантыңа таң калган.
Теңдеши жок ырчы деп,
Түптүү элге даңталган.

Айды көктө чарпыган,
Адашпай ырды ырдасаң.
Акындын пири Осмонкул,
Айтканыңа таң калган.
Ачуусу келсе дөөнү да,
Алты ооз сөзгө жыгат деп.
Айтышпай эле кол сунган.

Бактылуу элиң биригип,
Бак тигип жерди сүйүнтүп.

Барпы деп атап алышты,
Баркыңды сенин көтөрүп.

Айы менен түн сулуу,
Аптабы менен чөл сулуу.
Айтышарга теңи жок,
Акыны менен эл сулуу.
Аяндап Барпы акынды,
Ак кагазга түшүргөн.
Аянчыл жазгыч мен сулуу.

Сузакта эки Ачы бар,
Суктанышат баргандар.
Сулуу болот кыздары,
Сулуу ойду жаратар.
Суусу туздуу болсо да,
Суусап ууртайт адамдар.
Саймадай көрктүү жергемди,
Салыштырып бейишке.
Саймалап ырдайт акындар.

Айтылып жүрөр кылымга,
Айтарым Барпы акынга.
Акындардын катарын,
Акындар менен толукта.
Ат үстүндө айтышта,
Аргымак минип чабытта.
Азуулуу акын көрүнсө,
Аян берип кол булга.
Акылы менен ыр курап,
Айтышта жетсин мураска.

Айтышарга сөз таппас,
Акылы жоктон алыста.
Адашып Барпы оңолгон,
Акынды жарга таштаба.
Ак булут болуп көкөлөп,
Аптаптан сактайт ысыкта.

Ачыдан келип Ачыга,
Ачылып ырдап турганда.
Аян берген түшүмө,
Айтканым Барпы акынга.
Айтыла берет дайыма.

Жүз отуз жашта курагың,
Жактырып ырдап турамын.
Жарткандан өзүңө,
Жүз кылым жашоо сурадым.

Суулар сууга биригер,
Суу ташкынын келтирер.
Суу жетпеген чөлдөрдө,
Сулуу шаарлар өнүгөр.

Аргымак бутун талдырар,
Адырга үйлөр салынар.
Айлап, жылдап жетпеген,
Айга адамдар барышар.

Тоо козголуп түз болор,
Туздуу сууга муз тоңор.
Түгөнбөгөн түйшүктөр,
Таңууланбай жок болор.

Таштуу жерге куш конор,
Тууганга тууган жат болор.
Тонун кийбей адамдар,
Төшү ачылып жок болор.

Кечиргин Барпы кечиригин,
Кыялга түшүп кетипмин.
Калтырак басып денемди,
Коргошундай ээрипмин.

Өтүнөм седен өтүнөм,
Өзүңсүз кантип күүлөнөм.
Өзгөгө айтпаган сырымды,
Өлбөсөм эле билдирем.

Кел, кел дүйнө кырс экен,
Капчыктууга кең экен.
Колунда дүйнө жокторго,
Колтугу тообо бош экен.

Дүнүйө ай дүнүйө,
Дүйүмүн төгөт өмүргө.
Дарыя болуп аксаң да,
Дайынсыз кылат бир күндө.

Тууруңа күндү жараткан,
Тайирбек чыккан айылыңдан.

Талпынып эми учарда,
Төрүңдөн орун аларда.
Тартып кетти Жараткан,
Төбөбүз менен жер казып.
Таппай калдык кокустан.

Күүлөнөр өмүр күүлөнөр,
Кудай деген жан келер.
Колтуктан алып өзүңдү,
Кыргызыма сүйлөтөр.
Көрбөсө да көздөрү,
Кыйындар чыгат көз берер.

Айтылар ойлор байма-бай,
Ар ким оюн ар кандай.
Ачуу сөздөн арылып,
Алдыңда турам баладай.

Ылдам экен дүнүйө,
Ылдамдыгын айтам ээ.
Ылдыйласаң кокустан,
Ыштансыз кылат бир күндө.

Айланаңды карачы,
Айтпасак болбойт чамасы.
Акыл калчап ыр жазган,
Ачыда Тагай баласы.

Күн чырайлуу карачы,
Күмүш күлкү жаратты.
Кучагыңда эркелеп,
Күлөт Тагай баласы.

Сыйлар үндөр угулат,
Сыйына неге чакырат.
Саманчынын жолунда,
Сулуу нуру чачырап.
Салсам кулак ой-тобо,
Сөздөр укмуш угулат.
Сырдуу тиктеп өзүмө,
Суугa тунуп чакырат.

Артылып камчы чаппастан,
Аргымак оозун тартпастан.
Алдыга созуп оң колун,
Алыстан келет чабарман.

Жаңылбай ырдайт карачы,
Жолдуу Тагай баласы.
Жазма акындар айлына,
Жол салат окшойт чамасы.

Берилип ырдайт карачы,
Белдүү Тагай баласы.
Билимдүүлөр айлына,
Биригет окшойт чамасы.

Мөөнөтү келсе турабы,
Манасов Тагай баласы.
Миңдеген тулпар ичинен,
Минген бейм кайра көк атты.

Чабарман бул ким десем,
Чок чачырап көзүнөн.
Чаң жугузбай ырына,
Чокусун тоонун эңсеген.
Чоң баласы Тагайдын,
Чабандес Жеңишбай экен.

Ачылып көзүм кайрадан,
Алдыга улам умтулам.
Атылган окко жеткирбей,
Айланам төкмө Барпыдан.
Ачуу душман акыл дос,
Айтканды укпа көңүл бош.
Алды артына карабай,
Ай, күндөр өтөт колу бош.

Жараткан жардам бербесе,
Жактырып мени сүйбөсө.
Жаагыңды жанып жүргүн деп,
Жаакка ырыскы бербесе.
Жакшылыкка жол издеп,
Жакшылап тилейм өмүрдө.
Жатып албай ырдаймын,
Жаагыма жомок тил бүтсө.
Жамандардан алысмын,
Жакшыларга жакынмын.
Журтума калыс сүйлөткөн,
Жүгү бар жондо намыстын.

Коштошуп эрте кетипсиң,
Кудайыма керексиң.
Кулдук уруп өзүңө,
Куран окуп күнүгө,
Калкалап сени жүрөмүн,
Курандын сообу башка деп.
Күнүгө бата тилеймин.
Кардым тойсо оокатка,
Кайрылбай алыс кетпеймин.
Кетсе кайра келбейт деп,
Касам ичип жүрбөймүн,
Кадырыңа жетемин,
Кудалашып жүрөмү.
Кандай күндө жүрсөм да,
Көсөмүм сени эстеймин.

Барпы жүргөн жерлерди,
Билгенден кабар алармын.
Бактылуу ушул заманда,
Бар болсом ырга жазармын.

Көсөмүм жүргөн жерлерди,
Кыйналсам да табармын.
Көрүп көзүм турганда,
Көздүүдөй ырга жазармын.

Ойдон, тоодон билинбей,
Отун үйлөп жол бербей.
Оору кетпей жанымдан,
Оройт кадам шилтетпей.

Тоодой болуп кирген оору,
Кум болуп чыгып кеткиче.
Жалмап үйдө болгонду,
Жин, шайтан кирет түшүмө.

Кызык жашоо чынында,
Кызыгына батканга.
Кырларын ашып Ачынын,
Кол берсең Барпы акынга.

Ойлонбой ойду айтайын,
Оюмда сенсиң Барпы акын.
Оргуштап суулар агылар,
Оозу ачылса булактын.

## КУТ БОЛСУН ЭЛИМ МАЙРАМЫҢ

*(Эгемендиктин 20 жылдыгына)*

Кут болсун элим майрамың,
Куттук айтып турамын.
Көңүлдү көккө көтөрүп,
Күлкүлүү өмүр улагын.
Кошулуп дайым биз менен,
Күнгө чейин улангын.
Кудайым күбө барына,
Көтөрүлсүн манайың.

Кыргызымдын багына,
Кылымдап узак жашагын.
Дүйнөгө кетти атагың,
Дүркүрөп өсүп жатасың.

Деңиздей толкуп бул күндө,
Деңиздей чалкып жашагын.
Бүтүндүктү улайын,
Багыма балкып турайын.

Бүгүнкү келген майрамды,
Бактылуу күн деп атайын.
Баарына кымбат бул майрам,
Багы ачылсын ылайым.

Жыйырма жашта курагың,
Жалындай турган убагың.
Жылгадан ылдый шылдырап,
Жылжып аккан булаксың.

Жаныңда турам бүгүн мен,
Жайылып сага кулачым.
Жарашык берип элиме,
Жарашып өмүр улагын.

Эгемендүүлүк жылдарың,
Эсен болсун балдарың.
Ээси сенсиң жашоонун,
Эсирбей өмүр улагын.

Жамандык эмне билбеген,
Жакшылык менен күн көргөн.
Жалал-Абаддык жердештер,
Жамгырдай төгөм ырды мен.

Ачылып бүгүн кабагым,
Ачылган күндөй ыраңым.
Айт аралаш майрамың.
Айтпай кантип турамын.

Ашуута жолдор салынды,
Аскалуу тоолор багынды.
Арыкта батпай суу акса,
Алдыртан дыйкан кубанды.
Айдаган малы үч миңдеп,
Айылда чарба жаңырды.

Айтпайын сөздүн жаманын,
Акылдуу элим байкагын.
Айттырбай келген жамандык,
Артына кайра кайтпасын.
Алдыңда турат зор майрам,
Ашынып күндө мактайын.
Аял, эркек баарың ук,
Артыла берсин атагың.
Айды арбап, жыл жорткон,
Алла берген майрамың.
Атайы келип калыптыр,
Ашыгып айтып жатамын.

Айылдын даңкын көтөргөн,
Айылдаштарга таң калам.
Ааламдын тыңшап дүбүртүн,
Акыйкатка умтулган.
Аз сүйлөп, көптү ойлонуп,
Айылды шаарга айланткан.
Ачык сөзүм силерге,
Айылдыктарга суктанам.

Эл күткөн майрам келди деп,
Эгемен күндү белгилеп.
Эрке неберелерин,
Энелер жүрөт жетелеп.

Бактылуу күндү саматкан,
Багына элдин жарашкан.
Быйылкы келген бул майрам,
Башкача экен карасам.

Эгемен күндө элим бай,
Эгемен күндө жерим бай.

Эл ичинде ырдаган,
Элди сүйгөн мен да бай.

Эгемен күндө таң сулуу,
Эгемен күндө күн сулуу.
Ээлеген шаар, кыштакты,
Эгеменчил эл сулуу.

Эгемен күндө дил таза,
Эгемен күндө тил таза.
Эгемен күндө шаар таза,
Эгемен күндө түн таза.

Кыргыз бар жерде намыс бар,
Кыргыз бар жерде жарыш бар.
Кылымга калган атагы,
Кыргыз бар жерде жеңиш бар.
Кыргыз бар жерде баары бар,
Куттуу майрам дагы бар.

# МАЗМУНУ

Араңарга туугандар Жеңиш келди.................. 5 – 138

Каректе калган көркүңдү сенин унутпай,
Кудайга деле күнөкөр болуп баратам... ...........139 – 253

Капкагын ырдын ачайын,
Калтырбай баарын чачайын... ....................255 - 276

*Адабий көркөм басылма*

Жеңиш ТАГАЕВ

**БИР ЖЫЛДА ЭКИ ЖАЗ КЕЛБЕЙТ**

*Ырлар*

*Редакциялап жана басууга даярдаган*
Самидин СТАМБЕКОВ
*Дизайнери* Хуррам ГАЗИБАЕВ

№1 Офсет кагазы. Форматы 130х210
Нускасы 500 даана. Буйрутма № 92
Жалал-Абаддагы жеке басмаканада басылды.

